Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

10

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 10-классы үчүн окуу китеби*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуштаган*

Жаңы басылышы

**Ташкент – 2022**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УДК 94(100)(075.3)
КВК 63.3(0)я72
Д 77

**АВТОРЛОР:**

**Шухрат Эргашев, Бекзат Ходжаев, Жамшид Абдуллаев, Нурхаят Хакимов**

**РЕЦЕНЗЕНТТЕР:**

**С. Шадманова** – Ташкент мамлекеттик чыгыш таануу университети Чыгыш мамлекеттеринин тарыхы жана антоaccording кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору.

**Б. Пасилов** – ТМПУ дүйнө тарыхы кафедрасынын доценти.

**Ш. Абдуллаева** – Дүйнөлүк экономика жана дипломатия университетинин академиялык лицейинин тарых мугалими.

**М. Ахролов** – Ташкент шаарынын Сергели районундагы 266-жалпы билим берүүчү мектептин тарых мугалими.

**ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:**

 – активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар.

 – терминдердин мазмуну.

 – эсте тут.


 – эске ал.

 – билип ал.

 – чыгармачыл иш тапшырмасы.

 – ойлоп көр жана логикалык жыйынтык чыгар.

 – тарыхый ой жүгүртүү.

 – интернет менен иштөө.

 – суроо жана тапшырмалар.

 – көркөм чыгарма менен иштөө тапшырмасы.

 – өз алдынча иш.

 – багыттоочу суроолор.

*Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.*

*Оригинал макет жана дизайн концепциясы*
*Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелди.*

ISBN 978-9943-8458-2-4
© Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

Англиядагы өнөр жай революциясы, башка Европа жана Түндүк Америка мамлекеттериндеги өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүүсү Азия жана Африка элдеринин турмушунда да олуттуу өзгөрүүлөргө алып келген. Колония жана көз каранды мамлекеттер өнөр жай продукциялары базары жана чийки зат базасына айландырылган. XIX кылымдын аягында башталган тарыхый доор илимде империализм атын алган. XX кылымдын башына келип Африка материгинин 90 пайыз аймагы алдыңкы Европа мамлекеттеринин колонияларына айландырылган эле. Бирок колониялар үчүн күрөш уланган, куралдануу жарышы күчөгөн. Бул окуялар талашсыз түрдө 1914-1918-жылдардагы биринчи дүйнөлүк согушуна алып келген. Согуш адамзаттын тарыхындагы Улуу географиялык ачылыштардан башталган жаңы доорго жыйынтык жасаган.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки доор “Эң жаңы тарых” деп аталган. Ал Биринчи дүйнөлүк согуштун бүтүшү – 1918-жылдан башталып, азыркы күнгө чейинки болгон доорду камтыйт. Эң жаңы доордун тарыхында салыштырмалуу көз карандысыз болгон үч баскычты бөлүп көрсөтүү мүмкүн. Биринчи баскыч – 1918-1945-жылдардын аралыгында индустриалдык коомдун социалдык-саясий системасынын кризисинин башталуу доору. Бул кризис эки дүйнөлүк согуштарда, социалистик революциялар жана улуттук-боштондук кыймылдарда, Германия, Италия, Япония, СССРде тоталитардык режимдердин орношунда, социалдык карама-каршылыктардын курчушунда көрүнгөн. Бул баскычтын маңызын коомдун өнүгүүсүнүн эки негизги моделдери – либералдык-демократиялык жана тоталитардык режимдердин ортосундагы күрөш түзөт.

Экинчи баскыч 1945-1991-жылдарды өз ичине алат. Бул баскычтын маңызын колониалдык режимдин кулашы жана көптөгөн эгемен мамлекеттердин түзүлүшү, “муздак согуш”, дүйнөнү ядролук кырсык жээгине алып келген куралдануу жарышы түзөт. Бул доор советтик тоталитардык режим менен либералдык демократиянын ортосундагы глобалдуу карама-каршылык менен мүнөздөлөт.

1991-жылдан башталган үчүнчү баскыч эл аралык мамилелерде калыптанган эки уюлдуу дүйнө системасынын кризиси, социалистик режимдин кыйрашы, СССРдин талкаланып кетиши жана мурдагы советтик республикалардын эгемен өнүгүү жолуна кириши менен башталат. Бул доор дүйнө цивилизациясынын глобалдашуусу, “үчүнчү дүйнө” мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн тездешүүсү, цивилизациялардын ортосундагы карама-каршылыктардын күчөшү менен мүнөздөлөт.


Бул китепте жаңы доордун соңку баскычы жана эң жаңы доордо болгон маанилүү окуяларды баяндоо менен бирге, коомдун өнүгүшүнүн азыркы баскычы, о.э, бүгүнкү күндө дүйнө аренасында болуп жаткан айрым окуялардын келип чыгуу себептерин анализдөө мүмкүнчүлүгүн берүүчү жана окуучуларды өз алдынча пикирлөөгө үндөөчү, алардын көз караштарын кеңейтүүгө каратылган тарыхый маалыматтар келтирилген. Бул маалыматтар дүйнө элдеринин маданиятынын ар бири өзүнө мүнөздүү жана баалуу экендигин, гумандуулук жана патриоттук принциптерин, жарандык коому жана укуктук мамлекет идеяларына негизделген жалпы адамзаттык баалуулуктарды билүүгө жардамдашат. О.э, алдыңкы мамлекеттердин тарыхый тажрыйбасын Өзбекстанда чыгармачыл колдонууга мүмкүнчүлүк берүүчү билимдерди калыптандырат.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Радионун ойлоп табылышы

1896-жылы 24-мартта орус аалымы Александр Попов Россия физика-химия коому жыйынында дүйнөдө биринчи жолу радио-телеграмманы узаткан.

1897-жылы 2-июлда италиялык аалым Гуглиелмо Маркони радио сигналдарын алыс аралыктарга узатууга жөндөмдүү курулмага патент алган.





## Кызытма лампанын ойлоп табылышы

Түрдүү материалдардан миңден ашык сыноо өткөргөн америкалык ойлоп табуучу Томас Эдисон 1879-жылда 40 саат күйүп турууучу көмүртек булалуу лампочканы жаратууга жетишкен.

## Паровоздун ойлоп табылышы

1804-жылы англис инженери Ричард Трейтвик тарыхта алгачкы паровозду конструкциялаган жана иш жүзүндө жасап да көргөн. Трейтвик долбоорлогон бул паровоз эки окто тең салмакталган цилиндрик буу казанынан турган. Салмагы 5 тоннанын тегерегинде экендигине карабай, бул паровоздун ар биринде 25 тоннадан жүк болгон 5 вагонду 8 км/саат ылдамдык менен тартып, дарекке жеткире алган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# I БӨЛҮМ

# XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИ: ИНДУСТРИАЛДЫК ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ОРНОШУ

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1-тема

# Индустриалдык цивилизациянын орношу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Жаңы доордун эң негизги өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат?
2. Индустриалдык цивилизациянын орношу алдында чыгыш жана батыш мамлекеттеринин арасындагы айырмалар эмнелерде көрүнөт?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*1895-жылы инженер В. И. Лопушинский тарабынан иштеп чыгылган жүк локомотиви*

XVIII кылымдын аягында башталган ***өнөр жай революциясы*** өнөр жайдын гана эмес, айыл чарбасынын да өнүгүүсүн белгилеп берип, бүткүл XIX кылым бою көптөгөн мамлекеттердин өнүгүшүнүн негизги мазмунуна айланып калган. Алгач Англия, анын артынан Франция, кийинчерээк АКШ, Германия, Австро-Венгрия, Италия, Россия ар түрдүү ылдамдык менен болсо да, ушул жолдон барышкан. Ошентип, аалымдар ***индустриалдык цивилизация*** деп атаган, башкы баалуулуктары техникалык өнүгүү жана адам эркиндиги болгон цивилизация XIX кылымда Европа жана АКШда толук орногон жана дээрлик эки кылым бою дүйнө элдеринин өнүгүшүнүн мазмунун белгилеп берген.

Илим жана техника багытында жетишкен ийгиликтер чарбалык турмуштун өнүгүүсүнө да чоң таасир көрсөткөн. Кылымдар бою деңиз жана океандарда сүзүп жүргөн парустуу кемелер менен бир катарда ***пароходдор*** пайда болгон. Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринин шаарлары ***темир жол*** системасы менен байланышты жана бул өнөр жай жана сооданын өнүгүүсүнө чоң түрткү болду. 1870-жылдары ***электр кыймылдаткыч, электр лампасы, телефон,*** кийинчерээк ***радио*** ойлоп табылган. 1880–1890-жылдардын башында ***электр энергиясын*** зымдар аркылуу алыс аралыкка узатуу мүмкүнчүлүгү пайда болгон, бензинде иштөөчү алгачкы ***ичинен күйүмө кыймылдаткычтар*** жаратылып, ошондон соң алгачкы ***автомобилдер***, кийин болсо ***самолёттор*** пайда болгон.

**ЭСКЕ АЛ**


*Капитализм – бул...*

Ошол доордун экономикасынын жетекчи багыттары – ***металлургия, машина куруучулук, транспорт*** тездик менен өнүккөн. ***Электротехника, химия өнөр жайы*** сыяктуу жаңы багыттар пайда болгон, алардын продукциялары адамдардын күндөлүк турмушун өзгөртө баштаган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Өнөр жай өндүрүшүнүн темптеринин өсүүсүндө айрыкча тез өнүгүп жаткан металлургиянын салмагы чоң болгон. Француз металлургу ***Пьер Мартен*** жана англис ойлоп табуучусу ***Генри Бессемерлер*** тарабынан жаратылган болот эритүүнүн жаңы усулдары аны өндүрүү көлөмүн кескин арттырып, өздүк наркын арзандаткан. Англис металлургу ***Сидней Томас*** тарабынан жаратылган суюк чоюнду тазалоо усулу болсо фосфаттарга бай темир рудаларынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жараткан жана продукциянын сапатын кескин ашырган. Натыйжада 1870-жылдан 1900-жылга чейин дүйнөдө болот өндүрүү 56 эсе өскөн. Өнөр жайда ***"темир доору"*** ордуна ***"болот доору"*** башталган.



*Биринчи радио аппараты*

XIX кылымдын соңку отуз жылы – ири өнөр жай өндүрүшүнүн тез өнүгүү доору болгон. Өнүгүүнүн жаңы баскычы өнөр жайды түзүүнүн жаңы түрлөрүн талап кылган. Бул ири өндүрүштүн кескин өнүккөн доору болуп, ал чоң финансылык сарп-каражаттарды талап кылат эле. Мындай чоң акча каражаттарын бир жерге топтоо үчүн ***акционердик компаниялары*** түзүлгөн. Бул компаниялар ири банктар жана өнөр жайчылардын өз акча каражаттарын бир жерге чогултуу мүмкүнчүлүгүн берген. Бирок ушундай түрдө пайда болгон ***финансы олигархиясы*** тезинен коомдун тар ***элиталык катмарына*** айланып, индустриалдык цивилизация орногон өнүккөн мамлекеттерде XX кылымдын башына келип экономикалык жана

## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР!

*Европада кандай негизге таянып илимий техникалык революциянын натыйжалары өнөр жай өндүрүшү темптеринин өсүүсү менен шайкеш келтирилди?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*Биринчи пароход*

саясий лидерликти колго алган. Мындай жараяндар кийинчерээк капиталисттик өнүгүү жолуна өткөн бир топ мурдагы социалисттик мамлекеттерде XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында да күзөтүлгөн.

Бул өзгөрүүлөр коомдун жашоосунда, адамдардын күндөлүк турмушунда кандай көрүндү?

Оболу, жаңы доордун адамы калыптанган. XVIII кылымда пайда болгон адамдын табигый ажырагыс укуктары жөнүндөгү окуу коомдун жашоосунда дагы да кеңирээк көрүнө баштаган. Саясий режимдер өзгөрдү, абсолюттук монархиялар өтмүштө калып кетти жана ордун чектелген (конституциялык) монархияларга жана республикаларга бошотуп берди.

## ЭСТЕ ТУТ



*XIX кылымдын 70-жылдарында электр кыймылдаткыч, электр лампасы, телефон, кийинчерээк радио ойлоп табылган.*

*П. Мартен жана Г. Бессемерлер тарабынан болот эритүүнүн жаңы усулдары ойлоп табылган.*

Парламент ишмердүүлүгү мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтери бири-биринен ажыратылган укуктук мамлекеттин калыптануусуна жардамдашкан. Мындай мамлекеттерде жеке инсандын укугу кепилденген, жарандардын мыйзам алдында теңдик принциби орнотулган.

Укуктук мамлекет жарандык коомдун өнүгүүсүн камсыздаган. Ал адамдардын жашоосуна төмөнкү өзгөрүүлөрдү алып келген: а) өздүк эркиндиктер кеңейген; б) феодалдык көз карандылыктан азат болуу жараяны уланган; в) жергиликтүү башкаруу органдары калыптанган; г) союздар жана саясий партиялар түзүлгөн; д) аялдардын эркектер менен тең укуктуулугун камсыздоо үчүн күрөш алып барылган; е) ыйман эркиндиги жарыяланган жана кепилденген.

Илим-билимде өтө чоң өзгөрүүлөр болгон. Аны өндүрүштүк күчкө айландыруунун узакка созулган жараяны XX кылымда ***илимий-техникалык революцияга*** алып келген. Мына ошентип илим-билим коомду алга сүрөөчү кудуреттүү күчкө айланган.

Илимдеги ойлоп табуулар өнөр жай жана айыл чарбасына колдонулду. Темир жолдор, пароходдор, автомобилдер, самолёттор, электр жарыткычтар, телефон,

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

телеграф жана башка көптөгөн ойлоп табуулар адамдардын жашоосун таптакыр өзгөртүп жиберди.

Илим-билимдин ийгиликтеринен илхам алган бул доордун адамдары табиятты баш ийдирүүгө, адамдын чексиз мүмкүнчүлүктөрүн ишке салууга, адамдын табиятынын өзүн идеалдаштырууга умтулуп жашашкан. Натыйжада диндин адамдын аң-сезимине таасири басаңдаган, көп мамлекеттерде светтик (диний эмес) билим берүү жолго коюлуп, диний мекемелер мамлекеттен, билим берүү жараяны динден ажыратылган. Светтик мамлекет, мектеп, илим жана маданият калыптанган. Светтик мамиле, ***секулярдык***, ынаным эркиндиги адамдын көз карашынын, эркин жеке инсан катары өзүн таанып билүүсүнүн негизин түзгөн.

Индустриалдык мамлекеттер колониалдык империяларды түзүп, Азия, Африка жана Латын Америкасын таасир аймактарына бөлүп алууга умтулушкан. Бул доор Батыш цивилизациясынын ***экспанция***сы доору, Азия, Африка жана Латын Америкасы элдеринин саясий жана экономикалык гана эмес, цивилизациялык көз карандылыгынын да башталуу доору болгон.

Бул доордо Батыш коомунун курамы өзгөргөн, калктын жаңы катмарлары пайда болгон. Адамдын өзү, ички дүйнөсү жана жашоо мүнөзү да өзгөргөн. Анын негизги баалуулуктары эркиндик жана жеке эркиндик болуп калган.

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Индустриалдык цивилизация** – бул социалдык турмуш үчүн маанилүү роль ойноочу коом. Жаңы доордо калыптанган базар мамилелери, саясий жана социалдык теңдик, укуктук мамлекет, диний кең пейилдүүлүк, адам укуктары, жалпы адамзаттык баалуулуктар сыяктуу түшүнүктөр индустриалдык цивилизациянын негизги белгилери болуп эсептелеген.

**Секулярдык** – өкмөт жана башка укук булактары диндин ар кандай түрүнөн обочолонгон болушу керектиги жөнүндөгү түшүнүк.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында капитализмдин өнүгүүсүндө болгон түпкү өзгөрүүлөр эмнелерден турат?**
2. **XIX кылымдын аягы жана XX кылым бою илимий-техникалык революцияга алып келген ачылыштарды тартип номери, мамлекети, жылы, ачылыштын түрү түрүндө жадыбал абалына келтир.**
3. **Кандай факторлор XX кылымда илимий-техникалык революцияга алып келген?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2-
тема

# “Дагы да Улуу Британия” үчүн: жаңы экономикалык жана идеологиялык системанын пайда болушу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Дүйнө тарыхында биринчи парламент кандайча пайда болгон?
2. “Материкти курчоо” саясаты Улуу Британия үчүн кандай кесепеттерге алып келген?
3. Улуу Британияда туруктуу жарандык коомун калыптандырган факторлорго мисалдар келтир.

Все учебники Узбекистана на

Наполеон согуштарынын аякталышы Европада өнүгүүнүн жаңы баскычын баштап берген. Бул доордо Англия узак жылдар дүйнө саясатында жетекчи орунду ээлеп келген, “дүйнө устаканасы” деген ат алган, биринчи мамлекетке, дүйнөнүн финансылык борбору жана либералдык коомдун үлгүсүнө айланган.

XIX кылымдын ортолоруна келип Англияда туруктуу жарандык коому калыптанган. Революцияны жактоочу радикалдык күчтөр саясий жараяндардан четтетилген – Англия өнүгүүнүн ***эволюциялык жолун*** тандаган.

Бул доордогу экономикалык өнүгүү ишчилерге өз абалдарын жакшыртуу үчүн күрөшүү мүмкүнчүлүгүн берген. Профсоюздардын иш убактысын кыскартуу жана өз ишмердүүлүктөрүн легалдаштыруу үчүн күрөшү алардын сабынын сезилерлүү кеңейүүсүнө алып келген. Ошол доордо көпчүлүк ишчи мекемелер көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун революциялык кыймылдан эмес, реформадан издөө зарыл деп эсептешкен.




*Эл аралык социалистик ишчилер жана профсоюздардын конгресси, Лондон, 1896-жыл*

**ЭСКЕ АЛ**

*Жарандык коому – бул...*

Бирок XIX кылымдын 70-жылдарына келип Англия өнөр жайдын өнүгүү темптери боюнча Германия жана АКШ сыяктуу жаш өнөр жай мамлекеттеринен артта кала баштаган. Өнөр жайдын жаңы багыттары болгон химиялык өндүрүш жана электротехникада да англичандар Германия жана АКШдан сезилерлүү даражада артта калган.

Англия өнөр жайы салыштырмалуу жай өнүгүшүнүн негизги себеби анын техникалык жардылыгында эле. Жаш капиталисттик мамлекеттер – Германия жана АКШда өнөр жай ишканалары өз доорунун эң алдыңкы техникасынын негизинде курулуп жаткан, Англияда болсо өнөр жай кыйла мурда пайда болгондуктан, көптөгөн завод жана фабрикалардын станоктору эскирип калган эле.

XX кылымдын башына келип АКШ дүйнөнүн биринчи өнөр жай мамлекетине айланган. Германия өнөр жайы да бир топ маанилүү багыттар, мисалы, металлургияда чоң тездик менен Англияны кууп өтө баштаган. Германия соода багытында да чоң атаандаштыкты пайда кылган. XIX кылымдын аягында эле немистердин арзан товарлары Англия жана анын колонияларынын базарларына кирип келген.

Ушундай түрдө Англия дүйнөнүн биринчи өнөр жай мамлекети статусун жоготкон жана биринчи дүйнөлүк согушу алдында ***“Pax Britanica” (Пакс Британика «Британия дүйнөсү»)*** доору өз аягына жеткен.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок XX кылымдын башында да Англия дүйнөнүн эң бай мамлекети болуп калган. Бул доордо өнөр жайы өнүккөн мамлекеттер Англия сыяктуу ири капиталга ээ эмес эле.

Биринчи дүйнөлүк согушу алдында беш ири банк финансы базарында жетекчилик кылчу, алар Лондондун борбордук кварталы – Ситиде жайгашкан болуп, бүткүл дүйнө бойлоп филиалдарга ээ эле. Бул банктар өз капиталдарын бүткүл дүйнө бойлоп пайдалуу багыттарга жайгаштырган жана бул жараян капитал экспорту деп аталган. Англия өнөр жай өндүрүшүндө артта калган сайын **капитал экспорту** чоң мааниге ээ болуп, пайда алуунун маанилүү булактарынан бирине айланып барган.


**БИЛИП АЛ**

*XIX кылымдын 70-жылдарында Биринчи өнөр жай мамлекети статусу – бул ...*

*XX кылымдын башында ...*

Бул доордо да Улуу Британиянын экономикасы колониалдык мүнөзгө ээ болуп кала берген. Британия империясынын аймагы 1884-жылдан 1900-жылга чейин 30% га кеңейген, калкы бир жарым эсе көбөйгөн. Биринчи дүйнөлүк согушу алдында англис колонияларында 400 млн. адам жашачу.

Колониялар үчүн болгон согуштардын эң ириси 1899-1902-жылдардагы англис-бур согушу болгон. Бурлар голландиялык революциячылардын муундары болуп, алар Түштүк Африкада Трансвааль жана Оранж аттуу эки республика түзүшкөн жана ал жерлерде негизинен чарбачылык менен алектенишчү. Англия узакка созулган согуштан соң, 1902-жылы бул эки республиканы да баш ийдирген.




*Жип ийрүү ишканасы*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Кандай себептерден улам Улуу Британия дүйнөнүн биринчи өнөр жай мамлекети статусун жоготкон?*



*Өнөр жай революциясы доорунда ишкананын ишчилери*

Англиянын колониалдык умтулуулары дүйнө коомчулугу тарабынан караланган. Бул болсо анын эл аралык аренада аброюнун түшүп кетишине алып келген.

Колонияларда жергиликтүү калк ырайымсыз иштетилген, алардын жерлери тартып алынып, өздөрү колониалисттердин пайдасына иштөөгө мажбур кылынчу. Оор салыктар, өтө төмөн иш акы калктын жакырлашуусуна жана бүтүндөй бир элдердин кырылып кетүүсүнө алып келген. Көптөгөн англис колонияларында ***жергиликтүү калк*** толук кырылып кеткен. Бул жерлердин калкын эми европалыктар, негизинен англистер түзө баштаган. Мындай колониялар XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында автономияларга ээ болгон. Алар эми **доминиондор** деп атала баштаган. Канада, Жаңы Зеландия, Австралия мына ошондой доминиондордон болгон.

Англия өнүгүүнүн эволюциялык жолун тандагандыктан, парламент жана шайлоо реформалары улантылган. 1868-жылы шаарларда ишчилердин бир бөлүгү шайлоо укугуна ээ болгон. Тез арада бул бардык графтыктарга киргизилген. XX кылым башына келип коомдук палатанын үстөмдүүлүгү так белгилеп коюлган, лорддор палатасынын укуктары болсо чектелип барган.

Империяга 64 жыл бийлик жүргүзгөн ханыша **Виктория** 1901-жылы каза болгон жана тактыга анын чоң уулу **Эдуард VII** келген. Эдуард VII англис дипломатиясында өкүм сүргөн “укмуш изоляция” саясатын жойгон. Король саясатынын ийгилиги катары Англия менен Франциянын ортосундагы мамилелердин жакшыруусун айтуу мүмкүн. Россия менен да келишимге кол коюлган. Эдуард VII доору Англия тарыхында ***“Укмуш доор”*** деп аталган.

Виктория доорунун “унутулган атактуу” жазуучусу **Жозеф Редярд Киплинг** “дагы да Улуу Британияны жаратуу” идеясынын демилгечилеринен бири болгон. “Маданияттан артта калган” элдерге ак денелүүлөр гана жардам бериши мүмкүндүгүнө Киплинг чын дилден ишенген. Жазуучунун бул көз караштары “Ак денелүүлөрдүн жүгү” деп аталган ырында чагылдырылган. Киплинг өзүнүн бул ыры, турмуштук философиясы жана англичандардын цивилизациялык миссиясына туруктуу ишеними менен Чарльз Дильк, Жон Сили жана Сесил Родс сыяктуу империя жарчыларынын катарынан орун алган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Улуу Британиянын колониалдык согуштары жана анын натыйжалары кандай кесепеттерге алып келген?*

Алар империя жөнүндөгү мифти жаратышкан. Бул мифтин борборунда британиялыктардын башкаруусу эң жакшы башкаруу усулу экендиги жөнүндөгү түшүнүк жаткан. Ошол доор англичандарынын ою боюнча, азиялык жана африкалыктар өз мамлекеттерин өз алдынча башкаруу жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү эмес. Азия жана Африка мамлекеттеринин ички иштерине англичандардын аралашуусу, өкмөттөрдү кулатышы көбүнчө бул мамлекеттердеги саясий системанын кемчилдиктерин жоюу катары каралган.

Кыскасы, бул доордо Англия дүйнөнүн жетекчи империяларынан бири болуп калып жаткан болсо да, империянын мурдагы кудурети соолуп баратканын, жаңы доорлор башталып жатканын англис коому да туюп жаткан эле.

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗМУНУ

**Pax Britanica** (латынча, Пакс Британика “Британия дүйнөсү”) – Улуу Британиянын 1815-жылдагы Ватерлоо кармашуусунан баштап биринчи дүйнөлүк согушка чейинки деңизде жана эл аралык мамилелердеги бийликчил доору.

**Доминион** (көз каранды жер) – англис королун (ханыша) мамлекеттин башчысы деп таанып келген жана Британия империясынын курамында болгон мамлекет.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **XX кылымдын башында Улуу Британия өнөр жайынын өнүгүү темптери эмне себептен акырындаган?**
2. **Капитал экспорту түшүнүгүнүн мазмуну эмнелерден турган?**
3. **Ханыша Виктория жана анын чоң уулу Эдуард VII башкаруусу жылдарында Улуу Британия тышкы саясатында кандай өзгөрүүлөр болгон?**
4. **Жозеф Редярд Киплинг өз чыгармалары менен Улуу Британия тарыхынын кайсы өзгөчөлүктөрүн чагылдырган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3-
тема

# Франция жана Германия: Европада лидерлик үчүн күрөш

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Генерал штаттар качан пайда болгон?
2. Германия үчүн Вена конгресси кандай кесепеттерге алып келген?
3. «Франциянын тарыхында Наполеон Бонапарт» темасында беш минуттук эссе жаз.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Париж калкынын козголоң көтөрүшү*

## ФРАНЦИЯ

Францияда Экинчи империя 1870-жылга чейин болгон. Ошол жылы башталган Франция-Пруссия согушу алгачкы беттешүүлөрдөн эле Франция армиясынын согушка жарамсыздыгын көрсөткөн. Бир нече оор кагылыштардан соң француздар жеңилген, император **Наполеон III** туткунга алынган.

Бул кырсык бүткүл Парижди бутка тургузган. Бийлик өздөрүн "улуттук коргонуу" өкмөтү деп атаган бир топ саясатчылар жана аскер адамдарынын колуна өткөн. Жаңы өкмөт өзүнүн бүткүл көңүлүн Пруссия менен келишүүгө бурган, анткени экономикалык кыйроо, элдин жардылыгы себеп келип чыккан революциялык кырдаалдан корккон өкмөт ар кандай болушуулардын эсебинен болсо да келишүүгө даяр эле.

**ЭСКЕ АЛ**

*Жаңы доордо Батыш Европада Франция менен Германиянын мамилелеринин курчушуна эмне себеп болгон?*

Алты айдан бери пруссттар армиясы тарабынан курчоого алынган Париж шаарынын ишсиздик жана ачарчылыктан азап тартып жаткан эли 1871-жылы мартта козголоң баштаган. Улуттук гвардияга бириккен пролетариат **Коммуна**ны түзгөн жана анда өздөрүнүн эзелки максаттары – социалдык республика принциптерин орнотмокчу болушкан.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Коммуна туруктуу армияны жокко чыгарган. Буржуа соту да жоюлган. Чиркөө мамлекеттен ажыратылган. Жетекчи органдардын шайлап коюлушу жөнүндөгү декрет кабыл алынган. Коммунаны таанымаган эски чиновниктердин баары кызматынан четтетилген.

Коммуна Франциянын мамлекеттик түзүлүшүн кайра куруу планын иштеп чыккан жана жарыялаган. Планга ылайык, Франция Париж Коммунасы тибиндеги эркин коммуналарды бириктирген республика болушу керек, шаарлар жана эң кичине айылдар да өзүн-өзү башкаруунун толук укугуна ээ болушу жана бул укуктар коңшу коммуналардын ушундай укуктары жана мамлекеттин кызыкчылыктары менен гана чектелиши мүмкүн эле.

Бардык аракеттерге карабастан, француз жана прусс армиялары тарабынан курчап алынган Париж Коммунасы 72 күндүк кызуун ишмердүүлүгүнөн соң 28-майда кулаган. Он миңдеген адамдар өлтүрүлгөн, камалган, сүргүн кылынган. Жалпы эсепте Париж өзүнүн 100 миң уул-кызынан айрылган.

*Франциянын императору Наполеон III*

Париж Коммунасынан кийин Францияда республика режими толук орнотулган. Монархияга кайтуу эми мүмкүн эмес эле: калк жана буржуазиянын чоң бөлүгү кандайдыр бир түрдөгү монархияны башка каалабаган. Ошол себеп Францияда 1870-жылы 4-сентябрда жарыяланган Үчүнчү республика Экинчи дүйнөлүк согушуна чейин жашаган.

1875-жылдагы Франция конституциясынын мүнөзү акыр аягында мамлекеттин экономикалык жана социалдык турмушунда болгон өзгөрүүлөр менен белгиленген. Бул өзгөрүүлөрдүн арасында ири машина өнөр жайына өтүүнүн аяктагандыгы өзгөчө мааниге

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР!**

*Франция-Пруссия согушу жана Париж Коммунасынын 72 күндүк ишмердүүлүгү Европанын тарыхында кандай орун туткан?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


ээ болуп, ал жаңы тарыхый доордун кирип келе жаткандыгынан кабар берген.

Бүткүл XIX кылым бою Франция өнөр жай өндүрүшүнүн даражасы боюнча Англиядан кийинки экинчи орунду ээлеп келген. Кылымдын аягына келип болсо жаш капиталисттик мамлекеттерден болгон АКШ жана Германиядан да артта калып кеткен. Өнүгүү даражасынын акырындоосу Франция экономикасынын белгилеринен бирине айланган. Ошентсе да, Франция банктары кылымдын аягында өтө чоң финансы капиталына ээлик кылган. Бул банктардын концентрациялашуусу, алардын өнөр жай менен кошулуп кетишине жана финансы капиталынын калыптануусуна алып келген. Финансы олигархиясы мамлекеттин экономикалык жана саясий турмушунда негизги күчкө айланган.

**ЭСТЕ ТУТ**

*Париж Коммунасы 72 күндүк кызуун ишмердүүлүк алып барган.*

*1870-жылы 4-сентябрда Францияда Үчүнчү республика жарыяланган.*



*Париж Коммунасынын жыйыны*

XX кылымдын башына келип Франция дүйнөнүн эң кудуреттүү мамлекеттеринин катарына кирсе да, революциялар жана согуштардагы өтө чоң жоготуулар себеп өнүгүү темпи барган сайын төмөндөп бара жаткан эле.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ГЕРМАНИЯ

Франция-Пруссия согушу пруссиялыктардын жеңиши менен аяктаган соң, 1871-жылы январда Пруссиянын императору **Вильгельм I** Версал сарайынын салабаттуу айнектүү залында Германиянын императору деп жарыяланган. Мамлекетти бириктирүү үчүн алып барылган узак жылдык күрөш аяктаган.

Немистер кубанып жатышты. Анткени Бисмарк мамлекетти бириктирүүгө жетишкен. Түштүк герман мамлекеттери менен келишимдерге кол коюлган. 1871-жылдын жазында биринчи империя рейхстагы конституция кабыл алынган. Конституция Пруссиянын империядагы лидерлик ролун чыңдаган. Германия тез өнүгүп жаткан эле, анын өнөр жай товарлары бардык материктердеги базарларга кирип барган эле. Кана айтчы, мындай ийгиликтин сыры эмнеде эле?

Эң оболу, бул мамлекеттин бириктирилиши жана натыйжада бирдиктүү ички базардын калыптануусу менен байланыштуу эле. Бажы чек аралары жок болгон, бирдиктүү акча бирдиги, салмак жана узундуктун бирдиктүү эсептөө системасы киргизилген. 1871-жылдан 1875-жылга чейин мамлекетте көптөгөн өнөр жай компаниялары жана банктар пайда болгон.

XIX кылымдын 90-жылдарында Германия чоң экономикалык секирикти ишке ашырган. Өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү боюнча эгерде 1870-жылы дүйнөдө төртүнчү орунда болсо, 1880-жылы үчүнчү, 1913-жылы болсо АКШдан кийинки экинчи орунга чыгып алган. Ири өнөр жай банктарын жана корпорацияларды түзүү жараяны уланган. Алардын кээ бирлери монополияларга айланышкан. Ири корпорациялар эң оболу оор өнөр жайда түзүлгөн. Өнөр жайдын бир же бир нече багытын көзөмөлдөөчү өнөр жай магнаттары жана иш билги банкирлер пайда болгон.

Айылдарда катмарлануу жараяны тез уланган. Көпчүлүк шаарларга кетүүгө аргасыз болгон. Эгерде 1871-жылы Германия калкынын 1/3 бөлүгү шаарларда жашаган болсо, 1910-жылга келип 2/3 бөлүгү шаарларда жашачу.

Германия индустриалдык мамлекетке айланган.

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Германия активдүү колониалдык саясат жүргүзгөн. Император **Вильгельм II "жаңы курсту"** жарыялаган, Европада лидерликке умтулуу, Африка, Азия жана Океанияда таасир чөйрөлөрүн кайрадан бөлүү бул курстун негизин түзгөн. Германия колониялар "адилетсиз" бөлүнгөн деп эсептечү. Ал эң өнүккөн мамлекеттердин катарынан орун алган жана колониялардан өз экономикалык кудурети жана саясий аброюна татыктуу үлүш талап кыла баштаган. Муну болсо чоң согушсуз чечүүнүн аргасы жок эле.

Ушундай түрдө Германия чоң согушка даярдык көрө баштаган.



*Наполеон III нүн багынуусу*

**ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ**

*XIX кылымдын 70-жылдарында Германия кандай факторлор себеп тез өнүккөн?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Германия императору Вильгельм I*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Париж Коммунасы** – 1871-жылдын 18-мартынан 28-майына чейин Францияны башкарган убактылуу өкмөт.

**Декрет** – жогорку бийлик же башкаруу органы чыгарган жана мыйзам күчүнө ээ болгон маанилүү токтом.

**Концентрация** (латынча *con* – “чогуу” жана *centrum* – “борбор”) – кандайдыр бир нерсенин конкреттүү бир жерге топтолушу.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Франция-Пруссия согушу ар эки мамлекет үчүн кандай аяктаган?**
2. **Париж Коммунасы ишке ашырган реформалар Франциянын кийинки өнүгүүсү үчүн кандай мааниге ээ болгон?**
3. **Кайсы тарыхый окуя менен Германияны бириктирүү үчүн алып барылган узак жылдык күрөш аяктаган?**
4. **Император Вильгельм II жарыялаган “жаңы курстун” маңызы эмнелерден турган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4-
тема

# Чыгыш Европа жана Россия: коомду реформалоонун көйгөйлөрү

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Чыгыш Европа мамлекеттерине кайсы мамлекеттер кирет?
2. Австро-Венгрия империясынын күчсүздөнүшүнө себеп болгон факторлор эмнелерден турат?
3. Жаңы доордо Россия империясынын ички жана тышкы саясаты жөнүндө эмнелерди билесиң?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Австрия-Венгрия императору Франс Иосиф I жана анын үй-бүлөсү*

## ЧЫГЫШ ЕВРОПА МАМЛЕКЕТТЕРИ

**ЭСКЕ АЛ**

*Россия империясы качан түзүлгөн?*

XIX кылымдын аягында Чыгыш Европага Балкан мамлекеттери, о.э, Австро-Венгрия жана Россия империяларынын бир бөлүгү кирген.

XIV–XV кылымдарда Балкан мамлекеттеринде орнотулган Түркиянын бийлиги XIX кылымга чейин, кээ бир аймактарда XX кылымга чейин сакталып калган. 1878-жылы Россиянын көмөгүнө таянган **Сербия** өз эгемендигин жарыялаган. Ушундан соң Сербия тез өнүккөн жана Россияга дагы да жакындап барган. Бирок калкы сербдерден турган жана Сербия менен биригүү эзелки максаты болгон эки ири аймак – **Босния** жана Герцеговина 1908-жылы Австрия тарабынан аннекцияланган.

**Австро-Венгрия** империясы 1867-жылы эки мамлекет – Австрия жана Венгрия бийлик чөйрөлөрүнүн бүтүмүнүн негизинде түзүлгөн эле. Ага чейин **Чехия, Моравия, Галиция** жана **Буковина** Австриянын курамына, **Словакия, Хорватия** жана **Трансильвания** Венгрия мамлекетинин курамына кирчү.

Ошол жылы империянын конституциясы кабыл алынып, ага ылайык Австриянын императору бириккен империянын падышасы болгон. Габсбургдардын династиясы 1918-жылга чейин тактыда отурган.

XIX кылымдын акыркы чейрегинде Австро-Венгрия империясы Европанын эң жарды мамлекеттеринен бири болуп, сакталып калган феодалдык мамилелер өнөр жайдын өнүгүүсүнө тоскоол болуп жаткан эле. Кылымдын аягына келип калкынын үчтөн бир бөлүгү гана шаарларда жашаган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР!

*Австро-Венгрия империясы Европанын эң жарды мамлекеттеринен бири болуп калышына себеп болгон факторлорду тап. Оюңду логикалык тартипте инфографика түрүндө туюнт.*

Бул доордо Чыгыш Европанын империянын курамына кирген элдеринин арасында улуттук-боштондук кыймылдары да күчөгөн. 1912-жылы башталып кеткен экономикалык кризис империянын абалын дагы да оордоткон. Ушундай абалда *Австро-Венгрия* Биринчи дүйнөлүк согушка кирип келген.



## РОССИЯ

Россия, XIX кылымдын 60–70-жылдарында өткөрүлгөн реформалар – крепостнойлук укуктун жоюлушу, жер реформасы, финансы, университет, мектеп, басма сөз реформалары жана башкалар мамлекеттин жаңы – буржуача өнүгүү курсун белгилеп берген.

XIX кылымдын 80-90-жылдарында Россия өнөр жай өндүрүшүндө бир топ ийгиликтерге жетишкен. XIX кылымдын 90-жылдарына келип Россияда өнөр жай төңкөрүшү аяктаган жана мамлекет өндүрүштүн жалпы көлөмү боюнча дүйнөнүн беш эң ири индустриалдык мамлекеттеринин катарына кошулган.

*Орус императору Александр II*

## 1905-1907-жылдардагы Биринчи орус революциясы

1905-1907-жылдардагы Биринчи орус революциясы Россияда өнүгүп жаткан капиталисттик коом менен эзүүчү падышалык режимдин ортосунда чоң карама-карышылык бар экенин, калк эми эскиче жашоону каалабастыгын көрсөткөн.

Революция өз алдына койгон милдеттерге ылайык буржуа революциясы болуп, оболу крепостнойлук калдыктарын жок кылууга каратылган эле. Бул милдеттер өтө маанилүү, анткени, алар Россиянын калкынын бардык катмарларынын кызыкчылыктарына толук төп келчү. Ошондуктан революция жараянында калктын өтө кеңири катмарлары катышкан.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 1905–1907-ЖЫЛДАРДАГЫ РЕВОЛЮЦИЯНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

| Өзгөрүүлөр | Революцияга чейин | Революциядан кийин |
|---|---|---|
| **Самодержавие** | Эч ким жана эч нерсе менен чектелбеген эле. | Мамлекеттик Кеңеш жана Мамлекеттик Дума менен чектелген. |
| **Калктын негизги катмарлары** | Саясий эркиндиктер-ден ажыраган болчу. | Саясий эркиндиктерге, алсак, жеке инсандын кол тийгистигине ээ болгон. |
| **Эмгек шарттары** | Жумушчуларды экс-плуатациялоо жогорку даражада эле. | Эмгек акысы көтөрүлүп, иш убактысы 9-10 саатка чейин кыскартылган. |

## Тышкы саясат

**1905**-1907-жылдардагы революция аяктабай калган. Ал өз алдына койгон олуттуу көйгөйлөрдү чече албаган: падыша бийликте калган, бийликчил катмар өзгөрбөгөн, бюрократия жоюлбаган, коррупция ого бетер күчөгөн, адамдардын жашоо деңгээли төмөндөп кеткен ж.б. Бирок бул революция Россиядагы экинчи – 1917-жылдагы февраль революциясы үчүн киришүү болгон, анткени, 2-революциянын натыйжалары 1-революциянын уландысы эле.



**БИЛИП АЛ**

*Габсбургдар династиясы ...*

*Россияда XIX кылымдын 60-70-жылдарында өткөрүлгөн реформалар бул ...*

*Европанын жолун кайталоо...*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маданият

Россиянын турмушунда XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында болуп өткөн бардык өзгөрүүлөр: реформалар жасоого аракет, мамлекетти индустриалдаштыруу үчүн аракет, крепостнойлук укукка каршы күрөш жана анын жоюлушу, социалдык карама-каршылыктар жана революциячыл кыймылдар – булардын бардыгы адабият жана искусстводо өз маанисин тапкан. Эгерде калган бардык багыттарда Россия Европанын артынан бара жаткан болсо, XIX кылымда орус адабияты жана искусствосу бүткүл дүйнөгө өз таасирин өткөрө баштаган. Бул доордо адабиятта **Ф.М.Достоевский, Л.Н.Толстой** жана **А.П.Чехов** сыяктуу генийлер чыгармачылык кылган. Ошол доордогу орус композиторлору – **М.П.Мусоргский, П.И.Чайковский** жана **Н.А.Римский-Корсаков**дордун чыгармалары дүйнөлүк музыка өнөрүнүн берметтеринен саналган.

Кыскасы, бул доордо Россия коомундагы чечилбеген олуттуу көйгөйлөр аны Биринчи дүйнөлүк согушта катышууга үндөгөн. Бул болсо Россиянын демократиялык өнүгүү жолунан баруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жана жетимиш жылга созулган коммунисттик режимге жол ачып берген.

### ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Аннекция** – башка бир мамлекеттин аймагын бүткүл же бир бөлүгүн ээлеп алуу же өз мамлекетине кошуп алуу саясаты.

**Бюрократия** – алгач өкмөттүк ишкана жетекчилери жана чиновниктеринин бийлигин, кийинчерээк коомдун түрдүү багыттарында пайда болгон ири ишканалардагы кызматчылардын катмарын да чагылдырган.

**Самодержавие** – Россияда падышанын чектелбеген эзүүчү бийлиги жана ушундай бийликтин негизине курулган мамлекеттик режим.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Сербия качан жана кайсы мамлекеттин жардамына таянып өз эгемендигине жетишкен?**
2. **Австро-Венгрия империясында экономиканын кайсы багыттары тез өнүккөн?**
3. **1905–1907-жылдардагы орус революциясына себеп болгон негизги факторлор кайсылар?**
4. **XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Россиянын маданий турмушундагы негизги өзгөрүүлөр жөнүндө айтып бер.**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




5-
тема

# Эки түрдүү Америка: Түндүк жана Түштүк Америкадагы өнүгүүнүн багыттары

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. АКШ качан өз эгемендигин жарыялаган?
2. Түштүк Америка мамлекеттери кайсы Европа мамлекеттеринин колониялары болуп эсептелген?
3. Эмне деп ойлойсуң: Түндүк жана Түштүк Америкадагы өнүгүү багыттары эмне себептен бири-биринен түптөн айырмаланат?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



АКШ Президенти Вудро Вильсон

## АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ

АКШда 1861-1865-жылдарда болуп өткөн Жарандар согушу өз мазмунуна көрө буржуа-демократиялык революция эле. Ал АКШнын социалдык-экономикалык өнүгүү маселелерин, алардын ичинде эң маанилүүлөрүнөн бири болгон кулчулуктун тагдырын буржуача рухта чечкен. Натыйжада өнөр жай тез өнүккөн, айыл чарбасында болсо капитализмдин өнүгүүсүнүн эркин фермерликке негизделген "Американча" жолу орун алган.

Жарандар согушунан соң Батыштагы кең аймактарды өздөштүрүү жана бул жараян менен байланыштуу темир жол жана шоссе жолдору, каналдар жана порттордун курулушу өнөр жайдын өсүүсүнө, кең ички базардын калыптанышына алып келген. Америка буржуазиясы Европа капиталы жана алдыңкы мамлекеттердин техникалык ийгиликтеринен натыйжалуу пайдаланган. Европа жана Азиядан келе жаткан миллиондогон иммигранттар өнөр жайды зарыл болгон жумушчу күчү менен камсыздап турган. Өнөр жай продукцияларынын жалпы көлөму боюнча Америка Кошмо Штаттары 1894-жылы бардык капиталисттик мамлекеттерди кууп өткөн жана дүйнөдө биринчи орунга чыгып алган.

### ЭСКЕ АЛ

*АКШ "Эгемендик декларациясынын" автору...*

## АКШ "прогрессивдүү эра" жылдарында



АКШ жаңы кылымга экономикасынын көптөгөн багыттарында биринчиликке умтулуп жаткан, тез өнүгүп жаткан мамлекет катары кирип келген. 1901-жылы АКШда президенттик кызмат ордун **Теодор Рузвельт** ээлеген. Көп убактан бери мамлекетти мындай чечкиндүү, жаркын жана күчтүү инсан башкарбаган эле. Ал өз ишмердүүлүгүн мамлекетте реформалар өткөрүү зарылдыгына калкты ишендирүүдөн баштаган.

1912-жылдагы шайлоолордо демократтардын өкүлү, белгилүү тарыхчы, мамлекеттүүлүк жана эл аралык мамилелер боюнча адис **Вудро Вильсон** жеңип чыккан. Ал туруктуу реформалардын жактоочусу катары өтө тез таанылган; коомго өзү ***"жаңы эркиндик"*** деп аталган саясий программасын сунуштаган.

В.Вильсондун программасынын талкуусу Европада Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышына туура келген. АКШ али согушка түздөн-түз тартылбаган болсо да, согуш фактору ички саясатка да сезилерлүү таасир көрсөткөн.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*АКШнын өнүгүүсүнө себеп болгон негизги факторлорду тап. Пикириңди логикалык удаалаштыкта чийме түрүндө туюнт.*

## Тышкы саясат

Өзүнүн чоң ички мүмкүнчүлүктөрү жана Россиядан сатып алынган Аляска жарым аралын өздөштүрүү менен алек болгон АКШ колонияларды ээлөө жана өз таасир чөйрөсүн кеңейтүүгө Европа мамлекеттеринен кийин киришкен. Мында АКШ көңүлүн Латын Америкасы, Кариб деңизи жана Тынч океанынын жээктеринде жайгашкан мамлекеттерге бурган.

1889-жылы АКШнын демилгеси менен Вашингтондо **I Панамерикалык конференция** чакырылган. Конференциянын жыйынтыгында “Америка республикаларынын жыйыны” эл аралык ассоциациясы түзүлгөн. Ушундай түрдө АКШнын Батыш жарым шар мамлекеттеринин үстүнөн жеке бийлигине багытталган панамерика саясаты калыптанган.

Ушундан соң АКШ Тынч океанындагы Азияга алып баруучу жолдордун кесилишинде жайгашкан **Гавай аралдарын** басып алган жана XIX кылымдын аягында дүйнөнүн ири деңиз мамлекетине айланган. 1898-жылы Испания менен болгон согушта жеңип, Пуэрто-Рико, Гуам аралдарын кошуп алган, о.э, Филиппин АКШ колониясына айланган, Кубанын үстүнөн да АКШ көзөмөлү орнотулган.



*1880–1890-жылдарда Нью Йорк шаарынын көрүнүшү*

## Маданият

АКШда маданият мамлекеттин этникалык ар түрдүүлүгүнө шайкеш түрдө калыптанган. Ага Ирландия, Германия, Италия, Польшадан келген эмигранттар, Африкадан келтирилген кулдардын муундары, о.э, Америка индеецтери жана Гавай аралдарынын калкы чоң таасир көрсөткөн. Бирок АКШ маданиятынын негизин англис тилдүү эл белгилеген. Алардын тили, укуктук системасы жана маданий ийгиликтери бул жерде кеңири тараган жана Америка цивилизациясынын калыптануусунда негизги факторго айланган.

XIX кылымдын 60-90-жылдары Америка маданиятынын өнүгүүсүнүн экинчи баскычы болуп, бул доордо адабиятта Уолт Уитмен жана **Марк Твен**дер, көркөм өнөрдө **Уинслоу Хомер, Томас Икинс** жана **Жеймс Уистлер** сыяктуу улуу чыгармачыл адамдар ишмердүүлүк жүргүзүшкөн. XX кылымдан баштап Америка маданиятынын өзүнө мүнөздүү жагы анда *массалык маданият*тын үстөмдүүлүгү болуп калган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ



XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Латын Америкасы экономикасына чет эл капиталынын кирип келиши кескин активдешкен. Бул маселеде XIX кылымда Англия лидерлик кылган болсо, кылымдын аягына келип Германия жана айрыкча АКШ инвесторлору өтө активдешкен.

XIX кылымдын аягында Латын Америкасынын көпчүлүгү, алсак, материктин эң чоң мамлекети **Бразилия** да өтө жарды социалдык режимге ээ эле. Плантациялардагы өндүрүш негизинен кулдардын эмгегине негизделген болуп, Бразилияда кулчулук 1888-жылда гана жоюлган жана 1891-жылы Бразилия республика деп жарыяланган.

Латын Америкасы коомунун өнүгүүсү жана мүнөзүнө бул жердеги этникалык жараяндар чоң таасир көрсөткөн. Түрдүү элдер – индеецтер, денеси каралар, европалыктардын маданияты жана салттарынын ортосундагы өз ара таасир бул мамлекеттерде өтө түркүн-түстүү жана өзүнө мүнөздүү ***этнопсихологиялык жамаалар***дын калыптануусуна алып келген. Бул болсо, өз кезегинде, саясий маданияттын, бүткүл саясий жараяндардын мүнөзүн белгилеп берген жана алар коомдогу саясий туруксуздукка, тез-тез болуп туруучу мамлекеттик төңкөрүштөргө, козголоңдорго, революцияларга, саясий күрөштүн ыпылас усулдарынан кеңири пайдаланууга алып келген. Көптөгөн мамлекеттерде өз ишинде армияга таянган авторитардык режимдер орнотулган.

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*XIX кылымдын башында Латын Америкасы мамлекеттеринин өнүгүшү менен байланыштуу көйгөйлөргө эмнелер кирет?*

## Мексика революциясы (1910-1917)

1910-жылда башталган революция Латын Америкасынын эң ири мамлекеттеринен болгон **Мексиканын** кийинки өнүгүүсүнө өтө чоң таасир көрсөткөн. Революция мурдагы режимден сакталып келе жаткан жарды социалдык мамилелерди жоюп, Мексика коомунун гүлдөп өсүүсүндө, социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүндө, аймактагы жетекчи мамлекетке айлануусунда чечүүчү роль ойногон.

1911-жылы Мексикада диктатор **Диас**тын бийлиги кулатылган. Ошол жылы октябрда болуп өткөн президенттик шайлоолордо **Мадеро** жеңген. Бирок социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүдө өкмөттүн бошоңдугу жана ага каршы күчтөрдүн АКШ тарабынан колдоп-кубатталышы Мадеро өкмөтүнүн кыйрашына алып келген. 1913-жылы февралда башталган козголоңдун натыйжасында бийликке генерал **Уэрта** келген. Мадеро камакка алынып, атып ташталган. Бул окуя жарандар согушунун кайрадан күчөшүнө себеп болгон.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1916-жылы АКШ өкмөтү чек арадагы түшүнбөстүктөрдү шылтоо кылып Мексикага кошуун киргизген. Тышкы кооптун алдында бардык революциячыл күчтөр бириккен, өкмөттүн Мексика аймагындагы чет элдиктер, оболу америкалыктардын мүлкүнө карата мамилеси курчуган. Интервенттер менен күрөш дээрлик бир жылга созулган жана 1917-жылы февралда АКШ кошуундарынын Мексикадан алып чыгылышы менен аяктаган. Революция жеңишке жеткен.

## Маданият

Аймактын мамлекеттеринде жергиликтүү индеецтер жана африкалыктардын урпактарынын толук мифологиялык элестетүүлөрүнө негизделген маданий көз караштар менен европалыктардын рационалисттик маданияты аралашып, өзүнө мүнөздүү Латын Америкасы маданиятын түзгөн. XX кылымдын башында адабиятта **Сесар Вальехо, Габриела Мистраль,** көркөм өнөрдө **Диего Ривера, Хосе Ороско, Давид Сикейрос** сыяктуу чыгармачыл адамдар иш жүргүзгөн.

Корутундулай турган болсок, XX кылымдын башына келип Латын Америкасында колониалдык доордо түзүлгөн чарба акырындык менен капиталисттик чарбага айланып барган. Ири шаарлар – өнөр жай жана маданияттын борборлору пайда болгон. Коомдо индустриалдык цивилизациянын белгилери даана көрүнө баштаган.

### ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Авторитардык режим** – саясий бийлик бир гана өкүмдар адам же бир топ жеке инсандардын эркине, борборлошкон бийлигине негизделген мамлекеттик башкаруу усулу.

**Интервент** – интервенция уюштуруучу же анда катышуучу. Интервенция – бир же бир нече мамлекеттин башка бир мамлекеттин ички иштерине зордук менен аралашуусу, анын аймактык бүтүндүгүнө, саясий өз алдынчалыгына каршы багытталган аракеттер.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **1861-1865-жылдарда АКШда болуп өткөн жарандар согушу кандай натыйжалар менен аяктаган?**
2. **АКШнын демилгеси менен чакырылган Вашингтондогу I Панамерика конференциясы Американын элдери үчүн кандай мааниге ээ болгон?**
3. **XIX кылымдын акыркы чейрегинде Латын Американын эң чоң мамлекети болгон Бразилияда кандай маанилүү окуялар болуп өткөн?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



6-тема

# Япония, Кытай жана Индия: реформалардын азияча жолу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Япониянын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат?
2. Кытайдын тарыхындагы кайсы династияларды билесиң?
3. Индиянын тарыхында Бабурийлер династиясы кандай орун туткан?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы “Азия кайра жаралуу” доору болуп, анда Чыгыштын салттуу коомдорунда индустриалдаштыруунун бүчүрлөрү көрүнө баштаган. Бул бир жактан чыгышча салттар сакталып калган, башка жактан Чыгыш мамлекеттеринде экономиканы модернизациялоо башталган карама-каршылыктуу доор эле.

**ЭСКЕ АЛ**

*Модернизация – бул…*

Бул мезгилдеги “европалашуу”, б.а. европа-америкача мамлекеттик башкаруу, мыйзам чыгаруу, билим берүү системасы, кийинүү жана жүрүм-турум маданияты моделин тууроо, аларды көчүрүү – булардын бардыгы Чыгыш мамлекеттерин колониалдаштыруунун кесепеттери болчу.



*Мейдзи революциясынын ишке ашышы*

## ЯПОНИЯ

Япония эки кылым бою Батыш мамлекеттери үчүн “жабык” бойдон калып жаткан эле. Батыш мамлекеттеринин соода мамилелерин жолго коюу үчүн кылган бардык аракеттери сёгундук тарабынан кескин четке кагылган. 1868-жылы аскердик-феодалдык өкмөт – **Токугава сёгундугу** кулаган. ***Сёгун*** кошуундары согушсуз жеңилген жана өзүнүн ата мурас мүлкүнө жөнөп кеткен. Бирок Токугаванын жактоочуларына каршы аскердик аракеттер улантылып, 1869-жылы сёгундук толук жоюлган. Бул жылдардагы окуялар Япониянын тарыхында ***“Мейдзи революциясы”*** атын алган. Бул ат император **Муцухито** менен байланыштуу. Анын бийлиги расмий түрдө **Мейдзи** деп аталып, ал ***“билимдүү башкаруу”*** деген маанини билдирген. Мейдзи доору 1868-1912-жылдарды өз ичине алган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Мейдзинин буржуача реформалары

### ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Мейдзи –"билимдүү башкаруу" доорунда Японияда ишке ашырылган бардык реформалар япон коому үчүн кандай аяктаган?*



Япон императору Муцухито (Мейдзи)

1871-жылы мамлекеттин бирдиктүү мамлекетке биригүү жараяны аяктаган. Феодалдык жер мүлктөрү жоюлуп, түздөн-түз борбордук өкмөткө баш ийүүчү префектуралар жарыяланган, катмарлануунун саны үчкө чейин кыскартылган: даражалуу ак сөөктөр, ак сөөктөр жана жөнөкөй калк.

"Жаңы Японияны" куруу дал ошол императордун бийлигинин кайра калыбына келиши менен байланыштуу. Бул революцияны ишке ашыргандар тездик менен мамлекетти кайра курууга киришишкен. Япондор өзүнө мүнөздүү укмуш жаратышкан: алар калк бир убакыттын өзүндө Батышта да, Чыгышта да жашоочу эки түрдүү цивилизацияга негизделген мамлекетти курушкан.

Экономикалык жана аскердик жактан күчөшү менен Япониянын колониалдык амбициялары да күчөп барган. 1904-1905-жылдардагы Орус-Япон согушунан кийин Япония Түштүк Манчжурия жана Кореянын үстүнөн өз бийлигин орноткон, Кореянын тышкы саясатын да белгилей баштаган. 1910-жылдан Корея расмий түрдө Япониянын колониясы болуп калган.

## Маданият

Модернизация жараянында Батыш маданиятын тууроо, андан алдыңкы илим жана техниканын ийгиликтерин кабыл алуу мамлекеттин жалпы маданий деңгээлин жогорулатууга кызмат кылган. Өкмөттүн маданиятты дагы да европалаштыруу талабы калктын бир бөлүгү, айрыкча интеллигенттердин арасында наразылыкты келтирип чыгарган. Өнөр адамдарынын арасында япон улуттук маданиятын, өзүнө мүнөздүү искусствону кайра калыбына келтирүү идеясы күчөгөн.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КЫТАЙ



*Сунь Ятсен*

Экинчи ***"апийим согушундагы"*** (1856-1860) жеңилүүдөн кийин Кытайдын бийлик чөйрөлөрү мамлекетти Батыш мамлекеттеринин киреше булагына айланып калуу коркунучунан куткарууга дагы бир жолу урунуп көрүшкөн. Натыйжада тарых таанууда "өзүн-өзү күчөтүү" ("цзи сян") атын алган өнүгүүнүн жаңы жолу иштеп чыгылган. Бул жол олуттуу өзгөрүүлөрсүз 1895-жылга чейин ишке ашырылган.

Ошого карабастан, калкынын саны жагынан дүйнөнүн эң чоң мамлекети чет мамлекеттердин жарым колониясы болуп калган эле. XX кылымдын башында мамлекеттин 400 млн. калкынан 90% ы сабатсыз болчу.

Мына ушундай татаал тарыхый шартта ***Сунь Ятсен*** башчылыгында ***Синхай төңкөрүшү*** башталган. Ал кытайлыктардын календары боюнча "синхай" айында башталгандыктан ушундай аталган. 1911-1912-жылдардагы революциянын натыйжасында манчжурлардын династиясы тактан кулаган, Кытай республика деп жарыяланган, бирок мамлекет саясий бытыранды абалга түшүп калган. 1912-жылы Сунь Ятсен ***Гоминьдан*** ("Улуттук партия") партиясына негиз салган.

Республикалык режимге өткөн Кытайда буржуача өнүгүү тездешкен.

XIX кылымдын аягында маданий чөйрөдө бири-бирине каршы багыттар пайда болгон. Бир жактан, адабиятта, айрыкча, поэзияда классикалык үлгүлөрдү тууроо күзөтүлсө, башка жактан коомдун сабаттуу бөлүгүнө гана түшүнүктүү болгон ***вэньянь*** эски адабий тилди акырындык менен кысып чыгарып жаткан, калктын кеңири катмарына түшүнүктүү болгон ***байхуа*** адабий тили барган сайын кеңири жайыла баштаган. XIX кылымдын экинчи жарымында кытай тилинде ондогон газета жана журналдар пайда болгон.

Кыскасы, XIX кылымдын башында али улуу мамлекет болуп саналган Кытай кылымдын ортолоруна келип Батыш мамлекеттери, кийин болсо АКШ, Россия жана Япониянын да колониалдык кызыкчылыктары кесишкен эң маанилүү аймакка айланган. Кытайдын экономикалык жана аскердик жактан жардылыгы, анын өзүнчө сакталып калып жаткан улуу мамлекет статусуна карабастан, аны Батыш мамлекеттеринин жарым колониясына айландырган.

**ЭСТЕ ТУТ**

*1889-жылдын башында кабыл алынган Япония конституциясына ылайык мамлекет конституциялык монархияга айланган.*

*Кытайдын тарыхында экинчи "апийим согушу" 1856-1860-жылдарда болуп өткөн.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ИНДИЯ



*Философ Свами Вивекананда*

XIX кылымдын аягына келип Индияда Улуу Британиянын колониалдык зулуму ого бетер күчөгөн. Колониалисттер инд экономикасын Англиянын индустриалдык коомунун керектөөлөрү үчүн ылайыкташтырууга аркеттенишкен. Англичандардын түздөн-түз катышуусунда инд айыл жамаасы жоюлган жана Индияда капиталисттик мамилелер жаңы негизде өнүгө баштаган.

XIX кылымдын экинчи жарымынан Индияга англис капиталы кирип келе баштаган. Биринчи ири капитал киргизилген багыт темир жол курулушу болгон. Темир жол курулушуна капитал сарптаган компаниялар өтө чоң киреше алышкан.

Капитал кийирүүнүн кийинки багыты плантация чарбасы болгон. Англия өкмөтү Индияда чай, кофе, каучук плантацияларын көбөйтүү жана түрдүү артыкчылыктар аркылуу колдоп-кубаттоого чоң көңүл бурган. Англис капиталисттери фабрика-заводдордун курулушу жана тоо-кен өнөр жайына да ири капиталдар салышкан.

Капитализм менен чогуу Индияда улуттук идеология да калыптанып барган. Улуттук жаңылануу идеологиясынын алгачкы идеологдору катары **Рамакришна Парамахаса ж**ана анын шакирти **Свами Вивекананда** Индияда жана чет өлкөлөрдө да белгилүү эле. Индия улуттук боштондук кыймылы идеясын үгүттөөдө Вивекананданын орду теңсиз. Ал заманбап Индиянын улуттук кыймылынын негиздөөчүлөрүнөн бири болчу.

1885-жылы декабрда Бомбейде мамлекеттин тарыхында биринчи диний эмес, жалпы улуттук, иш жүзүндө парламенттик мекеме – ***Индия улуттук конгресси*** (ИУК) түзүлгөн. Инд патриотторунун форумунда Британия өкмөтү жана парламентине конгрессчилердин негизги талаптары калыптандырылган.

1906-1907-жылдары инд мусулмандарынын да партиясы – ***Мусулмандар лигасы*** түзүлгөн. XX кылымдын башындагы Индиянын саясий статусу жана парламенттик реформалар маселесинде бул партия жана ИУКнин ортосундагы олуттуу келишпөөчүлүк жок эле.



### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Япония, Кытай жана Индия үчүн жалпы болгон реформалардын азиача жолунун кемчилик жана ийгиликтери эмнелерден турат?*

*Реформалар Япония, Кытай жана Индиянын коому үчүн эмне берди?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Маданият

Бул доордогу Индиянын маданияты өзүнүн көп миң жылдык салттарын улантуу менен бирге, ошол эле учурда англис маданиятынын таасирин өзүндө чагылдырган. Инддер сүйүүчү музыка, ырчылык, бий өнөрүндө көбүрөк элдик салттар сакталып калган болсо, адабият, көркөм өнөр сыяктуу багыттар өтө тез заманбапташып барган. Инд адабиятынын эң ири өкүлдөрүнөн бири **Рабиндранат Тагор** да ошол доордо чыгармачылык кылган. Ал "Гитанжали" ("Курмандык ырлары") түркүм ырлары үчүн 1913-жылы адабият багытында Нобель сыйлыгына ээ болгон.

Ошентип, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы Индиянын экономикалык жана саясий турмушунда маанилүү өзгөрүүлөр болгон. Акырындык менен болсо да, капитализм өнүккөн. Улуттук-боштондук кыймылы пайда болгон жана англис колониячыл бийлигине каршы күрөштүн бирдиктүү идеясынын астында бириккен.

### БИЛИП АЛ

*"Жабык" мамлекет бул -...*

*1912-жылы Сунь Ятсен...*

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ



Рабиндранат Тагор

*Өз алдыңча Рабиндранат Тагордун чыгармачылыгы менен тааныш. Анын чыгармачылыгында Индиядагы турмуштун кайсы жактары курчап алынган? Пикириңди эссе түрүндө жаз.*

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Чыгыш мамлекеттеринде башталган экономиканы модернизациялоонун кандай карама-каршылыктуу жактары бар эле?**
2. **Мейдзинин реформалары Япония үчүн эмнелер берди? Бул реформаларды багыттарга бөлүп, жадыбал түрүнө келтир.**
3. **Кытайда Сунь Ятсен башчылыгында башталган революция кандай аяктады?**
4. **Индиянын улуттук конгресси колониалдык саясатка каршы күрөшүү үчүн көңүлүн негизинен кайсы жактарга караткан?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 7-тема

# Ислам цивилизациясы мамлекеттеринде салттуулук менен реформаторлуктун ортосундагы күрөш

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**


1. Кайсы дүйнөлүк диндерди билесиң?
2. Ислам дини качан жана каерде пайда болгон?
3. Ислам цивилизациясы дүйнө маданиятына эмнелер берген?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ислам цивилизациясы тарыхында XIII – XIV кылымдардан башталган интеллектуалдык түшкүндүк XVI кылымга келип экономикалык жана саясий кризисти да баштап берген. Бир убактар дүйнөнүн өнүгүүсүнүн туу туткучу болгон даңазалуу ислам цивилизациясы XVII кылымга келип терең интеллектуалдык кризиске жүз бурган жана ислам мамлекеттериндеги билим берүү жана маданият борборлорунун көпчүлүгү тар пикирлүү догматиктер жана элдешкис түркөйлөрдүн очогуна айланып калган. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башына келип ислам цивилизациясы мамлекеттери Батыштан кыйла артта калып кеткен эле.

**ЭСКЕ АЛ**

*Тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, салттуулук жана реформачылык түшүнүктөрүнө мүнөздөмө бер.*



*Султан Абдулхамид II*

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Осмон империясынын өз доорунда ислам дүйнөсүнүн эң кудуреттүү мамлекетке айланусуна себепчи болгон факторлор кайсылар эле.*

## ТҮРКИЯ

Бир кездер ***Осмон империясы*** ислам дүйнөсүнүн эң күчтүү мамлекети болуп, ал султандын жеке бийлигине негизделген монархия эле. Экономикасынын негизин өтө жарды айыл чарбасы түзгөндүктөн, ачарчылыктар болуп турган. Осмон өкмөтүнүн реформачылык курсу да жокко чыккан. Бардык аракеттерге карабастан, XIX кылымдын акыркы чейрегине келип Түркия жарым колония, чет эл капиталына көз каранды мамлекетке айланып калган эле.

Мына ушундай жагдайда коомдун алдыңкы катмарларынын арасында иш жүзүндөгү жагдайга каршы наразылык маанайы күчөй баштаган. 1865-жылы Стамбулда жашыруун саясий уюм түзүлүп, анын мүчөлөрү өздөрүн "жаңы осмонийлер" деп аташкан. Европада бул уюм "Жаш Түркия", анын катышуучулары "Жаш түрктөр" атын алышкан. Алардын аракети себеп Түркияда реформалар башталган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1876-жылы тактыга **Абдулхамид II** келди, **Мидхат паша** болсо улуу министр кызмат ордун ээлеген жана болочоктогу конституциянын долбоорун даярдоого уруксат алган. Жаш түрктөргө мындай макул болуусу империянын ошол доорлордогу оор абалынан келип чыккан зарылчылык эле. Султан Абдулхамид II да ушул себеп конституцияны кабыл алууга мажбур болгон.

**1876-жыл декабрда** кабыл алынган **"Мидхат конституциясы"** Түркияны ***конституциялык монархия*** деп жарыялаган. Анда эки палаталуу парламенттин түзүлүшү да көздө тутулган. Империянын бардык жарандары осмонийлер деп аталып, мыйзам алдында тең деп эсептелген. Бул конституция өзүнүн бардык кемчиликтерине карабастан, эгерде турмушка колдонулса, ошол доордогу Түркия үчүн прогрессивдүү мааниге ээ болушу мүмкүн эле.

***1877-жылы жазда*** Россия-Түркия согушу башталган. 1878-жылдын башында Түркиянын аскердик абалы оор, армия талкаланган, орустар империянын борборуна жакындап жаткан эле. Султан Абдулхамид болсо бул кырсыктуу жагдайдан пайдаланып парламентти таратып жиберген жана "Мидхат конституциясын" жок кылган. Депутаттардын бир бөлүгүн камакка алып, мамлекетти жеке өзү башкараарын жарыялаган. 1878-жылы мартта Стамбул жакынындагы Сан-Стефано деген жерде орустар менен келишимге кол коюлган. Келишимдин негизги шарты эгемен Болгария мамлекетин түзүү болгон.

*Биринчи Осмон империясы парламентинин ачылышы*



Султан Абдулазиз


## ЭСТЕ ТУТ

*1871-жылы султан Абдулазиздин премьер-министри Махмуд Надим паша куугунтукка алынган "жаш түрктөрдүн " кечирилишине жетишкен.*

*1876-жылы декабрда Түркия конституциялык монархия деп жарыяланган.*

1908-жылы "Жаш түрктөр" партиясынан болгон офицерлер козголоң көтөргөн. ***"Жаш түрктөр революциясы"*** наамын алган бул революциячыл окуялар Түркияда феодалдык-эзүүчүлүк режимди кулатып таштап, конституцияны кайра калыбына келтирген. Ушундай түрдө 1908-жылкы Түркия революциясы жеңген.

Бир топ аскердик төңкөрүштөрдөн соң 1913-жылы бийликке "Жаш түрктөр" партиясынын өкүлдөрү – **Энвер паша, Талъат паша** жана **Жамал паша**лардан турган "үчтүк" келген. Алар Биринчи дүйнөлүк согуш алдындагы татаал эл аралык шартта Антантага каршы түрдө Германия менен жакындашуу саясатын алып барышкан. 1914-жылы августта өтө жашыруун түрдө Германия менен келишимге кол койгон. Бул келишимге кол коюлушу Осмон империясын кырсыгынын маанилүү себептеринен бири болгон.



## ПЕРСИЯ МАМЛЕКЕТИ

XIX кылымдын экинчи жарымы Европа мамлекеттеринин, биринчи кезекте, Англия жана Россиянын Персияда активдүү колониалдык экспанциясынын доору болгон. Бийликте турган **кажарлар династиясы**нын өкүлдөрү өз калкынын талабынан көрө чет мамлекеттердин талабын аткарууну туура көрүшкөн. Персияны көз каранды кылууда чет эл капиталынын ордуна түрдүү концессиялар алуу жана Тегеранга акча карыз берүү сыяктуу усулдардан кеңири пайдаланылган. Натыйжада Персия Европа мамлекеттеринин чийки зат базасына айланып барган.

Мамлекет экономикасынан сырткары, мамлекеттик башкаруунун кээ бир багыттары да чет элдиктердин көзөмөлүнө өтүп кеткен. 1879-жылы орус офицерлеринин башчылыгында түзүлгөн казактар полку кийинчерээк бригадага айландырылган жана Персия армиясынын жалгыз согушчан бөлүгү катары, падыша режиминин Россияга көз карандылыгын күчөтүүгө кызмат кылган.

Мамлекеттеги оор абал жана **Музаффариддин** шахтын саясаты 1905-1911-жылдардагы буржуа-демократиялык революцияга алып келген жана ал улуттук-боштондук кыймылы менен кошулуп кеткен. Революция жараянында жыйын (парламент) түзүлгөн, конституция кабыл алынган. Бул өзгөрүүлөргө карабастан, акыр аягында кажарлардын бийлиги кайра калыбына келген жана мамлекет Россия жана Англия тарабынан таасир аймактарына бөлүп алынган. Натыйжада Персия күчтүү мамлекеттердин жарым колониясына айландырылган.

Кыскасы, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы Европа мамлекеттери, АКШ жана Япониянын колониалдык экспанциясы эң күчөгөн доор болгон. Ислам дүйнөсү да ири аймактарга ээлик кылып жаткан метрополиялар тарабынан дээрлик толук бөлүп алынган, Түркия, Персия сыяктуу мамлекеттер экономикалык эзүүнүн астында калган, жарым колонияларга айландырылган.

**ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ**

*Бул доордо Түркия жана Персия мамлекети үчүн жалпы болгон салттуулук жана реформачылыктын ортосундагы күрөш коомдун өнүгүшү үчүн кандай мааниге ээ болгон?*

*Бул күрөштөр Түркия жана Персия үчүн эмнелер берди?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Өз алдынча түрдө дүйнө цивилизацияларынын тарыхы менен тааныш. Ар бир цивилизациянын кишилик коомунун өнүгүшү үчүн кошкон салымын анализдик камтып ал. Пикириңди чакан эссе түрүндө жаз.*

Бул доордо башка колониялар сыяктуу ислам мамлекеттеринде да экономикалык турмуштун салыштырмалуу турукташуусу жүргөн. Инфраструктуралардын курулушу активдүү алып барылган: темир жолдор, деңиз порттору, ирригация имараттары курулган. Ислам мамлекеттеринде колониячыл өкмөттөр тарабынан бир топ эскирген үрп-адат жана өнөкөттөр (кул соодасы, балдар соодасы, көп аялдуулук) жоюлган. 1870-1914-жылдары колонияларга, алсак, ислам мамлекеттерине инвестициялар салуу да кескин арткан. Түркия, Египет жана Жакынкы Чыгыш мамлекеттерине салынган инвестициялардын көлөмү жалпы инвестициялардын 50-60% ын түзгөн.

Ислам мамлекеттеринин маданий өнүгүүсүндө салттуулук менен модернизмдин ортосундагы кескин күрөш негизги ролду ойногон. Эгерде бир топ башка мамлекеттер, мисалы, Японияда салттуулук менен модернизмди айкалыштырган өзүнө мүнөздүү чөйрө калыптанган болсо, ислам мамлекеттеринде Батыштын маданий таасирине каршы күчтүү аракеттер алып барылган.

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*Картадан XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Түркия жана Ирандын аймактарын көздөн кечир.*

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Калыптанып жаткан жаңы түрк адабиятынын көзгө көрүнгөн өкүлдөрү ошол доордо кимдерден турган?**
2. **“Жаш түрктөр” партиясы качан түзүлгөн? Партиянын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын санап бер.**
3. **Персияда 1905-1911-жылдардагы буржуа-демократиялык революция кандай аяктаган?**
4. **XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында Персия үчүн бирдиктүү болгон белгилери эмнелерден турган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 8-тема

# Африка мамлекеттериндеги колониализм жана өнүгүүнүн көйгөйлөрү

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Африка мамлекеттеринин аймагы негизинен кайсы айыл чарба продукцияларын жетиштирүүгө адистешкен?
2. Орто кылымдарда Африка мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү эмнелерден турган?
3. Жаңы доордун башында Африка мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн артта калуу себептерин санап өт.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫНДА АФРИКА

Жаңы доордун эң аянычтуу окуяларынан бири кулчулук жана кул соодасы болгон. Кул соодасы Улуу Британия, Франция, АКШ сыяктуу мамлекеттерде расмий түрдө XIX кылымдын биринчи жарымында эле тыюу салынган болчу. 1889-1890-жылдардагы Брюссель конференциясы кул соодасына тыюу салган жана Африкадан кулдарды жашыруун алып кетүүгө каршы күрөш башталган.

Кул соодасы аны менен алектенүүчүлөр жана соодагерлерге өтө чоң пайда келтирген. Европа жана Америкадагы шаарлар – Бристоль, Ливерпуль, Манчестер, Лондон, Нант, Руан, Амстердам, Нью-Йорк, Жаңы Орлеан, Рио-де-Жанейро жана башкалардын тез өнүгүүсү жана гүлдөп-өсүшү кул соодасы менен байланыштуу эле. Дээрлик төрт кылымдын ичинде европалык кул сатуучулар Америкага 15-16 миллион кул алып келишкен. Атлантика океаны аркылуу ишке ашырылган кул соодасы жараяндарында болжол менен 60-70 миллион адам өлгөн. Кул соодасы Африканы алсыратуунун эсебинен Европа жана Америка мамлекеттеринин экономикалык гүлдөп-өсүшүнө кызмат кылган.

XIX кылымдын 70-жылдарына чейин созулган кул соодасынын Африка үчүн эң оор кесепеттеринен бири психологиялык жагдай болгон: адамдын өмүрү барксыз болгон, кул ээлөөчүлөр жана кулдардын деградациясы (кризиске учурашы) жүргөн. Кулчулуктун инсандыкка эң терс көрүнүшү – ***расизм*** идеологиясы калыптанган. Төрт кылым бою көпчүлүктүн, оболу европалыктардын кыялында кул дегенде, африкалык, б.а. кара денелүү адам көрүнө труган болуп калган. Көптөгөн муун Гана, Сонгай, Бенин, Мономотапа сыяктуу өзүнө мүнөздүү цивилизациялар жөнүндө маалыматка ээ да болбостон, Африканы кул соодасы жана кул түшүнүктөрү аркылуу гана элестетишкен. Кул соодасы Африка элдеринин өз тарыхына ээ эместиги, жогорку акыл жөндөмүнө ээ эместиги жөнүндөгү илимге каршы келүүчү концепцияларды келтирип чыгарган. Европалыктар Африканы басып алуу жана колонияларга бөлүп алуудагы өздөрүнүн инсандыкка жат жана ахлаксыз аракеттерин актоо үчүн бул концепциялардан чебердик менен пайдаланышкан.

## 1884-1885-жылдардагы Берлин конференциясы

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Сенин оюңча, кул соодасынын Африка үчүн эң оор кесепеттери кайсы жагдайларда көрүнөт?*

1884-1885-жылдардагы Берлин конференциясы Африканы колонияга айландыруу доорундагы маанилүү окуялардан бири болгон. Конференция Европа мамлекеттеринин катышуусунда “Кара материктин” тагдырын талкуулоого арналган биринчи атайын жыйын болгон. Ал Германия жана Франциянын демилгеси менен чакырылып, ага 12 Европа мамлекеттери, АКШ жана Түркия катышкан. Конференцияда Африка Европа мамлекеттеринин эзүүчүлүк жүргүзүү жана экономикалык пайдаланууга боло турган объекти катары каралган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Африкалыктардын оюнча, Берлин конференциясы элдердин укуктарын тебелөөчү империалисттик саясаттын көрүнүшү болгон. Тропикалык Африкадагы газеталардан бири – “Lagos observer” 1885-жылы: “Дүйнө али эч качан мындай кең көлөмдүү жана жүзсүздүк менен жасалган талоончулукка күбө болбогон эле. Бирок Африка каршылык кылууга алсыз”, – деп жазган эле.

*Берлин конференциясы*



**ЭСТЕ ТУТ**

*Европа жана Америкадагы шаарлар – Бристоль, Ливерпуль, Манчестер, Лондон, Нант, Руан, Амстердам, Нью-Йорк, Жаңы Орлеан, Рио-де-Жанейро жана башкалардын тез өнүгүүсү жана гүлдөп-өсүшү кул соодасы менен байланыштуу эле.*

*Берлин конференциясында Африка Европа мамлекеттеринин зөөкүчүлүк жүргүзүү жана экономикалык пайдаланууга боло турган объекти* катары каралган.

## АФРИКАНЫН БӨЛҮП АЛЫНУУСУ

Материкти колонияларга бөлүп алуу XIX кылымдын экинчи жарымында Европада капитализмдин өнүгүшүнүн натыйжасы болгон. 1876-жылга чейин Европа мамлекеттери тарабынан Африка материгинин 10%ы гана ээленген эле. 1900-жылга келип Африка материгинин 9/10 бөлүгү колониалист баскынчылардын колуна өткөн. Улуу Британия материктин чоң бөлүгүн басып алган болуп, бул аймактарда Африканын жалпы калкынын дээрлик жарымы жашаган.

Франция да Африка материгинин чоң бөлүгүн ээлеп алган болуп, бул аймактарда Африканын калкынын дээрлик үчтөн бир бөлүгү жашаган. Франция колонияларынын негизги бөлүгү Батыш жана Экватордук Африкада жайгашкан жана кыйла бөлүгү Сахара чөлүнө туура келген. Калган аймактар Бельгия, Португалия, Испания, Германия жана Италиянын ортосунда бөлүштүрүлгөн эле.

Бардык колониялардагы европалыктардын ишмердүүлүгүнүн жалпы белгиси Африка калкынын ырайымсыз эксплуатация кылынуусу жана бул жердеги байлыктардын талануусу болгон.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АФРИКА ЭЛДЕРИНИН КОЛОНИАЛИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШТӨРҮ

Эгемендик үчүн күрөш жылдарында Африка мекенчилдеринин укмуштуудай жөндөмдөрү байкалган. Кыршылык көрсөтүү кыймылына негизинен чоң-кичине мамлекеттер жана мамлекеттик бирикмелердин өкүмдарлары, уруу башчылары жетекчилик кылышкан. Алардын арасында, айрыкча, **Самори, Беханзин, Раббах, Мухаммад бен Абдулла** сыяктуулар өз эрдиктери жана иш билгичтиктери менен таанымал болушкан.

Тропикалык Африка мамлекеттеринде улуттук идеологиянын калыптанууcунда жаңы, билимдүү социалдык катмардын пайда болушу чоң роль ойногон. Адатта бул катмарды колониалдык режимге кызмат өтөп жаткан кичи чиновниктер, мугалимдер, дин кызматкерлери, врачтар жана юристтер түзгөн. Көпчүлүк учурларда бул африкалыктар салттуу калыптанган ата-бабаларынын дининен баш тартышкан. Христиандыкты кабыл алгандан соң аларды байланыштырып турган уруулук байланыштар начарлап, европача маданиятка умтулуу күчөгөн. Ошол жаңы катмардын чөйрөсүндө улуттук интеллигенция калыптанган.



*XIX кылымдын аягында Тунис калкы*

## ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Бул доордо Африка мамлекеттери үчүн жалпы болгон колониализм жана өнүгүү көйгөйлөрүнүн өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат?*

## БИЛИП АЛ

*XIX кылымдын 70-жылдарына чейин – ...*

*1884-1885-жылдардагы Берлин конференциясы...*

*1876-жылга чейин Европа мамлекеттери тарабынан ...*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кыскасы, Биринчи дүйнөлүк согуш алдынан империалисттик мамлекеттердин Африканы бөлүп алуу жараяны аяктаган. Өз мекенин жана эгемендүүлүгүн коргогон жүз миңдеген африкалыктар колониалисттер менен болгон теңсиз согуштарда курман болушкан. Колониалисттер болсо материктин табигый байлыктарын талпр-тоноо, калкын ырайымсыз эксплуатация кылуунун эсебинен байлык арттырып, Европаны өнүктүрүүгө салым кошушкан.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Африканын тарыхында өз эрдиктери жана иш билгичтиктери менен таанымал болгон Самори, Беханзин, Раббах, Мухаммад бен Абдулла сыяктуу элдик каармандардын ишмердүүлүгүнөн азыркы эрезеге жеткен муун эмнелерди үйрөнүшү мүмкүндүгү жөнүндө ой жүгүрт.*

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Кул соодасы Африка мамлекеттери үчүн кандай кесепеттерди алып келген?**
2. **Берлин конференциясы Африка мамлекеттери үчүн кандай мааниге ээ?**
3. **Африка элдеринин колониализмге каршы күрөшү кандай аяктаган?**
4. **Биринчи дүйнөлүк согуш алдынан Африка элдеринин өнүгүшүндө кандай жараяндар күзөтүлгөн?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Ф. Фердинанд

## Биринчи дүйнөлүк согуш

(1914-жылдын 28-июлу – 1918-жылдын 11-ноябры)

Боснmicиялык серб жигит – Гаврило Принцип тарабынан Австрия-Венгрия тактысынын мураскору – Франц Фердинанд жана анын аялынын өлтүрүлүшү согушка бир шылтоо болгон. Согушуп жаткан мамлекеттердин армияларына 70 миллиондон ашуун адам чакырылган. 1919-жылы 28-июнда жеңген мамлекеттер тарабынан түзүлгөн Париж тынчтык конференциясында Германия Биринчи дүйнөлүк согушту расмий түрдө аяктаган Версаль келишимине кол коюуга аргасыз болгон.








## Холокост

Холокост экинчи Дүйнөлүк согушу учурунда Германия жана анын союздаштары аймагында, алар тарабынан басып алынган аймактарда жашоочу еврейлердин куугунтукталышы жана массалык кыргын кылынышы. Кыргын натыйжасында 6 миллионго жакын адам өлүм лагерлеринде каза болгон.



## Экинчи дүйнөлүк согуш

(1939-жылдын 1-сентябры – 1945-жылдын 2-сентябры)

Адамзат тарыхындагы фашисттик Германия, Италия жана милитаристтик Япония жана антифашисттик коалиция мамлекеттеринин ортосундагы эң ири согуш. Согушта 62 мамлекет катышкан. 40 мамлекеттин аймагында согуштар алып барылган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



II
БӨЛҮМ

# ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТАР АРАЛЫГЫНДА ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЭКИ БАГЫТЫ: ЛИБЕРАЛДЫК ДЕМОКРАТИЯ ЖАНА ТОТАЛИТАРДЫК-АВТОРИТАРДЫК ДИКТАТУРА

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 9-тема

# Биринчи дүйнөлүк согуштун келип чыгуу себептери жана кесептеттери



**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Демократия жана монархия терминдерине мисалдар менен мүнөздөмө бер.
2. Тоталитардык жана авторитардык диктатура деген эмне?
3. Эл аралык карама-каршылыктардын курчушунун өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XX кылымдын башына келип дүйнөнүн өнүгүүсүнүн негизги белгилеринин бири алдыңкы индустриалдык мамлекеттердин бир калыпта эмес өнүгүүсү, тышкы саясатта капиталисттик монополиялар жана финансы олигархиясынын кызыкчылыктарынын үстөмдүүлүгү жана дүйнөнү кайрадан бөлүп алуу үчүн мамлекеттердин ортосундагы күрөштүн күчөшү болуп калган.

**ЭСКЕ АЛ**

*“Республика” терминине мүнөздөмө бер.*



*Үчтүктөр союзу императорлору: жогоруда Виктор Эммануил III, солдо Вильгельм II, оңдо Франц Иосиф I*


## ҮЧТҮКТӨР СОЮЗУ ЖАНА АНТАНТАНЫН ПАЙДА БОЛУШУ

XIX кылымдын соңку 30 жылында өнүгүү темптери кескин тездешкен АКШ жана Германия алдыңкы индустриалдык мамлекеттердин катарына кирип алган. Бул мамлекеттердин тез өнүгүүсү натыйжасында алардын аскердик-экономикалык мүмкүнчүлүктөрү менен дүйнөнүн таасир чөйрөлөрүнө бөлүнүшү ортосунда төп келбестик пайда болгон. Дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүү үчүн күрөш дүйнөлүк саясаттын мазмунун белгилөөчү эң маанилүү факторго айланган.

1882-жылы Германия, Австро-Венгрия жана Италия ***Үчтүктөр союзу*** аскердик-саясий блогун түзгөн. Бул Европанын карама-каршы лагерлерге бөлүнүшүн баштап берген жана Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышында өзгөчө роль ойногон.

1904-1907-жылдарда Германия блогуна каршы Улуу Британия, Франция жана Россиянын ортосунда аскердик-саясий блок калыптанган жана ал ***Антанта*** аты менен тарыхка кирген. Биринчи дүйнөлүк согуш ушул эки аскердик-саясий союздардын ортосунда болгон.

**ЭСТЕ ТУТ**




*1882-жылы Германия, Австро-Венгрия жана Италия Үчтүктөр союзу аскердик-саясий блогун түзгөн.*

*1904-1907-жылдарда Германия блогуна каршы Улуу Британия, Франция жана Россиянын ортосунда аскердик-саясий блок калыптанган жана ал Антанта аты менен тарыхка кирген.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Гаврило Принциптин колго алынышы*



*Фронттогу аскерлер*

## БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ

1914-жылы 28-июнда Австро-Венгрия тактысынын мураскору шаазада Франц Фердинанд жана анын аялы Боснияны Сараево шаарында "Млада Босна" ("Жаш Босния") уюмунун мүчөсү Гаврило Принцип тарабынан атып өлтүрүлгөн. Гаврило Принциптин бул кылмышы аянычтуу кесепеттерге алып келген. Австро-Венгрия императору Вильгельм II өз өкмөтүнөн бул кылмышка жооп катары согуш жарыялоону талап кылган. 23-июлда Австро-Венгрия Сербияга ультиматум жарыялаган, аны кабыл алуу Сербия үчүн өз эгемендигин жоготуу менен тең эле. Ошого карабастан, Сербия дээрлик бардык талаптарды кандырууга ыраазы болгон, бирок 28-июлда Австро-Венгрия Сербияга согуш жарыялаган.

Сербияны айкын кырсык абалына таштап коюу Россиянын империалисттик кызыкчылыктарына зыян жеткирчү жана славян жана православ биримдиги салттарына каршы болчу. Ошондуктан Россияда жалпы мобилизация жарыяланган. Германия өкмөтү Россияга ультиматум жарыялап, мобилизацияны токтотууну талап кылган. Россия бул ультиматумга жооп бербеген. Ошондон соң Германия 1-август күнү Россияга, 3-август күнү болсо Францияга согуш жарыялаган. 4-август күнү Англия Германияга согуш жарыялаган.

Согуш жалпы европалык мүнөзгө ээ болуп, тез эле Европанын чектеринен чыгып кетти. Япония согуштан Кытайды баш ийдирүүдө, Тынч океанындагы Германиянын колонияларын ээлеп алууда жана Ыраакы Чыгышта өз бийлигин орнотууда пайдаланмакчы болду. **1914-**жыл августта Япония Германияга согуш жарыялаган. Германия жана анын союздаштары тарапта Түркия да согушка кошулган. Согуш ушундайча кеңейип, Европа, Азия жана Африка мамлекеттерин камтып алган жана дүйнөлүк согушка айланган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Биринчи дүйнөлүк согуш өзүнүн келип чыгышы, характери жана натыйжаларына көрө, Сербия, Черногория, Бельгия жана эркиндик үчүн күрөшүп жаткан башка элдерден сырткары, бардык анда катышып жаткан мамлекеттердин караөзгөй кызыкчылыктарын ачыкка чыгарган империалисттик, баскынчылык характериндеги согуш эле. Мындай характер согуш алып барып жаткан мамлекеттердин баскынчылык максаттарынан келип чыккан.

## 1916 – 1918-жылдардагы согуш аракеттери

1916-жылдын башына келип созулуп кеткен согуш Германияны айкын кырсыкка алып келип жатканы анык болуп калды. Мамлекеттин ичинде да наарazылык маанайы өкүм сүргөн.

Мындай абалда Германия бүткүл көңүлүн дагы Батышка каратууга мажбур болду. Бирок бүткүл фронт бойлоп жалпы операция өткөрүү үчүн эми Германиянын күчү жетиштүү эмес эле. Мына ошондо немистер бир маанилүү жерде француздарга сокку берүүнү чечишкен.

**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ**

*Өз алдынча түрдө адабияттардан Биринчи дүйнөлүк согушта катышып жаткан мамлекеттердин ички жана тышкы саясаты менен тааныш. Катышуучу мамлекеттердин ички жана тышкы саясатында кайсы жагдайларга көңүл бурулган?*

*Пикириңди эссе түрүндө жаз.*



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мындай жер французадардын коргонуусунун маанилүү звеносу болгон Верден эле. Верденде чоң күчтөрүн чогулткан немистер 1916-жылы февралда чабуул баштакан. Верденде Германия 600 миң адамынан айрылган, французадар болсо 360 миң адамын жоготкон. Верденде он айлык салгылашуу максатсыз кыргындын символуна айланып калган.

## Согуштун жыйынтыктоочу баскычы

**ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ**

*Төмөндө берилген биринчи дүйнөлүк согушка тиешелүү маанилүү маалыматтар берилген жадыбалга дагы эмнелерди кошумчалоо зарыл деп эсептейсиң?*

**1917**-жылы жазда Антанта мамлекеттери согушта бурулуш жасоо үчүн натыйжасыз аракет жасашкан. Согушуп жаткан жактардын алдан тайгандыгы маалым болуп калган эле. Германияда согушка каршы наразылык чыгуулары башталып кеткен. Россия армиясында 1917-жыл февраль революциясынан соң кужурмөндүк басаңдап кеткен, 1917-жылы жайда Франция армиясында да тартипсиздиктер башталган. Англия, Франция, Италияда ишчилер согушка каршы ураандар менен чыга башташкан.

Мындай кырдаалда АКШнын Антанта тарабынан согушка кириши чоң мааниге ээ болду. 1918-жылдын ортолоруна келип АКШ Европага 1 млн.го жакын кошуун киргизген эле. Август айында Антанта мамлекеттери демилгени өз колдоруна алып, бардык фронттордо чабуулга өтүшкөн. Германия жеңилген.

**1918**-жылы **11**-ноябрь күнү Германия делегациясы Антанта мамлекеттери тарабынан коюлган шарттарга кол койгон жана согуш аяктагандыгы жарыяланган.

1914–1918-жылдардагы Биринчи дүйнөлүк согуш мына ушундай аяктаган эле. Германия жана анын союздаштары жеңилишкен. Жеңген мамлекеттер

## БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШКА ТИЕШЕЛҮҮ МААНИЛҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Согуштун узактыгы** | 4 жыл 3,5 ай | **Мобилизацияланган күчтөрдүн саны** | 74 млн. дон ашуун |
| **Согушта катышкан мамлекеттердин саны** | 38 | **Курман болгондор жана жарадар болуп өлгөндөрдүн саны** | 13,6 млн. дон ашуун |
| **Согушуп жаткан мамлекеттердин калкынын жалпы саны** | 1,5 млрд | **Жараланган жана майып болгондордун саны** | 20 млн. дон ашуун |

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




тарабынан Германиянын талануусу, аны тиз чөктүрүү үчүн кылынган аракеттер – булардын бардыгы аларга каршы реакция катары реваншизмдин пайда болушуна алып келди жана фашисттердин бийликке келүүсүн жеңилдеткен. Чындыгында миллиондогон адамдардын өлүмүнө себеп болгон, кең көлөмдөгү кырсыктарга алып келген согуштан дээрлик эч бир мамлекет туура жыйынтык чыгарбаган эле. Бул болсо биринчисинен да коркунучтуу гуманитардык кырсыкка – Экинчи дүйнөлүк согуштун болушуна алып келген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Дүйнөлүк коомчулук үчүн согуштардын, алсак, Биринчи дүйнөлүк согуштун терс натыйжаларын өзүндө чагылдыруучу видеоролик даярда.*

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышына кандай окуя шылтоо болгон. Согуштун башталуу себептери эмнелерден турган?**
2. **Япония биринчи дүйнөлүк согушта кандайча катышкан?**
3. **1916–1918-жылдардагы согуш аракеттеринин негизги өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бер.**
4. **Биринчи дүйнөлүк согуш кандай кесепеттер менен аяктады?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 10-тема

# Либералдык-демократиялык мамлекеттерде өнүгүүнүн жаңы көйгөйлөрү


**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**


1. Либерализм жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Демократия термини качан жана каерде пайда болгон?
3. Либералдык-демократиялык мамлекеттерге кайсы мамлекеттер кирет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




THE TREATY OF PEACE

THE ALLIED AND ASSOCIATED POWERS

GERMANY,

TREATY

FRANCE AND GREAT BRITAIN

Версаль келишими

## ЭСКЕ АЛ

*Биринчи дүйнөлүк согуш адамзат үчүн кандай кесепеттерге алып келген?*

Биринчи дүйнөлүк согуш дүйнөнүн саясий картасын өзгөртүп жиберген жана эл аралык мамилелерге чоң таасирин тийгизген. Германия, Австрия-Венгрия, Россия жана Осмон империялары талкаланып кеткен. Согуш аяктаары менен жеңген мамлекеттер эл аралык мамилелерде жаңы тартип орнотуу, согуштан кийинки дүйнөнүн түспөлүн белгилөө үчүн Парижге чогулушкан.

## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Сенин оюңча, дүйнөдө тынчтыкты сактоо, элдердин ортосунда өз ара кызматташтыкты жолго коюу жана коопсуздук маселелери негизги милдеттер кылып белгиленген Улуттар Лигасында кандай артыкчылыктар берилиши керек эле?*

Парижге жакын жердеги Версаль сарайында 1919-жыл 18-январдан 1920-жыл 21-январга чейин 27 мамлекеттин өкүлдөрү катышуусунда тынчтык конференциясы болуп өткөн. Конференция жараянындагы узакка созулган күрөштөн соң Германия менен тынчтык келишими шарттары келишилген. 1919-жыл 28-июнда Германия Версаль тынчтык келишимине кол койгон. Келишимге ылайык, Германия Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы үчүн жалгыз жооптуу мамлекет деп жарыяланган.

Согуш либералдык-демократиялык мамлекеттердин беделин арттырып жиберген. Согуштун максаты – дүйнөнү демократия үчүн коопсуз кылуу, деп белгилешкен. Ушундан келип чыгып, 1919-жылы эл аралык уюм – Улуттар Лигасы түзүлгөн. Дүйнөдө тынчтык үчүн күрөш, элдердин ортосунда кызматташтык жана коопсуздук маселелери Улуттар Лигасынын негизги милдеттери кылып белгиленген.

Жеңилген мамлекеттер – Германия жана Түркиянын колониялары жеңген мамлекеттер тарабынан бөлүп алынган. Муну мыйзамдаштыруу үчүн **Улуттар Лигасы Уставына мандат** түшүнүгү киргизилген.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ыраакы Чыгыш жана Тынч океанындагы талаштуу көйгөйлөрдү чечүү жана деңиздеги куралдарды чектөө максатында **1921-жыл ноябрь – 1922-жыл февраль** айларында **Вашингтон конференциясы** болуп өткөн. Вашингтон конференциясында АКШ, Улуу Британия, Франция жана Япониянын ортосунда келишимге кол коюлган.

1919–1923-жылдарда кол коюлган келишимдер жана дүйнөдөгү күчтөрдүн жаңы катышы эл аралык мамилелердин Версаль-Вашингтон системасы атын алган. **Версаль-Вашингтон системасы** бир топ мамлекеттердин дүйнөгө өкүмдарлыгын дүйнө саясатында АКШнын таасиринин сезилерлүү күчөгөндүгүн көрсөткөн.

## АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин либералдык-демократиялык мамлекеттердин жетекчиси АКШ болуп калган. Бирок америкача гүлдөп-өсүүнүн жана алдыңкы капиталисттик мамлекеттер экономикасынын бошоң жагы да болуп, ал дайыма болуп туруучу кризистерде көрүнөт. 1929-жылы 24-октябрда Нью-Йорк фонд биржасында башталган кризистин айынан туруктуу өнүгүү доору аяктаган. АКШнын артынан бардык капиталисттик дүйнө дүйнөлүк экономикалык кризисинин куюнуна түшүп кеткен. Бул кризис капиталисттик чарба түрүнүн XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштары үчүн мүнөздүү болгон тарыхый эволюциясын аягына чыгарган.

### ЭСТЕ ТУТ




*Парижге жакын жердеги Версаль сарайында* ***1919-жыл 18-январдан 1920-жыл 21-январга чейин*** *27 мамлекеттин өкүлдөрү катышуусунда тынчтык конференциясы болуп өткөн.*

***1919-жыл 28-июнда*** *Германия* ***Версаль тынчтык келишимине кол койгон****.*

*Ыраакы Чыгыш жана Тынч океанындагы талаштуу көйгөйлөрдү чечүү жана деңиздеги куралдарды чектөө максатында* ***1921-жыл ноябрь – 1922-жыл февраль*** *айларында* ***Вашингтон конференциясы*** *болуп өткөн.*

1930-жылдардын башына келип АКШ капиталисттик дүйнөнүн тан алынган жетекчисине, техникалык өнүгүүнүн жол башчысына айланган. Экономикалык кризистин бүткүл кудурети да ушул жерде көрүнгөн. Чарбанын салттуу тиби өз мүмкүнчүлүктөрүн бүтүргөн. **1929–1932-жылдары** өнөр жай өндүрүш көлөмү **50 % га** кыскарган, **13 миллионго** жакын адам өз иш жайларынан ажыраган.

1932-жылы ноябрдагы шайлоолордо Америка элине жаңы курс убада кылган Франклин Рузвельт жеңип чыккан. **"Жаңы курс"** Америка капитализминин характерин өзгөртүп жиберген. Ал АКШ экономикасын жаңы, Улуу мамлекетчилик умтулуулары күчөгөн доорго ылайыктаган. Ушундай түрдө 1930-жылдардын экинчи жарымында АКШ жана анын артынан бүткүл капиталисттик дүйнө экономикалык кризистен чыгып алган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Париж тынчтык конференциясы*

**БИЛИП АЛ**

*Версаль-Вашингтон системасы бул ...*
*1929-жыл 24-октябрда ...*
*1932-жыл ноябрь ...*
*1933-жыл ..*

Тышкы саясатта АКШ **1933-жылы** СССР менен дипломатиялык мамилелер орноткон: 1935–1936-жылдары нейтралитет жөнүндө жана согушуп жаткан мамлекеттерге курал жеткирип берүү жана кредит бөлүүнү тастыктоо жөнүндө мыйзамдар кабыл алынды. Экинчи дүйнөлүк согуш башталганга чейин **изоляционизм** АКШ өкмөтүнүн приоритеттүү саясаты болуп калган.

## УЛУУ БРИТАНИЯ

Биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңиш Улуу Британия үчүн өтө кымбатка түшкөн. Согуштан алдын кредитор болгон Улуу Британия АКШдан жана өз доминиондорунан карыздар болуп калган. Экономикалык өсүү темптери өтө төмөн болуп, кризис жана сенектик (застой) көнүмүш абалга айланган. Иш таштоо кыймылы олуттуу түс алган. Ишчилер иш акысынын ашырылышын жана иш күнүнүн кыскартылышын талап кылышкан.

Ушундай шартта башталган дүйнөлүк экономикалык кризис Улуу Британия экономикасына анчалык чоң таасир этпеген. 1934-жылдан баштап мамлекет кризистен чыга баштаган.

1937–1940-жылдары бийликке консерваторлордун жетекчиси Невилл Чемберлен келген. **1938-жылы Мюнхен келишимине** кол коюлушу натыйжасында Невилл Чемберлен 1940-жылы өкмөт башчысы кызмат ордунан отставкага чыгууга мажбур болгон. Өкмөттү XX кылымдагы Улуу Британия тарыхында өтө чоң роль ойногон саясатчы Уинстон Черчилл башкарган.

## ФРАНЦИЯ

Биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңиш Францияга да кымбатка түшкөн. Түздөн-түз согуш аракеттери болуп өткөн Франциянын аймагынын үчтөн бир бөлүгүндөгү өнөр жай мекемелери кыйраган. Акча кескин барксыздалган, Франция АКШдan карыздар болуп калган.

Бирок, башка жактан, Версаль келишимине ылайык Франция Эльзас жана Лотарингияны кайтарып алган, Саар көмүр бассейнин ээлеген, Германия

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Өз алдынча түрдө АКШ, Улуу Британия жана Франциянын орто кылымдар тарыхы менен тааныш. Ар бир мамлекеттин өнүгүүсүнө мүнөздүү болгон жактарды анализдик камтып ал. Пикириңди дептериңе чакан эссе түрүндө жаз.*

колонияларынын эсебинен өз империясын кеңейткен.

Кризис жылдары Францияда өндүрүштүн өсүү темптери басаңдап, өнөр жай өндүрүшү кескин төмөндөп кеткен. Өнөр жай өндүрүшү 1930-жылдардын аягында да кризистен мурдагы даражасына жетпеген. Францияда бийликке оңчулдар келгенден соң фашисттик режимдин орнотулушу реалдуу коопко айланган. Мамлекетте фашисттер активдешкен бир маалда өкмөт кийлигишпөө саясатын алып барган. Бул саясатты ошол доор француз саясий элитасынын чоң бөлүгү кабыл алган. Дал ушул абал Үчүнчү республиканы кырсыкка алып келген негизги факторлордон бири болгон.

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Изоляционизм –** бул башка мамлекеттер, улуттар, элдер, этникалык топтордун иштерине кийлигишпөө идеясына негизделген тышкы саясаттын багыттарын белгилөө.

**Мандат** – кайсы бир адамдын артыкчылыктарын, белгилүү бир нерсеге болгон укугун тастыктоочу документ.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Версаль тынчтык келишими Европа картасында чек аралардын кандай өзгөрүүсүнө алып келген?**
2. **Версаль-Вашингтон системасы эмне себептен пландаштырылгандай бекем эмес эле?**
3. **Нью-Йорк фонд биржасында башталган кризис ушул доор экономикасы үчүн кандай кесепеттерге алып келген?**
4. **Бул доордо АКШ, Улуу Британия жана Франция үчүн тышкы саясатта жол коюлган эң чоң кемчилдиктер эмнелерден турат эле?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



11-
тема

# Тоталитардык-авторитардык диктатура мамлекеттери: жаңы согуш очогунун пайда болушу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Авторитардык диктатура мамлекеттери кандай себептерден улам пайда болгон?
2. Биринчи дүйнөлүк согушка чейин болуп өткөн дүйнөлүк мааниге ээ кандай согуштарды билесиң?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XX кылымда модернизация жараянын баштаган көпчүлүк мамлекеттерде жаңы типтеги саясий режимдер калыптанды жана алар **тоталитаризм** атын алды. Бул мамлекеттер коомдун турмушунда мамлекеттин ролу өтө жогорулугу, коомдо бирдиктүү баалуулуктар системасы, идеология, саясий программаларынын бар экени менен айырмаланып турат.

XX кылымда бири-бирине карама-каршы турган эки тоталитардык идеологиялар – фашизм жана большевизмдин негизинде тоталитардык мамлекеттер пайда болгон.

**ЭСКЕ АЛ**

*"Мамлекет жана укуктун негиздери" сабагынан алган билимдериңе таянып, мамлекеттер башкаруу формасына карай кандай түрлөргө бөлүнүшүн аныкта. Бул түшүнүктөргө мүнөздөмө бер.*

## РОССИЯДА БОЛЬШЕВИКТЕР БИЙЛИГИНИН ОРНОТУЛУШУ



*Октябрь революциясы*

Маалым болгондой, **1917**-жыл Февраль революциясы натыйжасында Россияда монархия кулатылган, бирок бул мамлекетте демократиялык тартиптердин орнотулушуна алып келбеген. **1917-жыл 7-ноябрда** ишке ашырылган мамлекеттик төңкөрүш натыйжасында совет бийлиги орнотулду. В.Ленин башчылыгындагы большевиктер өкмөтү – Элдик комиссарлар совети түзүлдү.

1917-жылы большевиктер бийликке келиши менен башталган **жарандар согушу** 1922-жылга чейин уланган жана анда 1 миллионго чейин адам курман болгон. Түркстанда советтерге каршы куралдуу күрөш 1930-жылдардын ортолоруна чейин созулган. Жарандар согушу учурунда Антанта мамлекеттеринин Россияга каршы баскынчылык аракеттери да болуп, ал чет эл интервенциясы деп аталды.

1918–1922-жылдары Советтер республикасында экономиканы башкаруунун аскердик усулу – **"аскердик коммунизм"** саясаты орнотулду. Ал жарандар согушунда жеңишке жетишүү үчүн мамлекеттеги бардык ресурстарды багыттоонун өзгөчө системасы эле.

Бул доордо ишке ашырылган маанилүү иш-чаралардан бири **1922-жыл 30-декабрь** күнү мурдагы Россия империясы аймагында Советтик Социалистик Республикалардын Союзу **(СССР)** нун түзүлүшү болгон. Баштап СССРге Россия, Украина, Белоруссия жана Кавказарты республикалары кирген. 1924-жылы Кавказарты жана Орто Азияда улуттук-аймактык чек аралануу саясаты өткөрүлүп, улуттук советтик республикалар түзүлгөн.

1921-жылы совет мамлекети күчтүү экономикалык жана саясий кризисти баштан өткөргөн. Мамлекетти оор кризис абалынан алып чыгуу үчүн большевиктер "аскердик коммунизм" саясатынан баш тартып, **жаңы экономикалык**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**саясат (ЖЭС)** деп ат алган курска өтүүгө мажбур болду. ЖЭСтин мазмуну базар экономикасын бир аз калыбына келтирүү, аны экономикалык кызыкчылык жана чарбалык эсептин негизинде өнүктүрүүдөн турган болчу. ЖЭС жеке ишкерликти колдоого алган, экономиканын өсүүсүнө көмөктөшкөн. ЖЭС мамлекеттин элдик чарбасын калыбына келтирүү, өндүрүш жана сооданы жолго коюу, оор экономикалык абалдан чыгып алуу мүмкүнчүлүгүн берген. Бирок ЖЭС СССРде базар мамилелеринин орнотулушуна алып келбеген. 1920-жылдардын ортолорунан акырындап ЖЭСти жокко чыгаруу башталган.

*Большевиктердин башчысы В. И. Ленин*

## Индустриалдаштыруу

**1920**-жылдардын аягы – 1930-жылдардын башында ишке ашырылган эң маанилүү иш-чара мамлекетти индустриялдаштыруу болгон. 1928–1932-жылдарга пландалган биринчи беш жылдык советтик пландуу экономика доорун баштап берген. Ушул жылдары 1500 ири өнөр жай ишканалары курулган. Биринчи беш жылдыкта советтик оор өнөр жайдын негиздери жаратылган.

## Коллективдештирүү

**1928**–1933-жылдары СССРде **коллективдештирүү** деп аталган саясат ишке ашырылган. Мунун натыйжасында айылдагы өзүнө ток дыйкандар, жер ээлеринин баары мүлкүнөн ажыратылган, көпчүлүгү кулак катары камалган, сүргүнгө айдалган, өлтүрүлгөн. 1933-жылдагы аянычтуу ачарчылыкта Украина, Кубань, Волга боюу, Казакстанда 7 **млн. дон** ашуун адам каза болгон.

## ЭСТЕ ТУТ




*1917-жылы Февраль революциясы натыйжасында Россияда монархия кулатылган.*

*1921-жылы совет мамлекети күчтүү экономикалык жана саясий кризисти баштан өткөргөн.*

*1928–1933-жылдары СССРде коллективдештирүү деп аталган саясат ишке ашырылган.*

1933–1937-жылдарды камтып алган экинчи беш жылдыкта өнөр жай дүркүрөп өсүп, СССР өнөр жай өндүрүшү боюнча дүйнөдө АКШдан кийин экинчи орунга чыгып алган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ

Сабатсыздыкты жоюу, жаңы типтеги совет мектептеринин системасын жаратуу, элдик интеллигент кадрларды даярдоо, большевиктердин көзөмөлү астында жана маркстзм-ленинизм идеологиясынын негизинде илим, адабият жана искусствону өнүктүрүү, элдин жашоо маданиятын арттыруу тарыхта “маданий революция” аталышын алган.

Маданий революция өзүнүн бардык карама-каршылыктарына карабай, көптөгөн олуттуу көйгөйлөрдү чечкен. Калктын жашоо маданиятын жогорулатууга карай олуттуу кадам ташталган. Сабатсыздыкка каршы күрөштө чоң ийгиликтерге жетишкен. Билим берүү системасы толук реформаланып, **1930-жылы** mмилдеттүү башталгыч билим берүү киргизилген. Бирок бул жараяндар калктын аң сезимине коммунистик идеологияны сиңдирүү менен кошуп алып барылган.



*Адольф Гитлер (оңдо)*

## ИТАЛИЯ

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки жалпы кризис шартында Бенито Муссолини башчылыгында 1919-жылы түзүлгөн фашисттер партиясы активдешип кеткен. 1921-жылы фашисттер кыймылы бир кыйла расмий түс алып, мамлекеттин саясий кудуретин чыңдоого каратылган улутчулдук үгүттөрү алып барылган. Фашисттер 1921-жылдагы парламент шайлоолорунда 30 орунга ээ болушкан. 1922-жылы октябрда фашисттик топтордун белгилүү Римге жасаган жүрүшүнөн соң король Виктор Эммануэль III Муссолинини өкмөт башчысы кылып дайындаган.


Итальян фашизми атайын диктатура катары тоталитардык жана авторитардык белгилерге ээ эле. Анын идеологиялык системасы католицизм, салттуулук, социализм идеялары менен жуурулган улутчулдук пайдубалынын үстүнө курулган.

Фашисттер бардык тоталитардык режимдерге мүнөздүү болгон агрессивдүү саясатты күч алдырган. 1935 – 1936-жылдарда Эфиопия, Эритрея жана Сомалинин бир бөлүгү Италиянын колониясына айландырылган. **1937-жылы** Италия Улуттар Лигасынан чыккан жана Германия жана Япония менен союзга биригип, өзүнүн агрессивдүү саясатын уланткан жана Экинчи дүйнөлүк согуштун башталуусунун себепчилеринен бирине айланган.



*Фашисттик топтордун Римге жүрүшү*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ГЕРМАНИЯ

Германия Биринчи дүйнөлүк согушта жеңилүүгө учураган. Согуштан кийин бул жерде революциялык окуялар болгон. 1918-жылы ноябрга келип козголоңдор Германиянын бардык ири шаарларын камтып алган. Германия республика деп жарыяланган. 1919-жылы 31-июлда Веймар шаарында Уюштуруу жыйыны революциячыл маанайдагы калктын демократиялык талаптарын кандыруучу конституцияны кабыл алган. Германиянын тарыхында жаңы – Веймар республикасынын доору башталган.

**1919-жылы** Адольф Гитлер башчылыгында Германия национал-социалисттик жумушчулар партиясы түзүлгөн. **1923-жыл ноябрда** Мюнхен шаарында **“Пиво козголоңу” атын алган** козголоң көтөрүлгөн. Бул Германияда нацисттердин бийликке келүү үчүн биринчи аракети эле. Ийгиликсиздик менен аяктаса да, дал ошол “Пиво козголоңу” нацисттик партияны Германия масштабындагы саясий күчкө айландырган.


1932-жылы болуп өткөн шайлоолордо национал-социалисттер жеңип чыгып, эң ири парламенттик партияга айланган. **1933-жыл 30-январда** президент Пауль фон Гинденбург рейхстагда (парламент) эң чоң фракцияга ээ болгон национал-социалисттер жол башчысы – Адольф Гитлерди рейхсканцлер (өкмөт башчысы) кызмат ордуна дайындаган. Веймар конституциясы жоюлган, **1934-жылы** президент Гинденбург каза болгондон соң Гитлер Германиянын фюрери (көсөмү) болуп алган.

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Ушул доордо Россия, Италия, Германия жана Япония эмне себептен тоталитардык же авторитардык диктатура мамлекеттерине айланган?*

*Тоталитардык же авторитардык диктатура башкаруусу жогоруда аттары аталган мамлекеттер тарыхында кандай кесепеттерге алып келген?*

Гитлердин тоталитардык режиминин негизги максаты “жеткилең эмес расаларды” баш ийдирүү, чоң аймактарды ээлөө үчүн Германияны согушка даярдоодон турган. 1936–1939-жылдары Германия экономикасы толук согуш максаттарына баш ийдирилген, аскердик каражаттар 10 эсе арттырылган, кошуундардын саны 1914-жылдагы даражасына жеткирилген, аскердик-деңиз флоту реормаланган. **1935-жылы** жалпы аскердик милдеттеме жөнүндөгү мыйзам күчкө кирген. Германия чоң согушка даярдана баштаган. Германиянын тоталитардык режимине Италия жана Япониядагы ушундай режимдер союздаш болушкан.



## ЯПОНИЯ

XX кылымдын башында Япония дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттерине көз каранды болуп калбаган, салыштырмалуу жогору даражадагы экономикалык жана аскердик өнүгүүгө жетишкен Азия регионундагы жалгыз мамлекет эле. Японияда калыптанган тоталитардык система өзүнө мүнөздүү авторитардык-монархиялык формага ээ эле.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Өз алдынча "Берлин - Рим - Токио үч бурчтугунун" тарыхы менен таанышь. Бул союздун ишмердүүлүгүн талда. Оюңду чакан эссе түрүндө жаз.*

1920-жылдардын ортолоруна келип мамлекетте өнөр жай төңкөрүшү болгон. 1925-жылы өнөр жай продукцияларын өндүрүү даражасы 1919-жылдагы даражасынан өтүп кеткен. Өндүрүштү концентрациялоо жараяны уланган. Оор өнөр жайда “Мицубиси” жана “Сумитомо” концерндери өз позицияларын чыңдап алышкан.

1929–1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис япон экономикасына чоң зыян келтирген. Япония өкмөтү кризистен чыгуунун жолу катары экономиканы милитаризациялоону жана агрессивдүүлүктү тандаган. Япония “Жаш офицерлер” таасири астында баскынчылык жолунан тез кеткен.

**1936-жылы** Япония жана Германия «Антикоминтерн пакты**»** деп аталуучу документке кол коюшкан. 1937-жылы ага Италия кошулган. Ошентип **“Берлин – Рим – Токио” үч бурчтугу**» деп аталуучу агрессивдүү мамлекеттер союзу пайда болгон. Бул союз Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышында негизги ролду ойногон.

Дүйнөлүк согуштар аралыгында тоталитардык мамлекеттерде ички жана тышкы саясат, экономика жана идеология бирдиктүү максатка – Биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңилүү үчүн өч алуу жана дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүүгө каратылган. Бул андан да кырсыктуу окуя – Экинчи дүйнөлүк согушка алып келди.

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Фашизм** (топ, биригүү) – тоталитардык типтеги саясий диктатурага негизделген бийликтин саясий концепциясы.

**Социализм** (социалдык) – өздүк мүлктү социалдык мүлккө айландыруу аркылуу эркиндик жана теңдик, бакыт жана жыргчылыкка жетишүү мүмкүн деп эсептөөчү окуу.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Россияда 1917-жылы большевиктер бийликке келиши менен башталган жарандар согушу кандай аяктаган?**
2. **Италияда Бенито Муссолини башчылыгындагы өкмөттүн негизги максаты эмнелерден турган?**
3. **Гитлердин тоталитардык режиминин негизги максаты кайсы өзгөчөлүктөрүндө даана көрүнөт?**
4. **Японияда калыптанган тоталитардык системасынын өзүнө мүнөздүү белгилери эмнелерде көрүнгөн?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




# 12-тема

# Азия мамлекеттеринде эгемендик жана өнүгүүнүн көйгөйлөрү

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Азия мамлекеттеринен кайсыларын билесиң?**
2. **Эгемендик түшүнүгүнө мүнөздөмө бер.**
3. **Азия жана Европа мамлекеттеринин өнүгүшүндөгү жалпы көйгөйлөр эмнелерден турган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭСКЕ АЛ

*Жаңы доордо Батыш Европада Франция жана Германиянын мамилелери курчушуна себеп болгонжагдайларды тап.*

Биринчи дүйнөлүк согуштан соң Азиянын Түркия, Иран, Кытай, Индия, Ооганстан сыяктуу мамлекеттеринде улуттук-боштондук кыймылдары күчөгөн. Ушул мезгилде Түркстанда да улуттук-боштондук кыймылы уланган. Улуттук күчтөрдүн жеңиши Азиянын геосаясий картасынын олуттуу өзгөрүшүнө алып келген. Жарым колониалдык система жоюлган, Осмон империясы талкаланып кеткен, ордуна жаңы мамлекеттер, мисалы, Түркия Республикасы пайда болгон. Бир топ Азия мамлекеттеринде Батыш үлгүсүндөгү **модернизациялоо** жараяндары ишке ашырылган.

## ТҮРКИЯ



*Султан Мехмед VI Вахидеддин*

Осмон империясы Биринчи дүйнөлүк согушта жеңилүүгө учураган. Империянын аймагы оккупацияланган. Антанта мамлекеттери Осмон империясына караштуу жерлерди бөлүп алуу планын түзө баштаган. Империянын өз аймагынан сырттагы бардык жерлери аннекцияланган жана Улуттар Лигасынын мандаты астына өткөн. Мамлекетте каршылык кыймылы башталган. Кыймылга **генерал Мустафа Кемал паша** башчылык кылган.

Узакка созулган салгылашуулардан соң **1922-жыл октябрда** М.Кемалдын кошуундары бүткүл Түркиянын аймагын бошотушкан. **1922-жыл 1-ноябрь** күнү Түркия Улуу Улут жыйыны монархияны жойгон. Султан Мехмед VI тактыдан кулатылган жана мамлекетти таштап чыгып кеткен. **1923-жылы Лозаннада** Улуу Бри-

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тания, Франция жана башка бир топ мамлекеттер менен М.Кемал өкмөтү кол койгон жыйынтыктоочу келишимге ылайык, Түркия өз суверенитети жана аймактык бүтүндүгүн сактап калган.

**1923-жыл 29-октябрда** Түркия республика деп жарыяланган, М. Кемал республиканын президенти болуп шайланган. Мамлекетте алысты көздөп ишке ашырылган реформалар башталган.



## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Сенин оюңча, орто кылымдар доорунда жана жаңы доордо кудуреттүү болгон Осмон империясынын Биринчи дүйнөлүк согушта жеңилүүгө учурашына себеп болгон негизги факторлор эмнелерден турган?*



*Президент Мустафа Ататүрк*

Реформалардын башкы максаты – мамлекетти модернизациялоо деп жарыяланган. Бул Европа цивилизациясынын бардык өнүгүүнү жактоочу баалуулуктарын кабыл кылуу жана аларды Түркиянын шартына ылайыкташтырууну билдирген. Менталитет, андагы догматизм жана түркөйлүк реформалар үчүн негизги тоскоолдук экендигин М.Кемал жакшы түшүнгөн. Ошол себептен ал реформаларды диндн баштаган.

1924-жыл Улуу Улут жыйыны халифалыкты жоюу жнүндө чечим кабыл алган. Муну менен дүйнө мусулмандарын бириктирип туруучу система жок кылынган, дербиштик ордендери жана дербишканалар таратып жиберилген. Дин жана вакф иштери боюнча министрлик да жоюлган, вакф мүлктөрү улутташтырылган (национализация). Шарият соттору жоюлган. Медреселер жабылып, бардык мектептер Агартуу министрлигинин карамагына өткөрүлгөн. Араб алиппесинен баш тартылып, латын алиппеси жолго коюлган. европача фамилиялар киргизилип, Улуу Улут жыйыны М.Кемалга расмий түрдө **"Ататүрк"** деген наамды берген.

Ататүрк тышкы саясатынын негизги милдети Түркиянын эл аралык аброюн арттырууга каратылды. **1932-жылы** Улуттар Лигасына мүчө болгон Түркия бардык мамлекеттер менен достук мамилелер орнотууга аракет кылган.

М.Кемал Германия менен мамилелерге өзгөчө көңүл бурган. Түркия тышкы соодасынын жарымынан көбүрөөгү Германиянын үлүшүнө туура келчү. **1941-жылы** Германия менен достук келишими түзүлдү. Түркия Экинчи дүйнөлүк согушта расмий түрдө бейтарап калган болсо да, бийликчил чөйрөлөрдүн басымдуу бөлүгү Германияга кайдыгер эмес эле.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КЫТАЙ



*Сунь Ятсендин президенттик кызматка киришүүсү*

1919-жыл Париж конференциясында Кытай өз талаптары менен катышкан. Бул талаптар япон кошуундары тарабынан Кытайдын аймагын басып алууну токтотуу, Кытайдын суверенитети жана аймактык бүтүндүгүн таануудан турган. Батыш мамлекеттери буга ыраазы болушпаган жана Кытайга расмий түрдө каршы жооп берилген.

Мындан кыжырданган кытайлык студенттер **1919-жылы 4-май** күнү Пекинде демонстрация баштаткан. Студенттер кыймылы бүткүл Кытайды олку-солку кылган жана өтө чоң оң натыйжаларга алып келген.

**1920-жылы июлда** Пекиндеги өкмөт кулатылып, бийликке Улуу Британия жана АКШ тарабынан колдоп-кубатталган **У. Пейфу** келген. Натыйжада 1921–1922-жылдары Вашингтондо болуп өткөн конференцияда бардык катышуучу мамлекеттер Кытайдын суверенитети жана аймактык бүтүндүгүн гарантиялашкан.

Кытай революциясын уюштурууда Сунь Ятсендин ролу теңдешсиз. 1921-жылы ал Кытай республикасынын президенти кызмат ордуна шайланган. Бирок мамлекеттин түндүгү жана чет мамлекеттер Сунь Ятсендин өкмөтүн таанышпаган. **1925-жылы** Сунь Ятсен каза болгондон соң мамлекетти тынч жол менен бириктирүү мүмкүнчүлүгү жокко чыккан.

1925-жылы жазда шанхайлык буржуазия, студенттер жана жумушчулардын өкүлдөрү мамлекеттеги англичандарга каршы каратылган кыймылды башташкан. Бул мекенчилдик кыймылы **“30-май кыймылы”** атын алган жана Кытайдын



**ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ**

*Түркия жана Кытайда жаңы мамлекеттик башкаруу формасын тандоонун өзүнө мүнөздүү кейгейлөрү эмнелерден турган?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

суверенитетин кайра тикелөө урааны астында өткөн. Революцияга **Гоминьдан партиясы** башчылык кылган. 1928-жылдын аягына келип бүткүл мамлекет расмий түрдө Пекиндеги Гоминьдан өкмөтү башчылыгында бириккен.

Ушул доордо гоминьданчылар менен коммунисттердин ортосуна бөлүнүү жүз берген. Коммунисттер Кытайда социализм куруу планын илгери сүрүшкөн. Алар **1931-жылы Кытай Совет республикасын** жарыялашкан жана Мао Цзэдун анын төрагасы болуп шайланган. Гоминьдан менен коммунисттердин ортосунагы күрөш жыйырма жылга созулган жарандар согушуна айланып кеткен.

## ИНДИЯ



*Индиянын жетекчиси Махатма Ганди*

Англичандардын колониалдык өкмөтү Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында Индияга өзүн өзү башкаруу укугун убадалаган эле. Бирок инд калкынын үмүтү ишке ашпады, Индиянын статусу өзгөрбөгөн.

Ушундан соң 1920–1940-жылдардагы инддердин зордукчулдуксуз массалык чыгууларын уюштурууда инд калкынын Улуу перзенти **Махатма Гандинин** ролу теңдешсиз болгон. Дүйнөлүк согуштардын аралыгында Ганди Индия Улуттук конгресси (ИУК) партиясынын идеялык башчысы, элдик кыймылдын жетекчисине айланган. Ал иштеп чыккан зордукчулдуксуз каршылык көрсөтүү тактикасы куралдуу кагылышуулардан, миллиондогон адамдарды өлүмдөн сактап калган.

**БИЛИП АЛ**

*М.Кемал – ...*

*1941-жылы –...*

*1921-жылы Кытайда– ...*

*1931-жыл сентябрда –...*

*1932-жыл 1-мартта – ...*

*“Индияны башкаруу жөнүндөгү” мыйзам – ...*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ


Махатма Ганди

*Өз алдынча түрдө Махатма Гандинин ишмердүүлүгү менен тааныш. «Индия тарыхында Махатма Ганди» темасында хронология түз. "Махатма Гандиден» аттуу окуу долбоорун даярда.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Оккупация** (латынча *occupatio* – "ээлөө", "басып алуу") – согуш алып барып жаткан жак куралдуу күчтөрүнүн башка мамлекеттин жерлерин басып алып, убактылуу ээлеп турушу.

**Аннекция** – башка бир мамлекеттин аймагын бүтүндөй же бөлүктөп ээлеп алуу же өз мамлекетине кошуп алуу саясаты.

**Догматизм** – белгилүү бир шартта кандайдыр бир идея же принципке катуу ишенип, аны абсолютташтыруунун негизинде калыптанган эреже жана тартиптерди реалдуу шарт, жагдайды эсепке албастан караманча колдонуу же ушуга умтулуу.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Биринчи дүйнөлүк согуш Түркия үчүн кандай аяктаган?**
2. **1921–1922-жылдары Вашингтондо болуп өткөн конференция Кытай үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү сунуштаган?**
3. **Япондордун 1931-жыл сентябрда баштаган Кытайга чабуула кандай аяктаган?**
4. **Эмне себептен Индияда XX кылымдан баштап козголоңдор эмес, тескерисинче инддердин зордукчулдуксуз жалпы чыгуулары кеңири жайылган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



13-
тема

# Африкада улуттук кайра жаралуу жана эгемендик идеяларынын пайда болушу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Орто кылымдарда Африкада бар болгон кайсы мамлекеттерди билесиң?
2. Африканын өнүгүшүнө терс таасир көрсөткөн факторлор эмнелерден турган?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ферхат Аббас

## ЭСКЕ АЛ

*Түндүк, Түштүк жана Борбордук Африка түшүнүктөрүнө мүнөздөмө бер.*

Африка материгин кең мааниде эки аймакка бөлүү мүмкүн: Түндүк жана Тропикалык Африка. Африка материгинин түндүк бөлүгү араб-ислам цивилизациясынын бир бөлүгүнө айланган. Бул аймак дайыма Жакынкы Чыгышка умтулуп жашайт жана ушуну менен Африканын калган бөлүгүнөн айырмаланат. Түндүк Африкада Египет, Альжир, Тунис, Марокко, Ливия жайгашкан.

## ТҮНДҮГҮҮ АФРИКА

1922-жыл февралда Улуу Британия өз протекторатын бекер кылып, Египеттин толук эгемендигин тан алган. **1923-жылы** кабыл алынган конституцияга көрө, Египет монархия деп жарыяланган.

**1941-жылы** Египеттин аймагына Германия жана Италиянын кошуундары киргизилген.

**Альжир, Тунис жана Марокко** Франциянын колониялары болуп, Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин да ушул абал сакталып калган. Дүйнөлүк согуштар аралыгында Альжирде Ферхат Аббас, Тунисте Хабиб Бургиба, Мароккодо Абдул Карим башчылыгында улуттук-боштондук кыймылдары күч алган. Бул аракеттер жеңишке жетишпеген болсо да, аймактагы араб элдеринин улуттук жана саясий аң-сезиминин өсүүсүндө чоң роль ойногон.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында көптөгөн мусулмандар Францияны колдоп-кубатташкан, француз армиясынын катарына кошулушкан. 1940-жылы Франция жеңилүүгө учурагандан соң Альжир жана Тунис Германия менен Италиянын чийки зат базасына айландырылган.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Италия Ливияга көп миң кишилик кошуун киргизген. Ливия каршылык аракети отряддары Италия кошуундарына каршы күрөш алып барган. **1931-жылы** каршылык аракети бастырылып, анын жетекчиси өлтүрүлгөн. Ливия Италиянын колониясына айландырылган.

## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуш Африка материги үчүн кандай аяктады?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТРОПИКАЛЫК АФРИКА

XX кылымдын баштарына чейин Африканын тарыхы европалыктардын оюнда жалан гана кул соодасы жана экономикалык талоончулук менен байланыштуу эле. 1926-жылы Улуттар Лигасы тарабынан кабыл алынган “Кулдук жөнүндөгү” конвенцияда кулдук жана кул соодасына түшүндүрмө берилип, алар каралanган.

I дүйнөлүк согуштан соң Африканын түштүк жана борбордук аймактарындагы Улуу Британияга караштуу колонияларда Африка элинин жарымынан көбү жашачу. Африканын эң чоң аймагын Франция ээлеген болуп, калган аймактарды Бельгия, Португалия, Испания жана Италия өз ара бөлүшүп алган эле.

**БИЛИП АЛ**

*Африкада метрополиялар ...*

*Тропикалык Африка бул ...*

*1922-жыл февралда...*

*1931-жылы …*

## Африкада метрополиялар саясатынын өзүнө мүнөздүү жактары

Биринчи дүйнөлүк согуштан соң Африкада инфраструктура объекттери: темир жолдор, порттор, байланыш системасы, о.э, Европа тибиндеги административдик уюмдар, мектептер, ооруканалар курулду. Мисиионерлик аркылуу христиан дини тараган. Натыйжада Африканы модернизациялоо үчүн умтулуулар пайда болгон, Африканын салттуу коомуна европача элементтер кирип келген. Экономикада калктын чоң бөлүгү мурдагыдай салттуу усулда күн кечирчү, айыл чарбасы байыркы усулда алып барылчу, бир ууч калк кол өнөрчүлүк, аңчылык менен алектенип, регулярдуу эмгектенүү тажрыйбасына ээ эмес эле. Социалдык багытта эски режим (чоң үй-бүлө, урук, жамаа, уруу), уруу жана жамаа башчыларынын мурдагы иерархиясы, уруктар менен урууларды ортосундагы мамилелердин татаал системасы, кулчулук сакталып калган; жергиликтүү табып жана кечилдердин аброю дагы эле өтө жогору эле.

Саясий тармакта атүгүл жаңы саясий институттар пайда болгон жерлерде да алар эски саясий системанын негизине курулган, аларда уруу башчылары, кечилдер жана ушул сыяктуулар негизги ролду ойногон.

Маданий тармакта ийгиликтер көбүнчө жалаң гана сырткы көрүнүш эле болчу: христиандык расмийлик үчүн кабыл алынган, жергиликтүү калктын аң-сезими жана мүнөзүндө мурдагыдай салттуу маданият жана байыркы көз караштар өкүм сүргөн бойдон кала берген. Ушул жылдары боштондук кыймылы идеологиясынын калыптануусунда, анын активдешүүсүндө панафриканизм чоң роль ойногон. I Панафрика конференциясы 1900-жылы Лондондо болуп өткөн эле, бирок кыймыл **1919-жылы I Уюштуруу конгрессинде** расмийлештирилген. Конгресс Африка элдеринин саясий активдешүүсүндө чоң роль ойногон.

**1920-жылы** Африкада биринчи саясий партия – Африка Улуттук конгресси **(АУК)** түзүлгөн. Ушундан соң материктин бардык аймактарында партиялар жана профсоюздарга окшош уюмдар пайда болду.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### ЭСТЕ ТУТ

*1926-жылы Улуттар Лигасы тарабынан "Кулдук жөнүндөгү" конвенция кабыл алынган.*

*1920-жылы Африка Улуттук конгресси (АУК) түзүлгөн.*

1939-жылы II дүйнөлүк согуш башталаары менен Африка согуш катышуучулары планында өзгөчө стратегиялык мааниге ээ болгон. Жүз миңдеген африкалыктар Түндүк Африка, Батыш Европа ж.б. аймактардагы согуш аракеттенинде катышышкан. Африкалыктардан куралган улуттук аскердик бөлүктөр кийинчерээк эгемендик үчүн күрөштө маанилүү роль ойногон.

## Расизм режиминин орношу

**1910**-жыл Улуу Британиянын өзүн өзү башкаруучу доминиону катары Түштүк Африка Союзу (ТАС) түзүлгөндүгү жарыяланган. Түштүк Африка жөнүндөгү акт ТАСтын конституциясы болгон. Ал дагы 50 жыл амал кылып, дүйнөдөгү эң расист конституция катары тарыхта калган.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Өз алдынча түрдө Африка элдери цивилизацияларынын тарыхы менен тааныш. Африка элдери цивилизациянын кишилик коому өнүгүшүнө кошкон салымын талда. Пикириңди негиздеп эссе жаз.*

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*XX кылымдын башында Африка элдеринин өнүгүүсү үчүн жалпы болгон терс жана оң өзгөчөлүктөрдү мүнөздө.*

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **XX кылымдын башындагы Африка элдеринин тарыхы жөнүндө эмнелерди билесиң?**
2. **Биринчи дүйнөлүк согуш алдынан Африка материги негизинен кайсы мамлекеттердин ортосунда бөлүп алынган эле?**
3. **Европалыктарлын кирип келиши менен Африкада модернизациялоо тенденциясынын пайда болушу эмнелерде көрүнгөн?**
4. **Калк арасында салттуулукун калдыктарынын күчтүүлүгү экономикалык, социалдык жана саясий багыттарда кандай көрүнгөн?**
5. **Африка Улуттук конгресси жана Панафрика кыймылы деген эмне?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 14-тема

# Экинчи дүйнөлүк согуштун келип чыгуу себептери жана кесепеттери



**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Сомма салгылашуусу жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Верден салгылашуусу жөнүндө билгендериңди айтып бер.
3. Биринчи дүйнөлүк согуш адамзат үчүн кандай аяктаган?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЭСКЕ АЛ

*Биринчи дүйнөлүк согуштун келип чыгуу себептери жана шылтоосу эмнелерден турган? Согуштун башталышына кайсы окуя шылтоо болгон эле?*

**1933**-жылы январда Германияда Адольф Гитлер башчылыгындагы национал-социалистик жумушчу партиясы бийликке келди. Ал Германиянын Биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңилүүсү үчүн өч алууну өз алдына максат кылып койгон согушчул партия эле.

*Адольф Гитлер*

## 1938-жылдагы Мюнхен келишими

Австрия аншлюс (кошуп алуу) кылынгандан соң, Германия Чехословакияны басып алууга даярдана баштаган. Чехословакиянын Судет облусунун калкынын көпчүлүгү немис улутуна таандык эле. Гитлер бул облустун Чехословакиядан алынып, Германияга берилишин талап кылган.

Улуу Британия жана Франциянын басымы астында Чехословакия өкмөтү Германиянын талабын аткарууга мажбур болгон. Чехословакиянын капитуляциясы **1938-жыл 29-сентябрь** күнү Мюнхенде расмийлештирилди.


Мюнхен келишиминен кийин Германия менен СССРдин кызыкчылыктары убактылуу туура келген. Бул **1939-жыл 23-августта** 10 жыл мөөнөткө өз ара согушпоо жөнүндө совет-герман пактынын (Молотов Риббентроп пакты) түзүлүшүнө алып келген.

## Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы

**1939-жыл 1-сентябрь** күнү Германиянын Польшага бастырып кириши менен Экинчи дүйнөлүк согуш башталган жана **1945-жылдын 2-сентябрына чейин** уланган. Польшага жардам берүүнү убада кылган Улуу Британия жана Франция **3**-сентябрь күнү Германияга согуш жарыялаган.

**1939-жыл 17-сентябрь** күнү Польшага совет кошуундары киргизилген. Германия менен СССРдин ортосунда достук келишими түзүлүп, анда Польша мамлекети саясий картадан таптакыр өчүрүп ташталган.

**1939–1940-жылдарда** совет-фин согушу болуп өткөн. Советтер өтө чоң жоготуулардын эсебинен Карелияны СССРдин курамына кошуп алган. СССР



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштары учурунда адамзат кандай аскердик куралдарды ойлоп тапкан?*

агрессивдүү мамлекет катары Улуттар Лигасы курамынан чыгарылган. 1940-жылы мартта СССР Финляндия менен тынчтык келишимин түзүүгө мажбур болгон.

**1940-жыл сентябрда** Германия, Япония жана Италиянын ортосунда аскердик кызматташтык жөнүндө келишим – Үчтүк пакты түзүлгөн. Тез арада бул пактка Венгрия, Румыния, Словакия жана Болгария да кошулган.



*Сталинград салгылашуусу*

## Германиянын СССРге бастырып кириши

Германия менен СССР ортосундагы согуш айкын болуп, Батыш Европанын ээленишин Гитлер өзүнүн негизги планы – Чыгышка жортуул үчүн даярдык катары каралып жаткан эле. Гитлер СССРди тездик менен баш ийдирүүнү көздө туткан “Барбаросса” планын тастыктаган.

**1941-жылы 22-июнда** Германия СССРге чабуул баштаган. Согуштун кокустан башталышы совет авиациясынын чоң бөлүгү абага көтөрүлүүгө үлгүрбөстөн аэродромдордо жок кылынууга, кошуунду башкаруу жана камсыздоо системасын издеп чыгарууга алып келген.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Антигитлердик коалициянын түзүлүшү



Германия СССРге чабуул баштаары менен Улуу Британиянын премьер-министри У.Черчилл жана АКШ президенти Ф.Д.Рузвельт советтер менен бирге экендигин жарыялашкан.

**1941-**жыл августта АКШ жана Улуу Британия согуш маалы жана андан кийинки кызматташтык принциптери жөнүндөгү декларация – **Атлантика хартиясына** кол коюшкан. Бул документке кол койгон жактар аймактык жана башка байлыктарды ээлеп алууга умтулбастык, элдердин өз башкаруу формасын эркин тандоо укугун урмат кылуу, зордук көрсөтүү жолу менен суверенитетинен ажыратылган элдердин өз укуктарын кайра тикелөөгө болгон аракеттерин колдоп-кубаттоо милдеттерин өз моюндарына алышкан. **1941-жылы сентябрда** СССР Атлантика хартиясынын негизги принциптерин кабыл алган.

Тынч океанында Япония баштаган согуштук аракеттер АКШнын согушка кошулуусун жана антигитлердик коалициянын толук калыптануусун ылдамдаткан.

*Кырым конференциясы. (отургандар: солдо – У. Черчилл, ортодо – Ф. Д. Рузвельт, оңдо – И. В. Сталин)*

## Согуштун жүрүшү



АКШнын согушка кошулушу менен антигитлердик коалиция мамлекеттери материалдык жана адамдык ресурстарда сөзсүз үстөмдүккө жетишкен. Бирок согуштун жүрүшүндө дароо эле бурулуш болбогон. 1941-жылы декабрда немис кошуундары Москва босоголорунда үстөмдүктү колдон чыгарган жана согуштагы алгачкы олуттуу жеңилүүгө учураган. Бирок алардын чабуулдук духу али сындырылбаган эле. 1942-жылдын жаз-күзүндө немис кошуундары Волга дарыясына жана Түндүк Кавказга жетип келишкен. Африкада герман-италян кошуундары дагы эле Египетке кооп салып турат эле. Малайя, Бирма, Филиппин, Индонезияны басып алган япон кошуундары Индия жана Австралия босогосунда турган.

**1942-**жыл ноябрда совет кошуундары Сталинград босогосунда каршы чабуулга өтүп, немис кошуундарынын чоң тобун курчап алган. Курчоодогу немис кошуундары 1943-жылы февралда багынган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**1944-**жылы Советтер союзу өз аймагын толук бошоткон жана совет кошуундары Чыгыш Европага кирип барышкан.

Ошол жылы союздаштар Франциянын түндүк-батышына кошуун түшүрүп, Франция жана Бельгияны бошотушкан. Согуш Германиянын өз аймактарына жетип келген.

Фашизмге каршы күрөштө италян-герман кошуундары тарабынан баш ийдирилген аймактардагы улуттук-патриоттук күчтөр – генерал **де Голль** башчылыгындагы "Эркин Франция" каршылык кыймылы, **И.Б.Тито** башчылыгындагы Югославия боштондук кыймылы чоң роль ойногон.

Согуш жылдары гитлерчилерге каршы коалиция мамлекеттеринин өз ара мамилелерине таандык негизги маселелер СССР, АКШ жана Улуу Британия лидерлеринин жолугушууларында чечилген. Согуш учурунда ушундай жолугушуулар үч жолу: Тегеран (1943), Кырым (Ялта 1945-жыл февраль) жана Потсдам шаарларында (1945-жыл июль-август) болуп өткөн.

*Жеңиш туусунун орнотулушу*



## Германиянын жеңилиши

**БИЛИП АЛ**

*Версаль тынчтык келишими...*
*Улуттар Лигасы...*

**1945**-жылы **16-**апрелден **2-**майга чейин Берлин операциясы ишке ашырылып, ушул убакыт аралыгында Германиянын борбор шаары курчап алынган жана штурм менен багындырылган. Рейхстагдын үстүнө советтердин кызыл туусу орнотулган.


**1945-**жылы **8-**майда Жогорку башкы командачынын орун басары Г.К.Жуков Советтер союзунун атынан Германиянын сөзсүз жеңилгендиги жөнүндөгү актыга кол койгон. **9-**май СССРде Жеңиш күнү деп жарыяланган.

## Япониянын багынуусу жана Экинчи дүйнөлүк согуштун аякташы

**1945**-жылы 6-август күнү АКШ Япониянын Хиросима жана 9-август күнү Нагасаки шаарларына атом бомбаларын таштаган. Атом бомбаларынын жарылуусу натыйжасында жүз миңдеген бейпил калк каза болгон.

1945-жылы Советтер союзу Японияга каршы согушка кирген. **1945-жылы 2-сентябрь** күнү Япония сөзсүз багынуу жөнүндөгү пактка кол койгон. **Экинчи дүйнөлүк согуш** аяктаган. Негизин фашисттик Германия, Италия жана милитаристтик Япония түзгөн агрессивдүү мамлекеттердин блогу толук жеңилген.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Экинчи дүйнөлүк согуштун кесепеттери

Экинчи дүйнөлүк согуш дээрлик алты жылга созулган жана адамзатка өтө чоң кырсыктар алып келген. 110 млн адам согушка тартылган. 65–70 млн адам курман болгон, алардын арасында аскердик кызматчылар менен бирге миллиондогон бейпил калк да бар эле.



*Нюрнберг соту*

## Бириккен Улуттар Уюмунун түзүлүшү

Маалым болгондой, I дүйнөлүк согуштан соң дүйнөдө тынчтыкты сактоо үчүн 1919-жылдагы “Улуттар Лигасы” деп аталган эл аралык уюм Экинчи дүйнөлүк согуш башталаары менен өз маанисин жоготкон. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында антигитлердик коалиция мамлекеттеринин жетекчилери ортосунда Бириккен Улуттар Уюмун (БУУ) түзүү идеясы пайда болгон. Бул идея баштап төрт мамлекет – АКШ, Улуу Британия, СССР жана Кытай тарабынан 1942-жылы кол коюлган декларацияда өз чечимин тапкан. БУУ Уставы 1945-жылы Сан Франциско (АКШ) шаарында тастыкталган жана ушул жылы 24-октябрда күчкө кирген. Бул күн жыл сайын БУУ күнү катары бүт дүйнөдө белгиленет. Өзбекстан Республикасы 1992-жылы БУУга мүчө болгон.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Нюрнберг жана Токио сот жараяндары

Германиянын Нюрнберг шаарында 1945-жыл ноябрдан 1946-жыл октябрга чейин фашист жетекчилеринин үстүнөн сот жараяны болуп өткөн. Анда Германиянын негизги саясий жана аскердик жетекчилери жазага өкүм кылынган. Трибунал нацисттер партиясынын жетекчилигин, SS, SD сыяктуу агрессивдүү отряддарды жана гестапону (саясий полиция) кылмышкер уюмдар деп жарыялаган.

**1946-жыл майдан 1948-жылдын ноябрына чейин** Япониянын борбору Токио шаарында япон агрессиясынан жапа чеккен мамлекеттердин өкүлдөрүнөн түзүлгөн Эл аралык аскердик трибунал согушта айыптуу деп табылган япон аскердик кылмышкерлеринин үстүнөн өкүм чыгарган.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

1. *Өткүр Хашимовдун “Daftar hoshiyasidagi bitiklar” чыгармасынан алынган төмөнкү саптарды оку жана тема менен байланыштырып эссе жаз: “Согушта жеңген жана бактылуу падыша, жеңген жана бактылу кошуун, жеңген жана бактылуу мамлекет, жеңген жана бактылуу режим болушу мүмкүн. Бирок жеңген жана бактылуу адам болбойт. Анткени, согуш адамды адам өлтүрүүгө мажбур кылат. Адам өлтүргөн адам болсо эч качан бактылуу болбойт”.*
2. *Өзүң жашап жаткан аймак (шаар, айыл, маале)тагы Экинчи дүйнөлүк согуштун катышуучулары жана ветерандары жөнүндө презентация даярда.*

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Фашистларнинг багындырылышында дүйнө мамлекеттери кандай орун туткан?**
2. **Хиросима жана Нагасаки шаарларына ташталган атом бомбалары согуштун жыйынтыгына чечүүчү таасир көрсөткөнбү?**
3. **Экинчи дүйнөлүк согуштун негизги натыйжалары жөнүндө айтып бер.**
4. **БУУнун түзүлүшү согуштан кийин дүйнөдө тынчтыкты сактоодо кандай роль ойногон?**
5. **Нюрнберг жана Токио эл аралык сотторунун токтомдору кандай саясий жана тарыхый мааниге ээ болгон?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суук согуш

Суук согуш – бул ачык аскердик кагылышууга жетишпеген СССР жана АКШ башчылыгындагы эки аскердик-саясий блоктун ортосундагы глобалдуу карама-каршылык. “Суук согуш” түшүнүгү 1945-1947-жылдарда басма сөздө пайда болгон жана акырындап саясий сөздүккө кирип барган.






## Кариб кризиси

“Кариб кризиси” 1962-жылдын экинчи жарымында СССР менен АКШнын ортосундагы мамилелердин кескин курчушу болуп, бул дүйнөнү ядро согушу коркунучунун алдына койгон. Мунун түздөн-түз себеби АКШнын Түркияда ядро куралын жайгаштыруусуна жооп катары ядролук бомбаларга ээ совет ракеталарынын Кубанын аймагында жашыруун түрдө жайгаштырылуусу эле.

## Берлин дубалы

Берлин дубалы ГДРдин Батыш Берлин менен бекемделген мамлекеттик чек арасы болуп, суук согуш жана темир көшөгөнүн символу болуп эсептелет. 1989-жылга келип, ал бийиктиги 3,6 м жана жалпы узундугу 106 км болгон бетон тосмо болчу. Берлин дубалын бойлой 302 даана карool мунаралары жана башка чек ара имараттары курулган.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



III
БӨЛҮМ

# 1945 – 1991-ЖЫЛДАРДА ЕВРОПА ЖАНА ТҮНДҮК АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




15-
тема

# Батыш Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн негизги багыттары



**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Картадан бардык материктерди тап.
2. Түндүк Америка мамлекеттеринин өнүгүшү качандан башталган?
3. Батыш Европа мамлекеттеринен кайсыларын билесиң?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕФОРМАЛАР

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин дүйнөнүн эң өнүккөн бөлүгүндө болуп өткөн социалдык-экономикалык жараяндар коомдун турмушунун маанилүү багыттарында мамлекеттин ролунун андан да артып баруусун белгилеп берген. Борбордук жана Батыш Европада парламенттик демократия кайра калыбына келген.

Батыш мамалекеттеринде демократия дегенде либералдык демократияны түшүнө баштакан. Либералдык демократия үчүн эркин жана бат-баттан өткөрүлүүчү шайлоолор, мыйзамдын үстөмдүгү, бийликтин бөлүнүшү, адамдын укук жана эркиндиктеринин (сөз, ынаным, мүлк эркиндиги сыяктуулар) кепилденгендиги мүнөздүү жактары болуп калган.

**ЭСКЕ АЛ**

*Тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, демократия, фашизм, парламент демократиясы түшүнүктөрүнө мүнөздөмө бер.*

## “Жалпы жыргалчылык коому”

Атлантика океанынын эки жээги – Батыш Европа жана Түндүк Америкада калыптанган цивилизация XX кылымда “Евроатлантика цивилизациясы” атын алган. Бул цивилизация үчүн либералдык-демократиялык баалуулуктар, тез экономикалык өнүгүү жана калктын жыргалчылыгын тынымсыз өркүндөтүп баруу сыяктуу өзгөчөлүктөр мүнөздүү. 1950-жылдарда Батыш мамлекеттериндеги экономкалык өсүүнүн натыйжасында Италия, ГФР, Швеция өңдүү мамлекеттер өз «экономкалык укмушун» көрсөткөн. Илимий-техникалык революциянын таасиринде экономкада да олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Булар Батыш Европа мамлекеттеринде интеграциялык жараяндарды ылдамдатып жиберген. 1960-жылдарда Батыштын өнүккөн мамлекеттеринде калк жыргалчылыгын арттыруунун мамлекеттик кепилдиктери системасы жаратылган эле, “жалпы жыргалчылык коомун” куруу идеясы пайда болгон, аны ишке ашыруу башталган.

Экономика тармагындагы ийгиликтер, жыргалчылык мамлекеттик институттар жана механизмдердин толук калыптануусу үчүн шарт жараткан. Анда негизги орунду калктын аз камсыздалган бөлүгүнө социалдык көмөк көрсөтүү программалары, жаңы иш орундарын түзүү, билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактарын колдоого алуу, пенсия камсыздандыруусу ээлеген. Мамлекет бардык социалдык катмарлар үчүн тең мүмкүнчүлүктөр жаратуунун гарантына айланган. Мамлекеттик саясат калктын кеңири катмарынын жашоо деңгээлин жогору камсыз-

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*“Жалпы жыргалчылык коомунун” негизги багыттары эмнелерден турган?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



даган катмардын жашоо даражасына жеткирүүгө багытталган.

Бул саясаттын максаты жашоонун эң маанилүү тармактарында социалдык жеңилдиктер түзүү аркылуу коомдо социалдык теңсиздикти жоюудан турган. Бул жеңилдиктерге балалуу үй-бүлөлөргө берилүүчү жөлөк пулу системасы, мектепте акысыз билим берүү, карылык пенсиясы камсыздандыруусу, ишсиздик жана эмгекке жарамдуулук жөндөмүн жоготкону үчүн берилүүчү пенсиялар системасы жана башка ушул сыяктуулар кирет.

Бул принциптер Дания, Норвегия жана Швецияда ишке ашырылган социализмдин скандинавия же «швед модели» деп аталуучу формасында өз чечимин тапкан.



**ЭСТЕ ТУТ**

*1960-жылдарда Батыш мамлекеттеринде либералдык демократиянын өркүндөө жараяны уланган.*

*1968-жылы майда Париж студенттеринин демонстрациясы башталган.*


## 1960-жылдарда радикализмге каршы реформизм

XX кылымдын 60-жылдары бүткүл Батыш мамлекеттерин камтып алган ылдам эволюциялар доору, ошол эле учурда либералдык реформаторлуктун эң күчөгөн мезгили катары тарыхка кирген. Бул доордо ишке ашырылган ири социалдык өзгөрүүлөр Батыш коомунун түспөлүн өзгөртүп жиберген, анын жаңы баскычка өтүшү үчүн мүмкүнчүлүк жараткан жана ошол эле учурда либерализмдин мүмкүнчүлүктөрүнүн чек арасын да белгилеп берген, радикализм активдешкен.

АКШда 1960-жылдары жарандардын теңдиги үчүн аракеттер кызуу түс алган. Көп жерлерде денеси каралардын козголоңдору болуп өткөн. Буга каршы өтө оңчул кыймылдын өкүлдөрү саясий адам өлтүрүүлөрдү ишке ашыра башташкан.

Францияда мамлекеттин катуу тартипке салуу саясаты француз коомунун көптөгөн катмарларын наараазы кылган. 1968-жылы майда Париж студенттеринин демонстрациясы башталган. Президенттин демилгеси менен өткөрүлгөн референдумда шайлоочулардын көпчүлүгү президентти колдоого алышпаган. Шарль де Голль отставкага чыгууга мажбур болгон.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Батыш Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринин өнүгүүсүндө кайсы багыттар өзгөчө мааниге ээ болгон?*

XX кылымда Батыш мамлекеттеринде орун алган өнүгүү модели 1970-жылдардын аягы – 1980-жылдардын башына келип өз мүмкүнчүлүктөрүн сарптап болгон жана терең кризис абалына кирип келген.

## 1980-жылдардагы неоконсервативдүү революция

Бул кризистин белгиси 1970–1980-жылдардагы неоконсервативдүү толкун болуп, ал көптөгөн мамлекеттерде солчул саясий партиялар жана аракеттер өз беделин жоготушу, оңчул жана консервативдүү күчтөрдүн жеңишке жетишүүсү менен мүнөздөлөт.

1980-жылы АКШда Р. Рейгандын бийликке келиши жана 1984-жылы кайра шайланышы, Улуу Британияда М. Тетчер башчылыгындагы консервативдүү партиянын катарынан үч жолу жеңишке жетиши, ГФР, Италия жана Франциядагы жергиликтүү жана парламенттик шайлоолордун натыйжалары бул күчтөр тарабынан сунушталган ураандар калктын кеңири катмарынын каалоолору менен шайкеш экендигин көрсөткөн.

### БИЛИП АЛ

*“Евроатлантика цивилизациясы” – ...*

*1970-жылдары –...*

*1980-жылы АКШда –...*

*Улуу Британияда М. Тетчер*

## Илимий-техникалык революция

Илимий-техникалык өнүгүүнүн биринчи толкуну (1940-жылдардын аягы – 1950-жылдар) экономикалык инфраструктурага революциялык өзгөрүүлөрдү алып келген. Экономиканын авиакосмостук, радиотелевизиондук жана робот техникасы сыяктуу жаңы, илим талап кылынуучу, эмгек жана энергиянын сарпын үнөмдөөчү багыттары пайда болгон. Бүткүл согуштан кийинки доор үчүн мүнөздүү болгон жагдай аскердик-өнөр жай комплексинин кең көлөмдүү өнүгүүсү эле.

1970-жылдардын экинчи жарымында илимий-техникалык өнүгүүнүн маалыматтык же телекоммуникациялык революция атын алган жаңы толкуну башталаары менен заманбап капитализм өз өнүгүүсүнүн жаңы баскычына кирген. Бул революциянын натыйжасында электрондук-эсептөө машиналарынан пайдалануу, экономиканы маалыматташтыруу жана компьютерлештирүү, өндүрүштү роботтоштуруу, интегралдык схемаларды колдонуу сыяктуу таптакыр жаңы багыттар жолго коюлган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Индустриалдык цивилизациядан постиндустриалдык цивилизацияны көздөй

«Постиндустриалдык коом» терминин 1962-жылы америкалык социолог Даниэль Белл мамилеге киргизген. Постиндустриалдык коомдун өзүнө мүнөздүү жагы – бул коомдо өнөр жай эмес, маалымат иштеп чыгуунун орчундуу экени.

Өткөн кылымдын 60-жылдарында Д.Беллдин постиндустриалдык коом жөнүндөгү идеясы адамдарга утопия болуп туюлган. Ал эми бүгүнкү күндө бул идеянын көптөгөн жактары практикада өз тастыгын тапты. Ошол себептен тарыхый өнүгүүнүн азыркы баскычын индустриалдык коомдон постиндустриалдык коомго өтүү доору деп атоого болот.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Картадан пайдаланып, Батыш Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринин аймактарын карап чык. Дептериңе ар бир мамлекеттин өнүгүүсү менен байланыштуу маалыматтарды жазып, алардын ар бирин чечмеле.*

### ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Референдум** – бул жарандардын мамлекет, облус же жергиликтүү көлөмдө эң маанилүү маселелер боюнча добуш берүү жолу аркылуу өз пикирлерин түз билдтрүүлөрү болуп саналат.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **XX кылымдын 60-жылдары бүткүл Батыш мамлекеттерин камтып алган жараяндар жана алардын натыйжалары жөнүндө айтып бер.**
2. **1980-жылы АКШда Р. Рейгандын бийликке келиши, Улуу Британияда М. Тетчер башчылыгындагы консервативдүү партиянын удаалаш шайлоолордогу жеңиши эмнелерди билдирген?**
3. **Эмне себептен бул доордо Европада интеграциялашуу жараяндарына зарылдык пайда болгон?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 16-тема

# СССР жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн негизги багыттары

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. СССР качан түзүлгөн эле?
2. Картадан Чыгыш Европа мамлекеттерин тап.
3. XX кылымдын башында СССР жана Чыгыш Европа мамлекеттери өнүгүүсүнүн негизги багыттары катары эмнелерди негиз кылып алышкан.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СОГУШТАН КИЙИНКИ КАЛЫБЫНА КЕЛҮҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ

### ЭСКЕ АЛ

*СССР түзүлгөндө баштап анын курамына кайсы мамлекеттер кирген?*

Чыгыш Европанын көпчүлүк мамлекеттери – Польша, Чехословакия, Венгрия дүйнөнүн саясий картасында Биринчи дүйнөлүк согуштан соң пайда болгон эле.

Фашизм жеңилгенден соң Чыгыш Европа мамлекеттеринде бийликке антифашисттик багыттагы партиялардын (коммунисттер, социал-демократтар, либералдар жана башкалар) өкүлдөрүнөн турган коалициялык өкмөттөр келген.

"Суук согуш" башталаары менен Чыгыш Европа мамлекеттеринде да саясий күчтөрдүн карама-каршы жактарга, Батыш жана советтердин жактоочуларына бөлүнүшү болуп өткөн. Көпчүлүгүндө советтик кошуундар жайгашкан бул мамлекеттерде 1947–1948-жылдары коммунисттик көз караштарды жактабагандар өкмөттөрдүн курамынан чыгарылган.

СССРдин экономикалык жана аскердик-саясий кудуретинин артышы менен советтик жетекчилерде дүйнөнүн бир бөлүгүнө башчылык кылуу амбициясы да артып барган. СССР социализмди куруу жолуна түшкөн мамлекеттерге финансылык жана аскердик жардам көрсөтө баштаган.




### ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Советтик жетекчилик жалпы дүйнөлүк социалистик революция идеясы аркылуу эмнелерди көздө туткан?*

## СУУК СОГУШ

Европанын эки топко – бир жактан, АКШ менен жакындашуу жолун тандаган мамлекеттер, экинчи жактан, СССР менен кызматташтыкты тандаган мамлекеттерге бөлүнүүсү 1980-жылдардын аягына чейин уланган жана бул карама-каршылык дүйнө тарыхында "суук согуш" атын алган. Европа аймагында, кийин болсо дүйнөлүк масштабда бири-бирине карама-каршы турган аскердик-саясий жана экономикалык союздардын системасы калыптанган. Дүйнөнүн эң чоң мамлекеттери – АКШ жана СССР бул союздардын борборлоруна айланышкан.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## ЭСТЕ ТУТ

*1947-жылы АКШ тарабынан "Маршалл планыны" сунушталган.*

*Чыгыш Европа мамлекеттеринде 1947-1948-жылдары коммунисттик көз караштарды жактабагандар өкмөттөрдүн курамынан чыгарылган.*

*1949-жылы Өз ара Экономикалык Жардам Кеңеши (ӨЭЖК) түзүлгөн.*

**1949-**жыл январда СССР жана Чыгыш Европанын көпчүлүк мамлекеттери экономикалык союз – Өз ара Экономикалык Жардам Кеңеши **(ӨЭЖК)** түзүлгөнүн жарыялашкан. Өз кезегинде Батыш мамлекеттери **1949-**жыл апрелде Түндүк Атлантика Келишими Уюму **(NATO)** деп аталуучу аскердик-саясий уюмун түзүшкөн.

Түндүк Атлантика Келишими Уюмуна жооп катары **1955-**жылы СССР менен ага дос болгон Чыгыш Европа мамлекеттеринин аскердик-саясий союзу – Варшава Келишими Уюму түзүлгөн.

## ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Түндүк Атлантика Келишими (NATO) жана Варшава Келишими уюмдары кандай максатта жана кайсы мамлекеттердин катышуусунда түзүлгөндүгүн негизде.*

Европада эки бири-бирине каршы туруучу аскердик-саясий союздардын пайда болушу СССР менен АКШнын ортосунда гана дүйнөгө бийлик жүргүзүү үчүн күрөштүн натыйжасы эмес эле. Алардан ар бири өзүнүн улуттук-мамлекеттик кызыкчылыктары менен байланыштуу көз караштарынан келип чыгуучу дүйнөлүк моделин, элдердин өзүнө мүнөздүү жашоо мүнөзүн коргошчу.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммунисттик коом идеясы, тоталитардык социализм жана анын кризиси

1956-жыл февралдагы СССРдин коммунисттик партиясы (КПСС)нын XX съездинде Н.Хрущев доклад жасап, Сталин доорунда калыптанган жеке инсанга сыйынууну каралаган. XX съезд советтик тоталитардык мамлекеттин характерин таануу жараянын, эл аралык коммунисттик кыймылдын кризисин баштап берген, социалистик режимдин аягына чейин бул кризистен чыга албаган. Кайра куруу жылдары кирип келген ачыктык совет коомунун тазалануу жолундагы чоң кадам болгон, сталинизмдин, советтик тоталитардык режимдин кылмыштарын ачып таштаган. Эми көпчүлүк, айрыкча, жогорку интеллигенттер бул режимди реформалоо эмес, андан баш тартуу зарылдыгын түшүнүп жетишкен. СССРдеги коммунисттик идеологиянын кризиси бүткүл дүйнөдө коммунисттик кыймылдын, жалпысынан солчул идеологиянын кризисине алып келген.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Картадан пайдаланып, Түндүк Атлантика Келишими Уюму (NATO) жана Варшава Келишими Уюмунун курамындагы аймактарды көрүп чык. Дептериңе ар бир мамлекеттин уюмга эмне себептен кабыл алынганын жаз жана чечмеле.*

### ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Коммунист –** коммунизм принциптерин колдоочу, ага ишенүүчү адам.

**Либерал –** 1) эркин пикирлүү, эркин адам; сөзгө келүүчү, келишүүчү; 2) либерализмдин жактоочусу.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Чыгыш Европа мамлекеттери – Польша, Чехословакия, Венгрия дүйнөнүн саясий картасында кайсы окуядан кийин пайда болгон?**
2. **Эмне себептен “суук согуш” жараянында аскердик-техникалык факторлор эң чоң роль ойной баштаган?**
3. **Интеграциялашуу жараянында кандай экономикалык жана аскердик блоктор түзүлдү?**
4. **Тоталитардык режимдин идеологиясынын маанилүү курамдык элементтерин сана.**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



17-
тема

# АКШ: жаңы лидердин пайда болушу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Орто кылымдарда Америка материгинде бар болгон кайсы мамлекеттерди билесиң?
2. Биринчи дүйнөлүк согуш АКШ үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган?
3. Вашингтон конференциясы АКШ үчүн эмнелер берди?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



АКШ президенти Дуайт Эйзенхауэр

# СОГУШТАН КИЙИНКИ АМЕРИКА КООМУ

**ЭСКЕ АЛ**

*Түндүк жана Латын Америкасы түшүнүктөрүнө түшүндүрмө бер.*

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки доордо АКШнын өнүгүшү үчүн өтө ыңгайлуу шарт пайда болду. Согуш АКШ экономикасынын тез темптер менен өнүгүүсүн шарттаган. Согуш жылдары АКШнын өндүрүш кубаттуулугу эки эсе, экспорт көлөмү беш эсе, жалпы улуттук продукциясынын көлөмү эки эсе арткан. Ушундай түрдө АКШ экономикалык жана аскердик жактан дүйнөнүн эң кудуреттүү мамлекетине, жаңы лидерине айланган.

## Эйзенхауэр жана Кеннеди: республикачылар жана демократтар

1952-жылдагы шайлоолордо республикачылар партиясы жеңишке жетишкен. Экинчи дүйнөлүк согуштун баатыры, согуш жылдары АКШнын Европадагы кошуундарынын командачысы болгон генерал Дуайт Эйзенхауэр АКШнын президенти болуп шайланган.

Саясатта реалист болгон Д. Эйзенхауэр экономика жана социалдык тармакта мамлекеттин ролун арттыруу зарылдыгын өтө тез түшүнүп жеткен. Ошол себептүү анын администрациясы ички саясатта, айрыкча, социалдык тармакта, өзүнөн мурдагы демократтардын саясатын бир аз өзгөрүүлөр менен уланткан.

**1960-**жылдагы президенттик шайлоолордо демократиялык партиядан талапкер **Жон Кеннединин** жеңиши согуштан кийинки Америка тарыхында маанилүү окуя болгон. Ж.Кеннеди өзүнүн “жаңы маралар” деп аталган реформалык программасын сунуштаган, экономиканы стабилдештирүү жана социалдык жардам программасын кеңейтүү боюнча өтө көптөгөн иш-чараларды иштеп чыккан жана ишке ашырган.

Ж. Кеннеди **1963-жылы 22-ноябр**да экинчи жолу президент болуу үчүн шайлоо алды үгүт иши боюнча иш-чарада катышып жаткан маалда жалданма жан алгыч тарабынан өлтүрүлгөн. Бул трагедия Американын өзүндө да, бүткүл дүйнөдө да замандаштарын терең кайгыга салган.

**1964-**жылкы шайлоолордо **Линдон Жонсон** жеңишке жетишкен жана АКШнын президенти кызмат ордун ээлеген.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭСТЕ ТУТ

*1952-жылдагы шайлоолордо 1932-жылдан бери оппозицияда болуп келаткан республикачылар партиясы жеңишке жеткен.*

*1960-жылдагы президенттик шайлоолордо демократтар партиясынан талапкер – Жон Кеннединин жеңиши согуштан кийинки Америка тарыхында маанилүү окуя болгон.*

*Ж. Кеннеди 1963-жылы 22-ноябрда экинчи жолу президент болуу үчүн Техас штатынын Даллас шаарында шайлоо алды үгүтүнө байланыштуу иш-чарада катышып жэаткан маалда жалданма жан алгыч тарабынан өлтүрүлгөн.*



Жон Кеннеди

## Жарандардын укуктары үчүн аракеттер, жаңыланып жаткан коом

XX кылымдын 60-жылдары АКШда массалык нааразылык аракеттери күч алган. Социалдык жана саясий турмуштун түрдүү багыттарында сакталып калып жаткан афроамерикалыктардын кемсинтилиши каршылык аракеттеринин негизги себеби болчу.

1960-жылдардын ортолорунда афроамерикалыктардын кыймылында өз укуктары үчүн күрөштө күч колдонуу жолун тандаган топ пайда болгон. **1968-жылы 4-апрель** күнү Мемфис шаарында жарандардын теңдиги үчүн кыймылдын эң атактуу жетекчиси, афроамерикалык тынчтык боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаты, дин кызматкери **Мартин Лютер Кинг өлтүрүлгөн**. Дин кызматкерин көмүү иш-чарасы афроамерикалык калкка карата зордук иштетүүгө каршы нааразылык демонстрациясына айланып кеткен.

## ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ



Мартин Лютер Кинг


*1968-жылы 4-апрель күнү Мемфис шаарында жарандардын теңдиги үчүн кыймылдын эң атактуу жетекчиси, тынчтык боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаты, дин кызматкери Мартин Лютер Кингдин өлтүрүлүшү АКШ коомунда кандай көйгөйлөр бар экенин көрсөткөн?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Р. Никсондон Р. Рейганга чейин: өнүгүү темптери

Ушундай татаал шартта 1968-жылы болуп өткөн шайлоолордо республикачылар партиясынын өкүлү Ричард Никсон АКШнын президенти болуп шайланган. Р. Никсондун бийликке келиши менен Америка тарыхында республикачылардын кезектеги доору башталган.

Р. Никсонго кыйла оор мурас калган. Экономикалык кризисти жоюу максатында 1971-жылы Р. Никсон **“жаңы экономикалык саясатты”** жарыялаган.




*АКШнын президенти Рональд Рейган*



*АКШ вертолётторунун Вьетнамга кирип жүрүшү*

**БИЛИП АЛ**

*1960-жылдагы президенттик шайлоолордо – ...*

*1968-жылы болуп өткөн шайлоолордо –...*

*1974-жылы августта ...*

*1979-жылдагы ...*

*“Рейганомика” – ...*

**1976-жылы** Америка Кошмо Штаттары өз эгемендигинин 200-жылдыгын кең көлөмдүү майрамдар менен белгилеген. Ошол жылы өткөн президенттик шайлоолордо демократиялык партиянын өкүлү – **Жимми Картер** жеңишке жетишкен.

Ж. Картер төрт жылдык президенттик доорунда өзүнүн шайлоо алды убадаларынан көпчүлүгүн аткарууга жетише албаган. Анын президенттик доорун, айрыкча алып барган тышкы саясатын, ийгиликтүү деп болбойт. Кошмо Штаттар саясаты жана аброюна берилген өтө чоң соккулардан бири **1979-**жылдагы Иран революциясы болгон.

Жалпысынан, 1980-жылдарга АКШ кыйла алсыз ички жана тышкы позиция менен кирип келген. Мамлекеттин финансылык абалы начарлаган. Экономикада узак мөөнөттүү терс тенденциялар пайда болгон. 1980-жылдагы президенттик шайлоолордо республикачылар партиясынан талапкер **Рональд Рейган** жеңген. Демократтар сенатта жана өкүлдөр палатасында да көп орундардан айрылган.

Р. Рейгандын социалдык-экономикалык программасы **“рейганомика” аты** менен таанымал болгон. Р. Рейган экономикалык түшкүндүктү жеңип өтүүгө, жумушсуздукту кыскартууга, киреше салыгын төмөндөтүүгө, экономикалык өсүү темптерин ылдамдатууга, иш таштоо кыймылын жылоолоого жетишкен.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Булар жана башка бир топ факторлор анын 1984-жылы экинчи мөөнөткө президент болуп шай лануусун камсыздаган. Р. Рейгандын саясатындагы оң өзгөрүүлөр 1988-жылдагы кезектеги президенттик шайлоолордо республикачылар партиясынын өкүлү – **Жорж Бушка** президенттик шайлоолордо жеңүү мүмкүнчүлүгүн берген.

## Тышкы саясат

Экинчи дүйнөлүк согуштан соң кудуреттүү мамлекетке айланган АКШ СССР менен "суук согушка" киришкен, Корея, Вьетнам жана Азиянын башка аймактарында бир топ согуштарды жүргүзгөн.

1973-жылы Вьетнамдагы согуш токтотулган. 1975–1976-жылдары Вьетнам толук бирдиктүү мамлекетке бириккен. Бул Түштүк-Чыгыш Азияда Америка агрессиясынын толук жеңилүүгө учураганын билдирет эле.

1980-жылдардын аягы – 1990-жылдардын башына келип эл аралык майданда болуп өткөн "суук согуштун" аякташы, ядролук согуш коркунучунун азаюусу, СССР жана социалистик шериктештиктин тарап кетүүсү, Германиянын биригүүсү сыяктуу окуялар АКШнын саясатына олуттуу таасир көрсөткөн. АКШ дүйнөнүн бирдиктүү жана жалпы тан алынган жетекчисине айланган. Бул АКШны бир уюлдуу дүйнө тартибин жаратуу мүмкүндүгү жөнүндөгү абдан кызык, бирок карама-каршылыктуу ойго алып келген.

### ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Тынчтык боюнча Нобель сыйлыгы** дүйнөдө тынчтык орнотууга чоң салым кошкон адамдарга же уюмдарга берилет.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки доордо АКШнын өнүгүүсүндө кандай жараяндар күзөтүлгөн?**
2. **АКШнын ички саясатында ар бир президенттин кайсы жактарын белгилеп өтүү зарыл?**
3. **АКШнын тышкы саясатында татаалдык күзөтүлгөн аймактардын ошол доордогу тарыхы жөнүндө эмнелерди билесиң?**
4. **1980-жылдардын аягы – 1990-жылдардын башына келип эл аралык майданда болгон эң негизги окуялар эмнелерден турган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



18-
тема

# Улуу Британия жана Франция: Жаңы Европаны куруу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Биринчи дүйнөлүк согуш Улуу Британия үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган?
2. Биринчи дүйнөлүк согуш Франция үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## УЛУУ БРИТАНИЯ

Улуу Британия Экинчи дүйнөлүк согушта жеңген жана антигитлердик коалициянын лидер мамлекеттеринен бири катары аяктаган. Согушта фашизмдин үстүнөн жетишилген жеңиш англичан элинде оң өзгөрүүлөргө, Британия империясы элдеринде болсо улуттук боштондукка болгон күчтүү умтулууну ойготкон.

Согуштан кийинки алгачкы жылдарда Улуу Британиянын экономикасы кыйла тез темптер менен өнүккөн, 1947-жылдын аягына келип өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү согушка чейинки даражасына жеткен. Британия экономикасынын өсүүнө лейбористтер өкмөтү тарабынан ишке ашырылган мамлекеттик сектордун кыйла кеңейүүсү да таасир көрсөткөн.

1950-жылдар Улуу Британия экономикасынын жай, бирок туруктуу өсүү доору болгон. Он жыл ичинде Улуу Британиянын дүйнөлүк өндүрүштөгү үлүшү кыйла төмөндөгөн жана ошого карабастан, ал капиталисттик дүйнөдө АКШдан кийин экинчи орунду ээлеп турган.

### ЭСКЕ АЛ

*География сабагынан алган билимдериңе таянып, Батыш жана Чыгыш Европа түшүнүктөрүнө мүнөздөмө бер.*



*Премьер-министр У. Черчилл 1945-жылы 8-май күнү Уайтхоллдогу элге кайрылуусу*

### ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Сенин оюңча, жаңы доордун башынан бүгүнкү күнгө чейин Улуу Британия экономикасынын туруктуу өнүгүүсүнө себеп болгон факторлор эмнелерден турат?*

1960-жылдары да Улуу Британия экономикасынын өсүү темптери төмөн бойдон калган. Капиталисттик дүйнө өндүрүшүндө Улуу Британиянын үлүшү да азайып барган. 1960-жылдардын ортолоруна келип Германия Федеративдик Республикасы (ГФР) аны экинчи орундан, 1970-жылдардын башына келип болсо Япония үчүнчү орундан да сүрүп чыгарган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Улуу Британиянын премьер-министри Маргарет Тетчер

## М. Тетчердин доору, “тетчеризм”

1979-жылы болуп өткөн шайлоолордо консерваторлор ишенимдүү жеңишти колго киргизишкен. Өкмөттү Улуу Британия тарыхында биринчи жолу аял киши – Маргарет Тетчер башкарган.


Консерваторлордун социалдык-экономикалык курсунун негиздери 1970-жылдардын ортолорунда кабыл алынган “Туура мамиле” аттуу программалык документте өз чечимин тапкан эле. М. Тетчер бийликке келээри менен бул программа ишке ашырыла баштаган. Неоконсерватизмдин британча варианты болгон “тетчеризм” социалдык-экономикалык стратегиясы өзүнүн негизги максаты кылып жумушсуздукка эмес, инфляцияга каршы күрөштү тандаган.

Бул доордо англис коомунун дагы бир көйгөйү – анда империалисттик аң-сезимдин калдыктарынын терең тамыр жайганы жана жашагычтыгы көрүнгөн. Бул 1982-жылы Түштүк Атлантикадагы алыскы Фолкленд (Малвин) аралдарында жүз берген окуялар себеп айрыкча жаркын козгө ташталган.

1982-жылы Аргентина талаштуу Фолкленд аралдарынын үстүнөн өз суверенитетин орнотууга аракет кылып көргөн. Британия өкмөтү Фолкленд аралдарына аскердик эскадра жөнөтүүнү чечкен. БУУнун көйгөйдү тынч жол менен чечүүгө болгон аракеттерине карабастан, консерваторлор өкмөтү чечкиндүү позицияны ээлеген. 1982-жылы англис кошуундары Фолкленд аралдарына чабуулду баштаган. Июнда аралдагы Аргентина кошуундары багынган.

1980-жылдардын аягы – 1990-жылдардын башында Улуу Британиянын социалдык жана экономикалык турмушунда кабатырлуу белгилер пайда болгон, инфляция даражасы арта баштаган. Соңку он жылда биринчи жолу М. Тетчер өкмөтүнүн аброю да төмөндөп кеткен. 1990-жылдагы шайлоолордо М. Тетчердин ордуна Жон Мейжор премьер-министр болуп шайланган жана ушуну менен “тетчеризм” доору бүткөн.

### ЭСТЕ ТУТ



*Улуу Британияда 1947-жылдын аягына келип өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү согушка чейинки даражасына жеткен.*

*1960-жылдары да Улуу Британия экономикасынын өсүү темптери төмөн бойдон калган.*

*1979-жылы болуп өткөн шайлоолордо Улуу Британиянын тарыхында биринчи жолу өкмөткө аял киши – консерваторлордун өкүлү Маргарет Тетчер келген.*

*1990-жылдагы шайлоолордо М. Тетчердин ордуна Жон Мейжор жеңген жана премьер-министр болуп шайланган.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ФРАНЦИЯ

Экинчи дүйнөлүк согуш Францияга абдан чоң зыян тийгизген. Согуштагы жоготуулар, ачарчылык жана оорулардын айынан Франциянын калкы 3 млн адамга азайып кеткен.

1945-жылы Уюштуруу жыйынына шайлоолор өткөрүлгөн. Анда солчул күчтөр жеңишке жетишкен. Коалициялык өкмөттү Франциянын азаттыгы үчүн күрөштүн жетекчиси генерал Шарль де Голль башкарган. Ал мамлекетте чоң абройго ээ эле.

Бирок Уюштуруу жыйынында көпчүлүк орундарды ээлеген коммунисттер жана социалисттер өкмөттүн ишин көзөмөлдөй баштаганда де Голль Уюштуруу жыйынынын токтомуна баш ийүүнү каалабаган. Уюштуруу жыйынынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү тарабынан колдоп-кубатталбаган де Голль отставкага чыккан.

### Төртүнчү республика

Ушул жылы кабыл алынган жаңы конституцияга көрө, эки палаталуу парламент жалпы добуш берүү жолу менен 5 жыл мөөнөткө шайлана турган, президентти болсо 7 жыл мөөнөткө парламент шайлай турган болгон. Де Голль дагы президент болуп шайланган. Конституция күчкө кирээри менен Франциянын тарыхында Төртүнчү республиканын доору башталып, ал он эки жыл, 1958-жылга чейин уланган. Коалициянын ортосундагы пикир келишпестиктер себеп ушул жылы де Голль Улуттук жыйынды таратып жиберген. Төртүнчү республика жоюлган.



*Франциянын президенти Шарль де Голль*

### Бешинчи республика

1958-жыл сентябрда өткөрүлгөн референдумда француздар жаңы конституцияны жактырышкан. Конституцияга ылайык Франция президенттик республикага айланган.

1958-жылы декабрда Шарль де Голль дагы Франциянын президенти болуп шайланган. Франциянын Улуулугун калыбына келтирүүгө умтулган де Голль күчтүү экономикага жана көз карандысыз тышкы саясатка ээ болгон мамлекетти калыптандырууга киришкен.

1958–1960-жылдары Франциянын Африкадагы колониялары өз көз карандысыздыгын жарыялашкан. Татаал талаштардан соң 1962-жылы Альжирге да эгемендик берилген. Ушуну менен француз колониалдык империясы толук жоюлган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**БИЛИП АЛ**

*1945-жылы ...*

*1950-жылдар …*

*1962-жылы …*

*1958-жылы декабрда Шарль де Голль ...*

*1960-жылы ...*

Көптөгөн ийгиликтерге карабастан, 1960-жылдардын аягында Бешинчи республикада кризис башталган. Мамлекеттин туруктуу тартипке салуу саясаты француз коомунун көптөгөн катмарларынын наразылыгына себеп болгон. 1968-жылы майда Париж студенттеринин демонстрациясы башталган. Демонстрация ырайымсыз бастырылгандан соң эмгекчилердин иш таштоолору башталган.

Эркиндик үчүн күрөштүн чоң тажрыйбасына ээ болгон француздар, өз эркин бардык нерседен жогору коё турган улут атүгүл де Голлдой улуттук баатырдын да беделинин алдында баш ийүүнү каалабаган, анын авторитардык режимин башка кабыл кыла албаган. Де Голль отставкага чыгууга мажбур болгон.

## 1970–1980-жылдарда Франция



*Франция президенти Франсуа Миттеран*

1969-жылдын аягында болуп өткөн шайлоолордо Жорж Помпиду республиканын президенти болуп шайланган. Реформалар башталып, социалдык-экономикалык турмуштун мамлекет тарабынан тартипке салынуусу жумшаган, социалдык мыйзам чыгаруу өркүндөгөн. АКШ менен мамилелер жакшырган.

1981-жылдагы шайлоолордо биринчи жолу социалист Франсуа Миттеран Франциянын президенти болуп шайланган. Ушул жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо да социалистик партия өтө чоң ийгиликке жетишкен.

Солчул күчтөрдүн кызматташтыктагы программасында көпчүлүк француздардын кызыкчылыктарына төп келген маанилүү социалдык-экономикалык реформалар көздө тутулган. Банктар жана өнөр жайдын көптөгөн багыттары национализаяланган. Бирок инфляцияны токтотуунун аргасы болбогон. Коомдо наразылык күчөгөн.

1986-жылдагы парламенттик шайлоолордо оңчул күчтөр жеңип чыккан. Алардын өкүлү Жак Ширак премьер-министр кызмат ордун ээлеген. Ф. Миттеран президент болуп калган. Социалдык-экономикалык маселелер менен өкмөт алектенген.

1988-жылдагы президенттик шайлоолордо дагы Ф. Миттеран жеңишке жеткен. Ушул жылы кезектен сырткары өткөрүлгөн парламенттик шайлоолордо социалисттер жеңишке жетип, дагы беш жыл өкмөттү башкарышкан.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*1958-жылы декабрда Шарль де Голль Франциянын президенти болуп шайланган. Франциянын Улуулугун калыбына келтирүүгө умтулган де Голль күчтүү экономика жана көз карандысыз тышкы саясатка ээ болгон мамлекетти калыптандырууга киришкен.*

*"Франция де Голль өкмөтү жылдарында" темасында эссе жаз.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Национализация** – айрым адам же бирикмелердин өздүк мүлкү болгон жер, өндүрүш ишканалары, транспорт, банктарды мамлекеттин же коомдун мүлкүнө айландыруу, мамлекеттин ыктыярына алуу.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуш Улуу Британия үчүн кандай аяктаган?**
2. **Улуу Британияда М. Тетчер жана Ж. Мейжор премьер-министр болгон жылдар экономикада кандай түпкү өзгөрүүлөр болгон?**
3. **Төртүнчү жана Бешинчи республикалар доорунда Франциянын ички жана тышкы саясатынын эң маанилүү окуялары эмнелерден турган?**

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ

*Тексттен пайдаланып, Улуу Британияда Маргарет Тетчер, Жон Мейжор, Францияда де Голль, Жорж Помпиду, Франсуа Миттерандардын доорундагы ички жана тышкы саясаттагы маанилүү окуяларды жадыбал (жыл, жасалган иштер) түрүндө дептериңе жаз.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 19-тема

# Германия жана Италия: жеңилүүдөн кийинки өнүгүү


**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Биринчи дүйнөлүк согуш Германия үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган?**
2. **Биринчи дүйнөлүк согуш Италия үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган?**
3. **Германия жана Италия экинчи дүйнөлүк согуштан кандай сабак алышкан?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ГЕРМАНИЯ

Фашизм жана ал баштаган Экинчи дүйнөлүк согуш башка элдер катары немис калкына да өтө чоң кайгы алып келген. Германия эгемен мамлекет катары жашай албай калган. Германия национал-социализминин аскердик-саясий жактан булгүнгө учурашы мамлекетти демократиялык кайра куруунун келечектерин ачып берген. Бирок бул үчүн өтө ыңгайсыз шарт жаралган эле.



Германиянын оккупация зоналарына бөлүнүшү

### ЭСКЕ АЛ

*Капитализм түшүнүгүнө түшүндүрмө бер.*

1945-жылы Германиянын аймагы аянычтуу абалда эле. Союздаштар авиациясы Гамбург, Дрезден, Берлин, Мюнхен, Нюрнберг жана Рур көмүр-металлургия бассейни шаарларын кыйратып таштаган болчу. Бомбалардын жарылуусунан пайда болгон чуңкурлар, Гитлер доорунда курулган ири автомагистралдар мамлекеттин чыгыш бөлүгүн ээлеген Кызыл Армия солдаттарынан көмөк издеп жаткан миллиондогон ач качкындар, Польша, Чехословакия, Югославия жана Венгриядан куулган немистер менен толуп кеткен эле. Газета беттеринде басылган сүрөттөр абалды өз-өзүнөн чагылдырып турчу: “Урандылар аралап тамак издеп жүргөн, эти сөөгүнө жабышкан балдар, бир бөлүк көмүр үчүн көчөдө мушташып жаткан адамдар, ачык абада уктап жаткан немис туткундары...” Кечээ эле дүйнөгө бийлик жүргүзүүгө далалат кылып жаткан улуттун бүгүнкү абалы өтө аянычтуу эле. Германия согушта 6,5 млн калкынан, согуштан мурдагы өз аймагынын бир бөлүгүнөн айрылган. Калктын жашоо деңгээли кескин төмөндөп кеткен. Жеңген мамлекеттер Германиянын аймагын төрт оккупация зоналарына бөлүп, мамлекетте бийликти өз колдоруна алышкан. Берлин да төрт секторго бөлүнгөн. Союздаштар дээрлик бардык

### ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Сенин оюңча, Германия эмне себептен мындай аянычтуу абалга түшүп калган?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Конрад Аденауэр*

немис мекеме жана уюмдарын таратып жиберген.

Германияны тынчтыкты сүйүүчү, демократиялык мамлекетке айландыруу үчүн шарт жаратылды. Нацисттер тарабынан тыюу салынган партиялар жана жамаатык уюмдар кайра калыбына келтирилген. Биринчи болуп жашыруун абалдан коммунисттер менен социал-демократтар чыгышты. Алар бириггип, Германиянын бириккен социалистик партиясы (ГБСП) түзүшкөн. 1949-жылы Парламент кеңеши “Германия Федеративдик Республика-сынын Негизги мыйзамын” тастыктаган. Ал ГФРди демократиялык, федеративдик мамлекет деп жарыялаган, жарандардын негизги укук жана саясий эркиндиктерин белгилеп берген. 1949-жылы 7-сентябрда жаңы мамлекет – ГФР түзүлгөндүгү жарыяланган. Бонн шаары жаңы мамлекеттин борбору болгон. Германиянын козгө көрүнгөн саясий ишмери Конрад Аденауэр канцлер болуп шайланган. 1949-жылы 7-октябрда СССРдин оккупация зонасы болгон чыгыш бөлүгүндө Германия Демократиялык Республикасы (ГДР) түзүлгөн. Чыгыш Берлин бул мамлекеттин борбору деп жарыяланган. Германиянын эки мамлекетке бөлүнгөн доору 40 жылга созулган.

ГФРде 1950–1960-жылдары экономика тез темптер менен өнүккөн. Аскердик сарп-каражаттардын аздыгы, “Маршалл планы” боюнча Американын чоң жардамы, арзан чет элдик жумушчу күчүнөн натыйжалуу пайдалануу, жаңы жабдыктардын алып келиниши мамлекеттин чарбасынын ылдамдык менен калыбына келүүсүн камсыздаган. ГФР бардык карыздарынан кутулуп, кыйла чоң алтын-валюта запасын да жараткан. Канцлер К. Аденауэр 1955-жылга чейин бир убакыттын өзүндө Тышкы иштер министри милдетин да аткарган. Эл аралык коомчулукка кайтуу оңой-олтоң иш эмес эле — герман фашизминен жапа чеккен мамлекеттердин жатсыроосун, кооптонуусун жеңип өтүү керек болгон. Бул ГФРдин биринчи канцлери дипломатиясынын негизги максаты болуп калган. Мамлекет акырындап оккупациядан кутулуп, көз карандысыздыкты колго киргизип барган. К. Аденауэр Париж, Рим, Лондон жана Вашингтонго алгачкы расмий сапарларын ишке ашырган.

**ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ**

*1949-жылы Парламенттик кеңеш “Германия Федеративдик Республика-сынын Негизги мыйзамын” тастыктаган.*

*1949-жылы 7-сентябрда жаңы мамлекет – ГФР түзүлгөн.*

*1949-жылы 7-октябрда СССРдин оккупация зонасы болгон чыгыш бөлүгүндө Германия Демократиялык Республикасы (ГДР) түзүлгөн.*

*1955-жылы ГФР НАТОго мүчө болгон.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Люксембургда ал репарациялык төлөмдөр жөнүндөгү келишимке кол койгон. Анда жаш Израиль мамлекетине жардам берүү көздө тутулган эле. ГФР саясий душмандарынын карама-каршылыктарын жеңип, 1955-жылы НАТОго мүчө болгон, Париж бүтүмүнүн күчкө кириши себеп ГФР үчүн оккупация доору аяктаган. Чыгыштан көчүп келип жаткандардын агымы жана канцлер К. Аденауэрдин ыңгайлуу экономикалык саясаты “Маршалл планы” чегинде алган салмактуу финансылык “дарман” менен кошулуп ГФРдин 1955-жылда эле болуп көрбөгөндөй өнүгүүгө жетишүүсүнө алып келген. Германия эң кыска тарыхый аралыкта согуш жарааттарын айыктыра алган. 1963-жылы К. Аденауэр отставкага чыккан. ХДС (христиан-демократтар союзу) төрагасы кызмат ордун ээлеген Людвиг Эрхард “немис экономикалык укмушунун тан алынган атасы” эле.

Орчундуу көйгөйлөрдү чечүү максатында Л. Эрхард өз программасын жарыялаган. Анда эркин, ачык, динамикалуу, демократиялуу коом куруу идеясы сунушталган. Бирок мындай коомду куруу үчүн Германияда ыңгайлуу шарт жок эле, мамлекет экономикалык түшкүндүк дооруна кирип келаткан болчу. Л. Эрхард мамлекеттеги экономикалык жана саясий кырдаалды стабилдештирүүнүн өтөсүнөн чыга албаган, чет мамлекеттердин калкын ГФРдин тынчтыкты сүйүүчүлүгүнө да ынандыра албаган. Ушул сыяктуу саясий жана социалдык көйгөйлөргө карабастан, бүткүл 1960–1970-жылдар экономиканын тез темптерде өсүү доору болуп, ал “немис экономикалык укмушу” атын алган.





## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Маалым болгондой, Германия Демократиялык Республикасы (ГДР) жана Германия Федеративдик Республикасы (ГФР) дээрлик бир маалда түзүлгөн. Бирок өнүгүү ГДР жана ГФРде түрдүүчө жүргөн. Сенин оюңча, мунун түпкү себептери эмнелерден турат? Класста чакан топторго бөлүнүп, маалыматтык технологиялардан пайдаланып презентация даярдагыла жана пикириңерди негиздегиле.*

1980-жылдардын башында саясий күчтөрдө өзгөрүү болгон. 1982-жылы христиан-демократ Гельмут Кол ГФРдин канцлери болуп шайланган. Анын тушунда салыктар кыскартылган жана мамлекеттик чыгашалар тартипке салынган, мамлекеттин бизнеске кийлигишүүсүн азайтуу, атаандаштыкты колдоо боюнча иш-чаралар ишке ашырылган.

1989-жылы ГДРде революция башталып кеткен. Демократия калыбына келтирилген, эки мамлекетти бөлүп турган, “суук согуштун” символу болгон Берлин дубалы бузуп ташталган. Германиянын эки бөлүгүн бириктирүү боюнча сүйлөшүүлөр ийгиликтүү аяктаган. 1990-жылы 3-октябрь күнү бирдиктүү Германия мамлекети түзүлгөндүгү жарыяланган. 1990-жылда болуп өткөн кезектен сырткары шайлоолордо дагы Г. Кол башчылыгындагы коалиция жеңишке жетишкен.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ИТАЛИЯ

Фашисттик режим жана Экинчи дүйнөлүк согуш италия элине өтө чоң кырсыктарды алып келген. 330 миңге жакын адам куман болгон, дайынсыз жоголгон, жүз миңдеген адамдар жарадар болгон, миллиондоп адамдар үйсүз калган. Италия өзүнүн бардык колонияларынан айрылган, өлкөгө англис-америка кошуундары киргизилген. Согуш аяктаары менен улуттук биримдик өкмөтү маанилүү реформаларды жасаган: помещиктердин айдалбай калган жерлери дыйкандарга берилген; иш акысынын базардагы наркка карап өсүп баруусу белгилеп коюлган; профсоюздун ыраазылыгысыз ишчилерди иштен бошотууга тыюу салынган; ишканаларда жумушчу кеңештери түзүлгөн.



Алчиде Де Гаспери

### Де Гаспери өкмөтүнүн саясаты. “Италия экономикалык укмушу”

1947-жылы АКШнын аралашуусу менен Италияда коммунисттер өкмөттөн чыгарылган. Алчиде Де Гаспери өкмөтү Батыштын алдыңкы мамлекеттери менен союздаш болууга умтулган. Италия “Маршалл планына” кошулган, 1949-жылы NATOго мүчө болгон, анын аймагына АКШнын аскердик базалары жайгаштырылган. Италия өкмөтү Европа интеграциясы идеясын активдүү турмушка ашырып барган. 1957-жылы Европа экономикалык кызматташтыгын (ЕЭК) түзүү жөнүндө Рим келишими түзүлгөн. “Маршалл планына” кошулуу, негизги капиталды жаңылоо, чет эл менчик капиталынын агып келиши, ички базарда талаптын жогорулугу, жеке монополияларга мамлекеттин жардамы, өндүрүшкө илимий-техникалык жаңылыктарды колдонуу – булардын бардыгы тез экономикалык өнүгүүгө көмөктөшкөн. 1950-жылдардын аягында чыныгы экономикалык революция башталып, бул “Италия экономикалык укмушу” атын алган. “Экономикалык укмуштун” натыйжаларынан негизинен мамлекеттин өнөр жайы өнүккөн түндүк бөлүгү пайда көргөн. Түштүк жакырлык жана социалдык курч мамилелердин булагы болуп кала берген. О.э, тез өнүгүү жараяны да көпкө созулбаган.

1974-жылы Италияда терең экономикалык кризис башталган. Өндүрүштүн өсүүсү дээрлик толук токтогон, ишсиздердин саны арткан, тышкы соодада дефицит өсүп кеткен. Нарк көтөрүлүп барган. Булардын бардыгы айрыкча калктын аз кирешелүү бөлүгү үчүн өтө оор болгон. Тышкы саясатта “Атлантика курсу” улантылган, бирок социалисттик мамлекеттер, алсак, СССР менен да экономикалык кызматташтык өнүктү.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1970-жылдардын аягы – 1980-жылдардын башында Италияда саясий кризистин тереңдешүүсү, терроризм толкунунун күчөшү, 1980-жылдагы жер титирөөдө өкмөттүн ишке жөндөмсүздүгү менен характерленет. 1980-жылдарга келип коалициялык өкмөт калыптанган. Бирок ал туруктуу эмес эле жана өкмөттүн бат-баттан алмашуусу Италиянын өзүнө мүнөздүү салтына айланган. Италияда мамлекеттик институттардын терең кризиси, о.э, мафия режимдеринин иши менен да байланыштуу эле. Мамлекеттик системадагы коррупциялашкан элементтер менен кошулуп кеткен мафия Италияда чоң күчкө айланган.

Мафия калктын үрөйүн учуруп, аны коркутчу, талоончулук жана адам өлтүрүү менен алектенчү, акча өндүрүп, регулярдуу акча төлөп турган байлардын коопсуздугун камсыздап турган. Ким мафия менен келишпесе тынымсыз кысымга алынчу, өлтүрүлчү. 1980–1990-жылдардын башы Италияда мафияга каршы күрөштүн доору болгон.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Өз алдынча түрдө Италия өкмөтүндөгү саясий жараяндарды талда. "Мафия – жарандык коомунун душманы" темасында эссе жаз.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Коалиция** (лат. coalitio — союз) – 1) эл аралык мамилелердин айрым маселелеринде чогуу иш көрүү жөнүндө өз ара антташкан мамлекеттердин саясий же аскердик союзу; 2) бир нече саясий партиялардын ушул партиялардын өкүлдөрүнөн турган өкмөт түзүү жөнүндөгү келишими.

**Дефицит** – 1. Кирешеге караганда чыгашалардын артып кетиши; таңкыстык; 2. жетишпөөчүлүк, азчылык, жетишсиздик; 3. жетиштүү өлчөмдө болбогон, аз кездешүүчү; сейрек.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуш Германия жана Италия үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган?**
2. **Канцлер К. Аденауэрдин ишмердүүлүгү жөнүндө эмнелерди билесиң?**
3. **Италияда Де Гаспери өкмөтүнүн саясатынын өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат?**
4. **1970-жылдардын аягы – 1980-жылдардын башы Италияда саясий кризистин тереңдешүүсүнүн түпкү себептери эмнелерден турган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



20-
тема

# Батыш Европада экономикалык жана саясий интеграция жараяндары

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Европа картасында кандай мамлекеттер пайда болгон?
2. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Батыш Европанын экономикалык өнүгүүсүнө кандай факторлор себеп болгон?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Батыш Европа мамлекеттеринде экономиканын жогорку натыйжалуулугун камсыздоо, социалдык көйгөйлөрдү чечүү мүмкүнчүлүгүн арттыруунун эң маанилүү фактору катары интеграциялык жараяндарды өнүктүрүүгө көңүл бурулган. Согуштан кийин Европа мамлекеттери тышкы соода айланмасынын өсүү темптери экономикалык өсүү темптеринен эки эсе жогору болгон. Көптөгөн Батыш Европа мамлекеттеринде керектөөнүн 50 пайыздан ашыгын башка аймактарда өндүрүлгөн продукциялар түзгөн.

**ЭСКЕ АЛ**

*Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн Версаль-Вашингтон системасы эмне үчүн бекем эмес эле.*

## БАТЫШ ЕВРОПАДА ИНТЕГРАЦИЯ БАСКЫЧТАРЫ

*Мүнөздөмөлөр жана соода боюнча башкы келишим*

*Дүйнөлүк соода уюму*

*Экономикалык шериктештик жана өнүгүү уюму*

Батыш Европада интеграция жараяны бир канча баскычтардан өткөн. 1947-жылы дүйнөнүн өнүккөн мамлекеттеринин ортосунда Түшүндүрмөлөр жана соода боюнча башкы келишимге (ТСБК) кол коюлган. Бул келишимде катышкан мамлекеттер импорттук продукцияларга бажы салыгын азайтуунун эсебинен тышкы сооданы өнүктүрүүгө көмөктөшүү милдетин алган. Натыйжада ТСБК чөйрөсү кеңейип, Батыш Европа чек араларынан чыккан жана ага көптөгөн Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттери да кошулган. Кийинчерээк ТСБК Дүйнөлүк соода уюму (ДСУ)на айландырылган. Бүгүнкү күндө Өзбекстан Республикасы да бул уюмга мүчөлүк үчүн аракеттенүүдө. 1948-жылы Европа экономикалык кызматташтык уюму (ЕЭКУ) түзүлгөн. Алгач бул уюмдун милдети согуштан кийинки экономиканы кайра калыбына келтирүү үчүн “Маршалл планы” боюнча АКШ Европа мамлекеттерине көрсөткөн жардамды бөлүштүрүүдөн турган. Кийин ал көп жактуу экономикалык маалыматтарды алмашуу, экономикалык кеңештер форумуна айланган. 1960-жылы ЕЭКУ Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму (ЭКӨУ) деп кайра аталган жана анын ишмердүүлүгүнө Япония да кошулган.

Экономикалык, социалдык, маданий, илимий, укуктук жана административдик багыттарда Батыш Европанын өз ара келишилген саясат жүргүзүүгө жардамдашуучу алгачкы уюм Европа Кеңеши (ЕК) деп аталган. 1949-жылы Бельгия, Дания, Франция, Ирландия, Италия, Люксембург, Нидерланддар королдугу, Норвегия, Швеция жана Улуу Британия ЕК нын уюштуруучулары болгон. Франция Тышкы

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Франция тышкы иштер министри Роберт Шуман*

## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*1. Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштар Европа үчүн кандай аяктаган?*

*2. “Маршалл планы” боюнча АКШнын Европа мамлекеттерине көрсөткөн жардамын бөлүштүрүүдөн көздөлгөн максат эмне эле?*

иштер министри Роберт Шуман Германия жана Франциянын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн бириктирүү демилгеси менен чыккан. Бул демилге өнүктүрүлүп, 1951-жылы ГФР, Франция, Италия, Бельгия, Нидерланддар королдугу, Люксембургдун катышуусунда Европа көмүр жана болот бирикмеси **(**ЕКББ**)** аттуу уюм түзүлгөн. Анда көмүр жана металлургия өнөр жайынын жалпы базарын түзүү, өз ара бажы салыктарын жоюу, ЕКБУга кирбеген мамлекеттердин продукцияларына карата бирдиктүү бажы саясатын жүргүзүү көздө тутулган. ЕКБУнун башкы башкаруучусу уюмдун катышуучулары болгон мамлекеттердин аймагында мыйзам күчүнө ээ болгон келишимдин негизинде токтомдор кабыл алуу укугуна ээ болгон. 1957-жылы ЕКБУ мүчөлөрү тарабынан Европа биримдигин өнүктүрүү үчүн өтө маанилүү болгон эки документ: Европа экономикалык коомчулугун **(**ЕЭК**)** түзүү жөнүндөгү Рим келишими жана Атом энергиясы боюнча Европа коомчулугун **(**ЕВРОАТОМ**)** түзүү боюнча келишимге кол коюлган. Бардык продукциялардын жалпы базары түзүлүп, анда товарлар, капитал, кызмат көрсөтүү жана жумушчу күчүнүн эркин кыймылы принциби колдонулган. Биринчи жолу улуттар аралык уюмдар: мыйзам чыгаруу органы катары Европа Кеңеши, аткаруучу орган катары Европа коомчулугу комиссиясы жана Атайын сот түзүлгөн. Бул уюмдар кабыл алган интеграция маселелерине тишелүү токтомдор түздөн-түз күчкө кирип, улуттук өкмөттөр жана парламенттер тарабынан тастыкталышы шарт эмес эле.

## ЭСТЕ ТУТ

*1948-жылы Европа экономикалык кызматташтык Уюму (ЕЭКУ) түзүлгөн.*

*1949-жылы Бельгия, Дания, Франция, Ирландия, Италия, Люксембург, Нилдерланддар королдугу, Норвегия, Швеция жана Улуу Британия ЕКнын уюштуруучулары болушкан.*

*1951-жылы ГФР, Франция, Италия, Бельгия, Нидерланддар королдугу, Люксембургдун катышуусунда Европа көмүр жана болот бирикмеси (ЕКББ) аттуу уюм түзүлгөн.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Рим келишиминин пункттарын ишке ашыруу интеграцияда катышып жаткан мамлекеттердин товар өндүрүүчүлөрүнүн ортосунда атаандаштыкты төмөндөтүп, аны тышкы базарга багыттоо мүмкүнчүлүгүн берген. Бирдей түрдөгү продукция өндүрүүчүлөр өз капиталдарын бириктирүү же өндүрүш көлөмүнө квоталар орнотулушуна ыраазылык берүүгө милдеттүү болушкан. Мында айрыкча Франция, Италия жана Германиянын фермерлери жана вино өндүрүүчүлөрүнүн ортосундагы атаандаштыкты жеңип өтүүгө өзүнчө көңүл бурулган. Өндүрүштү чектөөчү квоталар менен бир катарда айыл чарбасы продукцияларына ЕЭК бюджетинин эсебинен жогорку сатып алуу нарктары орнотулган. Түндүк Европа мамлекеттери интеграциянын альтернативдүү моделин жаратууга аракет кылышкан. Алар Эркин Соода Европа ассоциациясын **(YSEA)** уюштурушкан. Ага Улуу Британия, Австрия, Дания, Ирландия, Норвегия, Швеция, Швейцария жана Португалия мүчө болуп кирген. YSEAнын максаты катары өнөр жай продукцияларына гана бажы салыктарын баскычтуу түрдө азайтуу белгиленген, бирок улуттар аралык органды түзүү, мыйзамчылыгын бирдейлештирүү көздө тутулбаган.



*1957-жылы 25-мартта Бельгия, Франция, ГФР, Италия, Люксембург жана Нидерланддар королдугунун өкүлдөрү тарабынан Рим келишимине кол коюу иш-чарасы*

## Европада интеграция жараянынын натыйжалары

Капитал, товарлар, кызмат көрсөтүү жана жумушчу күчүнүн эркин аракеттенүүсү Батыш Европа мамлекеттеринин өнүгүүсү жана калкынын жашоо деңгээлин кыйла тез жакындашуусуна алып келген. Жумушчу күчүнүн салыштырмалуу бай мамлекеттерге сезондук жана келишимдин негизинде келүүсү салыштырмалуу аз өнүккөн мамлекеттерде жумуш менен камсыздоо жана жумушсуздук көйгөйлөрүн чечүү мүмкүнчүлүгүн берген. Начар өнүккөн аймактарды өнүктүрүүнүн Жалпы европалык программасы да тез экономикалык өнүгүүнүн фактору болгон. Интеграциянын таасиринде өнүккөн Евроатлантика мамлекеттеринде акырындап бирдиктүү экономикалык саясаттын модели калыптанып барган. Алардын ортосундагы негизги айырма экономиканын үстүнөн мамлекеттик көзөмөлдүн даражасы, ага таасир көрсөтүү усулдары менен байланыштуу эле.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Брюсселдеги Европа союзу парламентинин имараты*

Экинчи модель экономиканын негизги багыттарын мамлекеттин өзү тарабынан өркүндөтүлүшүн көздө туткан. Мисалы, Францияда өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүн эки эсе арттыруу мүмкүнчүлүгүн берген модернизациянын натыйжасында көмүр жана газ өндүрүү, авиация, автомобиль куруучулук өнөр жайлардын чоң бөлүгү мамлекеттин мүлкүнө айландырылган. 1980-жылдары экономиканын маанилүү багыттарын мамлекет тарабынан көзөмөлдөөгө умтулуу жана жогору салыктардын натыйжасында трансулуттук корпорациялар өз капиталыні Франциядан чыгарып кете башташкан. Натыйжада экономикалык өсүү темптери басаңдаган. Капиталдын чыгып кетүүсүн токтотуу үчүн Франция неоконсерватизм тажрыйбасына кайрылып, мамлекеттик ишканаларды жарым-жартылай мекчиктештирген, салыктарды төмөндөткөн. Бул бир аз мурда Улуу Британияда башталган, ГФР жана Батыш Европанын башка мамлекеттеринде алып барылып жаткан саясатка туура келет эле.

Ушул мезгилден баштап интеграция жараянында катышып жаткан мамлекеттин өзүнчө социалдык жана экономикалык саясат алып баруусу мүмкүн болбой калган. Көйгөйлөрдү чечүүнүн ийгиликтүү усулдары тезинен интеграция жараянында катышып жаткан бардык мамлекеттер тарабынан колдонула баштаган. О.э, интеграциянын ар бир катышуучусу улуттар аралык уюмдардын токтомун аткаруусу милдеттүү болуп, бул, өз кезегинде, айрым мамлекетте социалдык-экономикалык тажрыйбаларды өткөрүү тобокелчилигин азайткан. Бул Батыш Европа мамлекеттеринде бардык саясий партиялардын идеялык-саясий өзүнө мүнөздүүлүгүнө карабастан, социалдык өнүгүүнүн маанилүү маселелери боюнча алардын көз караштарын жакындаштыруучу маанилүү фактор болгон.

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Европа мамлекеттеринин активдүү интеграция жараянына тартылуусу жөнөкөй адамдардын жашоосунда кандай өзгөрүүлөргө себеп болгон?*

### БАГЫТТООЧУ СУРООЛОР

*1. Өз алдынча түрдө Европада интеграция жараяндары менен тааныш.*

*2. Сенин оюңча, Батыш Европа мамлекеттеринде кандай фактор себеп интеграция жараяндарына зарылдык пайда болгон?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Натыйжада интеграция жараяндары Европа мамлекеттеринин ортосундагы мамилелердин саясий тармагына да тараган. Баштап ЕЭК мамлекеттеринин гана парламенттери мүчөлөрүнүн талкуу майданы болгон Европа парламентинин абройю арткан. Бирдиктүү Европа актына ылайык ЕЭК Европа Кеңеши **(ЕК)** катары кайра түзүлгөн. Ал эми “ички чек араларсыз аймак” болушу зарыл эле. Кыскасы, Европа анын ичинде башталган жана Европа элдерине гана эмес, жер жүзүндөгү бардык элдерге өтө чоң кырсык алып келген Экинчи дүйнөлүк согуштан маанилүү жыйынтык чыгарды: ал өнүгүүнүн тынч, илимий-техникалык революцияга жана кызматташтыкка негизделген демократиялык жолун тандады. Бул азыркы Европа Кеңешинин түзүлүшүнө алып келген. 1980-жылдардын аягында жүз берген орчундуу окуялар – Европада социалистик системанын кризиси, СССР жана социалистик шериктештиктин тарап кетиши Европада интеграция жараяндарынын мүмкүнчүлүктөрүн андан да кеңейткен. Кечээки социалистик мамлекеттер да эми ЕКке умтула башташты. ЕК дүйнөнүн башка аймактарында болуп жаткан ушундай интеграциялык жараяндар үчүн өзүнө мүнөздүү тажрыйба болуп кызмат кылууда.

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗМУНУ

**Форум –** массалык жыйын, чогулуш, кеңеш, ири конференция.

**Корпорация** (латынча, corporatio – уюм, коомчулук) – өнүккөн ири акционерлер коому, кайсы бир ишмердүүлүк үчүн уюшкан укуктук жана физикалык жактардын комплекси болуп саналат.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Батыш Европа мамлекеттеринде экономиканын жогорку эффективдүүлүгүн камсыздоо максатында кандай иштер жасалган?**
2. **Европа экономикалык коомчулугун (ЕЭК) түзүү жөнүндө Рим келишими жана Атом энергиясы боюнча Европа коомчулугун (ЕВРОАТОМ) түзүү боюнча келишимдерди түзүүдөн кандай максаттар көздөлгөн эле?**
3. **Түндүк Европа мамлекеттери альтернативдүү интеграция моделин жаратуу максатында жасаган аракеттери кандай аяктаган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



21-тема

# Түштүк жана Түндүк Европа мамлекеттери: диктатура жана демократия

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Түштүк Европа мамлекеттерине кайсы мамлекеттер кирет?
2. Түндүк Европа мамлекеттерине кайсы мамлекеттер кирет?
3. “Мамлекет жана укуктун негиздери” сабагынан алган билимдериңе таянып, диктатура терминине түшүндүрмө бер. Диктатуранын белгилери эмнелерден турат?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түштүк Европанын үч мамлекети – Испания, Португалия жана Греция жүз жылдар бою дүйнө тарыхы жана эл аралык мамилелерде чоң роль ойногон. Бирок XX кылымдын башына келип бул мамлекеттер өздөрүнүн мурдагы экономикалык жана саясий кудуретин жоготкон, “Европанын четки аймактарына” айланып калган.

**ЭСКЕ АЛ**

*Тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, демократия түшүнүгүнө түшүндүрмө бер.*

## ИСПАНИЯ

Экинчи дүйнөлүк согуштан соң иш жүзүндөгү шартка ыңгайлашып алган **Франко** режими Испанияда дагы отуз жыл бийликте турган. Испандардын бир бөлүгү Франкону атактуу кол башчы, акылман мамлекеттик ишмер жана уюштуруучу катары кабыл алышчу. Алардын оюнча Франко айлакер жана оор басырыктуу, чечкиндүү жана бир сөздүү, такыбалуу жана кичипейил адам болуп кала берген. Башка диктаторлордон айырмалуу түрдө, жалпы элдин алкыштарына кайдыгер эле. Согуштан кийин дүйнөдө диктаторлук режимдер катары менен кулагандан соң Испанияда да башкаруу формасын аныктоо жана конституциялык актыны кабыл алууга карай кадамдар ташталган. Испаниянын эл аралык абалы өтө татаал болуп, мамлекет жалгыздатып коюлган. *Потсдам конференциясы* Франко өкмөтүн фашисттик мамлекеттердин жардамында бийликке келгендиги үчүн каралаган. Ошондуктан Испания БУУга кабыл алынбаган. 1946-жылы БУУ Башкы Ассамблеясы Испанияны эл аралык уюмдарга кабыл албоо жөнүндө атайын токтом кабыл алган жана уюмга мүчө мамлекеттерге Испания менен дипломатиялык мамилелерди үзүү сунушталган. Батыш “Маршалл планы” боюнча Испанияга жардам көрсөтүүдөн баш тарткан. Булардын бардыгы Испаниянын эл аралык абалын гана эмес, экономикалык абалын да татаалдаткан.



*Испаниянын диктатору Франсиско Франко*

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Маалым болгондой, дүйнө тарыхы жана эл аралык мамилелерде чоң роль ойногон Түштүк Европанын үч мамлекети – Испания, Португалия жана Греция эмне үчүн XX кылымдын башына келип өздөрүнүн мурдагы экономикалык жана саясий кудуретин жоготкон? Сенин оюнча, буга себеп болгон факторлор эмнелерден турат?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



"Суук согуш" башталаары менен гана Испаниянын тышкы саясий абалы жакшы жакка өзгөргөн. Коргонуу, экономикалык жардам жана өз ара коопсуздук максаттарында жардам көрсөтүү жөнүндө Испания-Америка эки жактуу келишимине кол коюлган. Испания БУУга кабыл алынган. Экономикалык өнүгүүдө да белгилүү бир ийгиликтерге жетишкен. Испания "ачык экономика" курсун көздөй жолго түшкөн. 1975-жылы Франко каза болгон. Ушул жылы король **Хуан Карлос I** тактыга отурган жана мамлекет башчысы кызмат ордун ээлеген. Ошондон соң өткөрүлгөн жалпы улуттук референдумда жаңы конституция жактырылган. Ал Франко доорундагы мыйзамдарды жокко чыгарган, жаңы мамлекеттик режимди мыйзамдаштырган жана демократизация жараянын баштап берген. Испания Батыш мамлекеттери менен андан да жакындашуу жолун карманган. **1982-жылы майда** ал НАТОго, **1985-жылы** болсо ЕЭКке мүчө болгон. Испаниянын Европа коомчулугуна интеграциялашуу жараяны башталып, ал кыйла татаал жүргөн.

## ПОРТУГАЛИЯ



*Антонио Салазар*

Расмий түрдө "жаңы мамлекет" деп аталган Антонио Салазардын саясий режими Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин да өзүнүн консервативдүү, авторитардык-фашисттик белгилерин сактап калган. Португалияны дээрлик кырк жыл башкарган Салазар Европанын жаңы тарыхында эң узак бийликте отурган диктатор болгон. Коомдук көзөмөлдөн, оппозициядан таптакыр алыс болгон мындай авторитардык режимде диктаторго жакын болгон кошоматчы жана жасакер жетекчилердин тобу калыптанып, бийликтин жогорку катмарларында паракорлук, коррупция илдеттери күчөгөн. Мындай режимде убакыттын өтүшү менен диктатор өзү жараткан режимдин "ийгиликтеринин" кулуна айланат, массалык маалымат каражаттарында бул "ийгиликтер" жана анын "жаратуучусу" абдан жана токтоосуз макталат. Коомдо руханий кризис жүз берет.

А. Салазар доорунда бийликтин куугунтуктары себеп бардык саясий партиялар өз ишмердүүлүгүн токтоткон. 1960-жылдардын ортолоруна чейин өнүгүүнүн экономикалык модели *автаркия* болуп калган. Ири колониалдык мүлктөр Португалияга үзгүлтүксүз киреше келтирип турган. Колониалдык империясын сактап туруу идеясы Салазар режиминин расмий идеологиясынын ажырагыс бөлүгү эле. Диктатор күчөп бараткан боштондук кыймылына каршы террордон башка нерсени ойлоп таба албаган. Көпчүлүк активисттер, биринчи орунда интеллигенттер репрессияланган.

1968-жылы А. Салазар каза болгон. Премьер-министр кызмат ордун ээлеген **Марселу Каэтану** диктаторлук режимин сактап калууну өзүнүн негизги милде-

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*1974-жылдагы “Чыныгүлдөр” революциясы. Португалия*

ти деп билген. М. Каэтану анчалык маанилүү болбогон өзгөрүүлөрдү ишке ашырган. “Жаңы мамлекеттин” атын “социалдык мамлекетке” алмаштырган.

А. Салазардын доорундагы бир топ жетекчилер иштен четтетилген. Бул өзгөрүүлөрдүн ичинде эң маанилүүсү көз карандысыз профсоюздарга уруксат берилүүсү болгон. А. Салазар программасына туруктуулук, колониалдык согуштарды улантуу М. Каэтану өкмөтүнө каршы оппозицияны күчөткөн. Армияда режимге каршы **“Капитандар кыймылы”** уюму түзүлгөн. 1974-жылы бир топ офицерлер М. Каэтану өкмөтүн бир күндө, дээрлик кан төгүүсүз кулатып ташташкан. Генерал **Антонио де Спинола** башчылыгында **Улуттук куткаруу кеңеши** түзүлгөн жана ал өз программасын кабыл алган. А. де Спинола убактылуу президент деп жарыяланган. Улуттук куткаруу кеңеши калктын эң жарды бөлүгүнүн жашоо деңгээлин көтөрүүгө каратылган бир топ иш-чараларды ишке ашырган. Минималдуу иш акысы, пенсиялар көтөрүлгөн, көп балалуу үй-бүлөлөргө жөлөк пул белгиленген, тамак-аш продукциялары жана кызматтардын баасынын өсүүсү токтотуп коюлган. Өнөр жай мекемелеринин көпчүлүгү национализацияланган. Ишканаларда жумушчулар көзөмөлү орнотулган. Агрардык реформанын натыйжасында түштүк аймактардагы бир бөлүк жерлер жерсиз дыйкандар жана батрактарга, жаңыдан түзүлгөн мамлекеттик жана кооперативдик чарбаларга бөлүп берилген. Африкадагы колонияларга эгемендик берилген. Ушундай түрдө жаңы бийликтин негизги милдети Салазар режиминин калдыктарын жеңип өтүү болгон. Португалияда диктатурадан кийинки өтүү доору башталган. **1976-жылы** кабыл алынган республиканын конституциясы мамлекетте социалдык-саясий жараяндарды туруктуулаштыруу үчүн укуктук негиз болгон. Конституцияга ылайык мамлекет башчысы болгон президент өтө чоң ыйгарым укуктарга ээ болгон. **1986-жылы** мамлекет үчүн маанилүү окуя болгон: президент кызмат ордуна биринчи жолу жарандык ишмер – атактуу саясатчы, мурдагы премьер-министр Мариу Суареш шайланган. Бул диктатурадан демократияга өтүү жараянынын аяктагандыгын билдирет эле. Ушул жылы Португалия ЕКке мүчө болуп кирген.

**ЭСТЕ ТУТ**

*1946-жылы БУУ Башкы Ассамблеясы Испанияны эл аралык уюмдарга кабыл албоо жөнүндө атайын токтом жарыялаган.*

*1982-жылы майда Испания НАТОго, 1985-жылы болсо ЕЭКке мүчө болгон.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ГРЕЦИЯ



*Греция элдик боштондук армиясы*

Согуштан кийин Греция экономикалык кыйынчылыктар менен бирге оор саясий кризиске да учураган. 1946-жылы өткөрүлгөн парламенттик шайлоолор Грецияда жарандар согушунун башталышына алып келген. Солчулдар менен монархисттердин ортосундагы биринчи куралдуу кагылышуулар шайлоо күнү эле болгон. Мамлекетте өзгөчө кырдаал жарыяланган. Бийликке келген Константинос Цалдарис монархияны кайра калыбына келтирүүгө киришкен. Солчул радикал күчтөр Греция демократиялык армиясы (ГДА) түзүлгөндүгүн жарыялаган. Каршылаш жактар бүткүл мамлекет бойлоп бири-бирине каршы кең көлөмдүү аскердик операцияларды баштап жиберишкен. ГДА СССРдин жардамына таянган, Греция өкмөтүн болсо АКШ колдогон. Жарандар согушу үч жылдан көп убакытка созулган жана 1947-жылы аяктаган. Мамлекетте саясий туруксуздук уланган. Мындан наразы болгон бир топ аскерлер 1967-жылы майда бийликти ээлеп алып, блокада абалын жарыялаган, партия, коомдук уюмдар таратып жиберилген, жыйындар жана иш таштоолорго тыюу салынган. Козголоңго үч аскердик кызматчы башчылык кылган. Бийликке келген режим "кара полковниктер" диктатурасы атын алган. Аскерлер коммунисттик коопко каршы күрөштү өздөрүнүн негизги милдети деп жарыялаган. Алар коммунисттерге каршы күрөш, мамлекет аппаратын чыңдоодон сырткары, кең көлөмдүү экономикалык реформаларды да жасашкан. Бул реформалардын негизги бөлүгү оң натыйжа берген, натыйжада Греция агрардык-индустриалдык мамлекеттен индустриалдык-агрардык мамлекетке айланган. Бирок экономикалык ийгиликтерге карабастан, мамлекетте ички саясий жагдай туруксуз боюнча кала берген.

1974-жылы аскерлер Кипр аралында аскердик төңкөрүш жасап, аралдын Грецияга кошулуусуна каршы болгон өкмөт кулатылган. Бул окуя аралда жашоочу грек жана түрк элинин ортосунда карама-каршылыкты күчөткөн. Түркия аралга кошуун киргизип, анын бир бөлүгүн Кипр Түркия Республикасы деп жарыялаган, Греция армиясы болсо аларга каршы согуштан баш тарткан. Бул кризистин натыйжасында "кара полковниктер" аскердик хунтасы бийликтен кетүүгө мажбур болгон.

Жаңы өкмөт конституцияны кайра калыбына келтирген, концентрациялык лагерлерди жок кылган, мамлекеттик аппаратты аскердик режимди жактоочулардан тазалаган. 1981-жылы Греция

**БАГЫТТООЧУ СУРООЛОР**

*Сенин оюңча, Испания, Португалия жана Грецияда өнүгүүнүн башка Европа мамлекеттеринен айырмаланышынын чыныгы себептери эмнелерден турган?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ЕЭК уюмунун тең укуктуу мүчөсүнө айланган. Өкмөт ички саясатта экономиканын үстүнөн мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүү, калктын аз камсыздалган катмарына социалдык жардамды көбөйтүү үчүн аракет кылган. Тышкы саясаттын максаты Грецияны АКШга көз карандылыктан куткаруу экендиги жарыяланган. Социалисттердин башкаруусу талаштуу натыйжаларга алып келген. 1980-жылдардын аягында да Греция ЕЭК мамлекеттеринин арасында эң аз өнүккөн мамлекет болуп кала берген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Картадан Испания, Португалия жана Грециянын аймактарын кара. Интернеттин жардамында жана китептин текстинен пайдаланып, бул мамлекеттерге виртуалдуу саякат жаса. Испания, Португалия жана Грециянын тарыхындагы маанилүү окуяларды хронология түрүндө дептериңе жаз.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗМУНУ

**Конференция** – мамлекет же партия, коом жана аалымдардын өкулдөрүнүн белгилүү бир маселени талкуулоо үчүн чогулуусу.

**Автаркия** – мамлекеттин өзүн-өзү камсыздоо эрежесине негизделген, башка мамлекеттер менен экономикалык байланыштардан үзүлүп калган туюк чарба жүргүзүү саясаты.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Кайсы доорго келип Испания, Португалия жана Греция демократиялык өнүгүү жолуна кайткан?**
2. **Испанияда башкаруу түрүн аныктоо жана конституциялык актыны кабыл алууга карай жасалган кадамдар кандай натыйжа берген?**
3. **"Жаңы мамлекет" деп аталган Антонио Салазардын саясий режими Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин өзүнүн консервативдүү, авторитардык-фашисттик белгилерин сактаган түрдө мамлекетте кандай иштерди жасаган?**
4. **Кайсы жылда аскерлер тарабынан Кипр аралында аскердик төңкөрүш жасалып, аралдын Грецияга кошулуусуна каршы болгон өкмөт кулатылган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UCEBNIK.ONLINE




22-
тема

# Советтер союзунда реформалар жана кризис: империянын кыйрашы

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Жаңы доордо Россиянын өнүгүүсүнүн өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү эмнелерден турган?**
2. **Биринчи дүйнөлүк согуш Россия үчүн кандай аяктаган?**
3. **Россияда жаңы доор башында кайсы багыттарда өнүгүү көзөтүлгөн?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СОГУШТАН КИЙИН ТОТАЛИТАРДЫК РЕЖИМДИН КҮЧӨШҮ

Совет элдерине өтө чоң кырсык алып келген Экинчи дүйнөлүк согуш аяктаган. Согушта 26,5 млн. советтик жарандар каза болгон, миллиондогон адамдар майып болуп калган, мамлекет өтө чоң экономикалык зыян көргөн. Адамдар тынч жашоого кайткан. Бирок согуштан кийинки кыйроолорду, чарбаны кайра калыбына келтирүү кыйынчылыктарынын үстүнө 1946-жылдагы кургакчылык да кошулуп, абалды ого бетер татаалданткан. Бир миллион адам ачарчылыктан каза болгон. Бирок ачарчылык расмий түрдө таан алынбаган. Иосиф Сталин айыл чарбасына негизинен өнөр жай жана шаарларды кайра калыбына келтирүү үчүн булак катары караган, дыйкандардын аянычтуу абалына көңүл бурбаган.

### ЭСКЕ АЛ

*Экинчи дүйнөлүк согуш алдында совет мамлекетинин Германия менен мамилелеринде кандай максат көздөлгөн эле?*

1948-1952-жылдары “Маршалл планы” чегинде жардам алган Батыш мамлекеттеринен айырмалуу түрдө, СССР экономиканы толук ички ресурстардын эсебинен өз күчү менен кайра калыбына келтирген. Германия гана төлөгөн репарация сезилерлүү роль ойногон, бул акчалар өнөр жайда орнотулган курулмалардын чыгашасынын жарымын камсыздаган жана башка багыттарда илимий-техникалык өнүгүүгө түрткү болгон. Миллиондогон адамдардын берилгендик менен эмгектенүүсү жана ресурстарды бир максатты карай багыттоонун натыйжасында 1948-жылга келип СССРде өнөр жай өндүрүшү согуштан мурдагы даражасына жеткен. Өтө чоң саясий-административдик басым, жеңил өнөр жай жана айыл чарбасын талоонун эсебинен жана эмгекчил калктын демилгесин идеологиялык колдоп-кубаттоо себеп миңдеген өнөр жай ишканалары кайра калыбына келтирилген жана кайра курулган. Бирок тоталитардык режимдин характери өзгөрбөгөн. Концентрациялык лагерлер бул доордо да Сталиндин режиминин ажырагыс бөлүгү болуп кала берген. Алардагы миллиондогон адамдардын эмгегинен согуштан кийинки кайра калыбына келтирүү жараянында пайдаланылган. Тоталитардык режим Сталиндин өлүмүнө чейин күчөп барган. Бир топ сот жараяндары өткөрүлүп, жүз миңдеген совет жарандары репрессияланган.

### ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Тоталитаризм фашизмден кайсы жактары менен айырмаланган?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Никита Хрущев*

## ЖЕҢИЛДӨӨ ДООРУ

1953-жылы 5-мартта И. Сталин каза болгон. Бийликти башка адамга өткөрүүнүн легетимдүү жолу болбогондуктан, аны ээлөө үчүн күрөш күч алган. Бийликке расмий түрдө диктатордун эң жакындарынан турган коллективдүү жетекчилик келген. Бирок алардын ортосунда бийлик, ошол эле учурда коомдогу өзгөрүүлөр багытын тандоо үчүн күрөш күч алган. Бул күрөштө Никита Хрущев жеңип чыккан.

Ошол жылы жаңы экономикалык программа жарыяланып, ал совет мамлекетинин тарыхында биринчи жолу жеңил өнөр жайдын элдик керектөө товарларын өндүрүүдөн үстөмдүүлүгүн белгилеген. Социалдык тармактарга багытталган экономика элдик керектөө буюмдарын өндүрүүнүн артуусунда, үй-жайлардын курулушунда, айлыктардын ашуусунда өтө тез сезилген. Жаңы экономикалык программанын башка бир пункту тамак-аш көйгөйүн чечүү, айыл чарбасын узакка созулган кризис абалынан алып чыгууга каратылган эле. Мамлекетте саясий реформалар да башталган. **1956-жылы февралда** КПСС ХХ съездинде Н. Хрущев “Культка сыйынуу жана анын кесепеттери жөнүндө” темасында доклад жасаган. Бул доклад советтик тоталитардык режимдин мүнөзүн, Сталин жана анын шериктери жасаган кылмыштардын көлөмүн билүү жараянын баштап берген. Коомдо, өтө ачык болбосо да, бул көйгөйлөр кеңири чөйрөдө талкуулана башталган. Ошол эле учурда ХХ съезд эл аралык коммунисттик кыймылдын кризисин баштап берген жана социалистик системанын аягына чейин бул кризистен чыга албаган. Диктатордун өлүмүнөн соң мамлекеттик башкаруу системасын децентрализациялоо, жалпы элдин активдүүлүгүн колдоп-кубаттоо, кээ бир башкаруу функцияларына аларды тартууга карай жол тутулган.

Союздаш республикалардын ыйгарым укуктары да бир аз кеңейген. Мурда союздун министрликтеринин карамагында болгон көптөгөн ишканалар республикалардын министрликтеринин карамагына өткөрүлгөн. Бул иш-чаралар адамдарда кандайдыр тарыхый, глобалдуу окуяларга тиешелүүлүк сезимин пайда кылган. Булар жалпы элдин күч-кайратын жана демилгелүүлүгүн күчөткөн. **1961-жылы 12-апрелде** дүйнөдө биринчи космонавт Юрий Гагариндин космоско учуусу адамдарды совет эли аткара албай турган милдет жок экендигине ишендирген.

Бирок 1960-жылдардын башында мамлекетте экономикалык кыйынчылыктар, обо-

**ЭСТЕ ТУТ**

*1948–1952-жылдарда “Маршалл планы” чегинде жардам алган Батыш мамлекеттеринен айырмалуу түрдө, СССР экономиканы толук ички ресурстардын эсебинен өз күчү менен кайра калыбына келтирген.*

*1961-жылы 12-апрелде космонавт Юрий Гагарин космоско учкан.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лу, тамак-аш жетишсиздиги менен байланыштуу чыңалуу пайда болгон. 1963-жылдан СССР четтен дан сатып алууну баштаган. Бул мезгилде бир топ демонстрациялар болуп, алардын бардыгы ырайымсыз бастырылган. Мамлекеттеги жагдай Н. Хрущевдин аброюн түшүргөн.

1964-жылы октябрдагы КПСС Борбордук Комитети пленуму аны бардык кызматтардан бошоткон. КПСС БК Биринчи секретары болуп Леонид Брежнев, СССР Министрлер Советинин Төрагасы болуп Алексей Косыгин дайындалган.

Брежнев жамаасы бирдиктүү аракет программасына ээ эмес эле. Алар коом жана партияны демократташтырууга жасалган аракеттерди, культка сыйынуунун мындан кийинки сынын токтотууга умтулушкан. Сталинди дагы да ашкерелөө тоталитардык системанын негиздерин жемирген. Брежнев администрациясынын теориялык жол-жоболорунун чыныгы мазмуну жана натыйжасы 1977-жылы кабыл алынган СССРдин жаңы конституциясында өз чечимин тапкан. Анда Коммунисттик партия коомдун багыттоочу жана жетекчи күчү, саясий режимдин ядросу деп белгиленген болуп, бул КПССтин саясий системадагы жеке бийликчилдик статусун чыңдаган. Мындай статья атүгүл 1937-жылдагы конституцияда да жок эле. 1980-жылдарга СССР коомдун терең кризиси абалында кирип келген. Бул доордо коомдун ахлактык бузулуу жараяны башталган. Протекционизм, тууган-урукчулук, жердешчилдик, коррупция сыяктуу илдеттер режимдин пайдубалын жемирген, анын кыйрашын жакындаткан. 1980-жылдары коммунизмди куруу жөнүндөгү план жокко чыгып, адамдар эми коммунизм куру кыялына ишенбей койгон. Калктын чоң бөлүгү "барына шүгүр" деп эптеп жашап калган.

СССРде өндүрүлгөн продукциялардын сапаты да төмөн болуп, ишканаларда алардын түрлөрүн жаңылоо үчүн каражат жетишсиз болчу. Дефицит товарлардын тизмеси жыл сайын артып, чайкоочулук өрчүп барган. Мындай продукцияларды "жашыруун өндүрүү", "кара базарда" сатуу өрчүп кеткен. Советтик экономиканын нефть запасына "отуруп калышы" калктын чоң бөлүгүнүн ичкиликке берилиши менен кошулуп кеткен. Ушул шартта үй-жай курулушу, билим берүү, саламаттыкты сактоого бөлүнүүчү акча жыл сайын азайып барган. Коомдо кайдыгерлик маанайы өкүм сүргөн. Интеллигенциянын бир бөлүгүнөн сырткары басымдуу көпчүлүк калк көңүлкош көрүүчүгө айланып, кырдаалдын жакшы жакка өзгөрүүсүнөн үмүтүн үзүп болгон эле. 1982-жылы Брежнев каза болгон. Советтик коомдун кризиси тереңдеген шартта шайланган жаңы Башкы катчы **Юрий Андропов** бул илдеттерге каршы ылдам күрөш баштаган. Бирок Андропов да ушул системанын "жемиши" эле. Ал башкарууда буйрукчулдук усулунан пайдаланган. 1984-жылы февралда Ю.Андропов каза болгондон соң бийликке келген **Константин Черненко** кары жана оорукчал адам болуп, анын шайланышы чоң ката, соолуп бараткан СССРдин символу болгон.

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Брежневдин жамаасынын бирдиктүү аракет программасынын жоктугу, коом жана партияны демократташтырууга карай жасалган аракеттерди, культка сыйынуунун мындан кийинки сынын токтотууга умтулуулар эмне себептен мамлекетте тоталитардык системанын негиздеринин жемирилишин камсыздаган? Пикириңди кошумча булактардын жардамында негизде.*

на сайте UZEDU.ONLINE




*КПССтин 28-съезди.*
*Москва 2-13-июль*

## КАЙРА КУРУУ

1985-жылы мартта К. Черненко каза болгон. Бул маалга келип партия жана мамлекеттик башкаруудагы жадагалса эң консервативдүү күчтөр да “интеллектуалдык жана саясий жактан алсыз, көз караштары жарды болгон дагы бир Черненкого мамлекет чыдай албайт” деген бирдиктүү жыйынтыкка келишкен. Бир күндөн соң болуп өткөн КПСС БК Пленуму **Михаил Горбачёвду** Башкы катчы кылып шайлады. 1980-жылдардын ортолорунда СССР сырттан өтө кудуреттүү мамлекет болуп көрүнчү. Мамлекет салыштырмалуу күчтүү экономика, чексиз табигый байлыктар жана бекем коргонуу кудуретине ээ эле. Чындыгында болсо мамлекетте көптөгөн чечилбеген көйгөйлөр топтолуп калган болуп, экономикалык өнүгүүнүн сапат көрсөткүчтөрү жыл сайын төмөндөп барган. Эмгек өндүрүмдүүлүгү иш жүзүндө өсүүдөн токтогон эле. КПСС БКнын 1985-жыл апрель пленумунда мамлекетти социалдык-экономикалык өркүндөтүүнү ылдамдатуу программасы жаңы жетекчилик жана бүткүл совет коомунун максаты деп жарыяланган. Ушул жылы май айынан аракечтикке каршы кең көлөмдүү кампания башталып, административдик-тыюу жана идеологиялык жолдор менен кыска убакыт ичинде орус калкынын кылымдар бою калыптанган салтын жана анын башка совет элдерине көрсөткөн терс таасирин жок кылуу көздө тутулган.

КПСС Борбордук Комитетинин 1987-жыл январь пленумунда М. Горбачёв “Кайра куруу жана партиянын кадрлар саясаты” темасында доклад жасаган. Анда социалдык турмушту *демократташтыруу* милдетин койгон жана ачыктык курсун жарыялаган.

## Кайра куруунун кризиси

Коомдо алгачкы социалдык-саясий уюмдар пайда болгон. Демократиялык союз өзүн КПССке оппозициядагы партия деп жарыялаган. Жалпы саясий уюмдар – элдик фронттор пайда болгон. Баштап Балтика бою республикаларында пайда болгон мындай уюмдар кийин башка республикаларда да түзүлгөн. Бул демократиялык жараяндардын таасиринде коммунисттик партия жана анын жетекчиси болуп турган М. Горбачёвдун аброю түшүп барган. Бул абройсуздануунун ордун басуу үчүн СССРде президенттик кызмат ордун киргизүү чечими кабыл

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алынган. Калктын арасында партиянын ишмердүүлүгүнө карата жалпы нааразылыктар, ишканаларда иш таштоолор башталып кеткен. Мунун үстүнө союздаш республикалар биринин артынан экинчиси өз эгемендигин талап кыла баштаган. М. Горбачёв башчылыгындагы топ жаңы союздук келишимдин үстүндө иштөөнү уланткан. Бирок коомдо демократиялык кыймылдар жана либералдар күчөп барган сайын аларга каршы консервативдүү күчтөрдүн да биригүүсү жүз берген. Алар 1991-жылы 19-августка караган түнү Өзгөчө кырдаалдар мамлекеттик комитети (ГКЧП) түзүлгөндүгү жөнүндө жарыялашкан. ГКЧП мамлекеттин бир топ аймактарында өзгөчө кырдаал жарыялаган, 1977-жылдагы конституцияга каршы түрдө иш жүргүзүп жаткан бийлик системалары таратып жиберилген, оппозициядагы партия жана кыймылдардын иши токтотулган, массалык маалымат каражаттарынын үстүнөн катуу көзөмөл орнотулган, Москвага кошуун киргизилген.

ГКЧПга каршы кыймылга демократиялык күчтөр башчылык кылган. Алар 19-август күнү Россия жарандарына кайрылып, ГКЧП кыймылы конституцияга каршы төңкөрүш, анын токтомдору мыйзамсыз деп жарыяланган. Мамлекеттин бир топ аймактары ГКЧП токтомдорун аткаруудан баш тарткан. 21-август күнү Россия Жогорку Советинин кезексиз сессиясы ачылган. Эртеси күнү ГКЧП мүчөлөрү камакка алынган. Август окуяларынан кийин бедели түшүп кеткен КПСС иши токтотулган.

Августтагы мамлекеттик төңкөрүштөн кийин көптөгөн республикалар Союздук келишимге кол коюудан баш тарткан. 8-декабрь күнү Минск шаарында Россия, Украина, Белоруссиянын жетекчилери (СССРди уюштурган мамлекеттер) 1922-жылдагы Союздук келишимди жокко чыгарып, **Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) түзүлгөндүгүн** жарыялашкан.

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Децентрализация –** борборлошкон системадан борборлошпогон системага өтүү же өткөрүү.

**Демократташтыруу –** демократиялык принциптерди саясий системага, маданиятка, жашоо мүнөзүнө жана башкаларга колдонуу.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуш совет элдери үчүн кандай аяктаган?**
2. **Сталиндин каза болушу мамлекетте кандай жараяндардын башталышына себеп болгон?**
3. **1977-жылы кабыл алынган СССРдин жаңы – өнүккөн социализм конституциясында кандай жагдайлар өз чечимин тапкан?**
4. **Эмне себептен кайра куруу саясаты мамлекеттин кризиси менен аяктаган?**

Все учебники Узбекистана на сайте



# 23-тема

# Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттери тоталитаризм менен демократиянын аралыгында

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Борбордук Европа мамлекеттерине кайсы мамлекеттер кирет?
2. Чыгыш Европа мамлекеттерине кайсы мамлекеттер кирет?
3. Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин өнүгүшү Батыш Европа мамлекеттеринин өнүгүшүнөн кайсы жактары менен айырмаланат?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Экинчи дүйнөлүк согуш Борбордук жана Чыгыш Европа (БЧЕ) мамлекеттерине өтө чоң кырсыктар, экономикалык жана демографиялык жоготууларды алып келген. Согуштан кийин болсо коалициялык өкмөттөр түзүлүп, алардын курамына коммунисттик, социал-демократиялык партиялар, о.э, согуштан мурдагы буржуа жана дыйкандардын партияларынын өз аброюн сактап калган өкүлдөрү кирген.

**ЭСКЕ АЛ**

*География сабагынан алган билимдериңе таянып, Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттерин картадан тап.*



*Согуштан кийинки жылдарда Варшавада жолдорду оңдоо*

Согуштан мурдагы саясий лидерлерден оккупанттар режими менен кызматташтык кылбаган жана антифашистик күчтөр тарабында күрөшкөндөрү согуштан кийинки алгачкы жылдарда да кыйла таасирлүү саясий кызмат орундарын ээлеген. Бирок өкмөттөрдүн коалицияларына бириккен саясий күчтөр өз мамлекеттеринин келечеги жана өнүгүү жолдору жөнүндө бири-биринен айырмалуу, көп жактан карама-каршы көз караштарга ээ эле. Алардын бир бөлүгү согуштан мурдагы режимдерди кайра калыбына келтирүүнүн жактоочулары болсо, башкалары Батыш Европанын демократиялык моделине суктанып караган. Үчүнчүлөрү совет үлгүсүн туурап, пролетариат диктатурасы мамлекетин курууну каалаган. Согуштан кийин Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин экономикалык жана социалдык негиздери орноп барган сайын бул күчтөрдүн ортосундагы күрөш да курчуп барган. 1947-1948-жылдар бул күчтөрдүн ортосундагы күрөштүн чечүүчү жылдары болгон. Тарыхый көз караштан өтө кыска убакыттын ичинде көпчүлүк Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринде бийлик коммунисттердин колуна өткөн. Бул коммунисттердин чабуулдук тактикасы жана Советтер союзу тарабынан аларга көрсөтүлгөн жардамынын натыйжасы эле. Ошол жылдары СССР тышкы саясатынын орчундуу багыты согуштан кийин БЧЕде калыптанган мамлекеттер менен мамилелерди өнүктүрүү болгон. **Польшада** солчул күчтөрдүн жеңишинин айкындыгына кара-

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бастан, жаңы бийликти куруу жараяны кескин күрөштөрдүн астында өткөн жана көптөгөн курмандыктарга алып келген.

Мамлекетте чоң антикоммунисттик күчтөр, алсак, мурдагы **Краёва Армиясы (Мекен Армиясы)нын жактоочусу** болгон куралдуу топтор да ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан эле. **Чехословакияда** түпкү бурулуш 1948-жылы февралда болгон. Бул маалга келип коммунисттер менен алардын саясий атаандаштырын ортосундагы карама-каршылык эң кескин даражага жеткен. Коммунисттик партиянын өкүлү **Клемент Готвальд** башкарып жаткан өкмөттүн курамындагы буржуа партияларынын өкүлдөрү отставкага чыгышкан. Жаңы өкмөттө негизги жетекчилик орундарын коммунисттер ээлеген. Ушундай түрдө тынч жол менен бийлик алмашуусу ишке ашырылган. 1948-жылы июнда К. Готвальд президент болуп шайланган. 1949-жылга келип Албания, Болгария, Венгрия, Польша, Румыния, Чехословакия, Югославияда



## ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР



*Тарыхый ченемде өтө кыска убакыттын ичинде көпчүлүк БЧЕ мамлекеттеринде бийлик коммунисттердин колуна өткөн. Бул коммунисттердин чабуулдук тактикасы жана Советтер союзу тарабынан аларга көрсөтүлгөн жардамдын натыйжасы эле. Сенин оюңча, Советтер союзунун тышкы саясатындагы бул өзгөрүүгө себеп болгон факторлор эмнелерден турган?*

коммунисттик партиялар толук бийликти ээлеген. 1949-жылы октябрда түзүлгөн Германия Демократиялык Республикасы (ГДР) да ошол сапка кошулган.

Бул мамлекеттерде коммунисттердин жеңишинде алардын аймагында (Албания жана Югославиядан сырткары) Советтик Армиянын кошууңдарынын жайгашкандыгы жана советтик кеңешчилердин жардамы чечүүчү роль ойногон. 1940-жылдардын аягында БЧЕ мамлекеттеринде орнотулган режим элдик-демократиялык, кийин болсо социалисттик деп аталган. Бир топ мамлекеттерде көп партиялуу система бар болсо, Албания, Венгрия, Румыния жана Югославияда бирден партиялар иш жүргүзгөн. Алардын программаларында коомдун бардык багыттарын – экономиканы, социалдык мамилелерди, билим берүү жана маданиятты өнүктүрүү белгилеп берилген. Советтик үлгү боюнча индустриалдаштыруу, айыл чарбасын коллективдештирүү жана маданий революцияны ишке ашыруу белгилеп алынган. Модернизация жараяны да СССРде биринчи беш жылдыкта ишке ашырылган жараянды көчүрүү аркылуу, социа-

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## ЭСТЕ ТУТ

*1949-жылыа Албания, Болгария, Венгрия, Польша, Румыния, Чехословакия, Югославия мамлекеттеринде коммунисттик партиялар толук бийликти ээлеген.*

*1956-жылы Чыгыш Европа мамлекеттери тарыхында Сталиндин доорунда бийликке келген жана ал тарабынан колдоп-кубатталган жетекчилердин алмашуу жараяны күзөтүлгөн.*

*"Мекен армиясынын" аскерлерине атап орнотулган айкелдер*



*Венгер саясатчысы Имре Над*

листтик методдор менен ишке ашырылган. БЧЕнин согуштан кийинки тарыхы СССРдин колдоп-кубаттоосуна таянган режимдерден бошонуу үчүн, социализмдин идеологиялык негиздерин кайра карап чыгуу үчүн күрөштөрдүн доору болгон. 1956-жылы СССРде Сталиндин культуна сыйынуунун караланышы көптөгөн Чыгыш Европа мамлекеттеринде Сталиндин доорунда бийликке келген жана ал тарабынан колдоп-кубатталган жетекчилердин алмашуусуна алып келген. Сталиндин өлүмүнөн улам "социалисттик лагердин" жаңылануусуна пайда болгон үмүт себептүү ГДРде демонстрациялар башталып кеткен. Демонстрациялар бастырылган. Бир нече ондогон адамдар каза болгон.

Познанда жумушчулар иш нормаларынын ашырылышы жана иш акысынын төмөндөтүлүшүнө каршы иш таштоо жарыялашкан. Бул жерге жөнөтүлгөн

## ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Белгилүү болгондой, 1956-жылы Венгрияда Имре Над башчылыгындагы жаңы өкмөт тарабынан бийликтин тоталитардык системасын бузуу, көп партиялуулук системасына өтүү үчүн жасалган аракет тоталитардык режимге каршы демократиялык революцияга айланып кеткен. Бул күрөштөр Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин кийинки өнүгүшү үчүн кандай мааниге ээ?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Александр Дубчек*

полиция жана аскерлер менен кагылышууларда бир канча адам өлгөн. 1956-жылы **Венгрияда** Имре Над башчылыгындагы жаңы өкмөт тарабынан бийликтин тоталитардык системасын бузуу, көп партиялуулк системасына өтүү үчүн жасалган аракет тоталитардык режимге каршы демократиялык революцияга айланып кеткен. Советтик жетекчилер козголоңду бастыруу үчүн кең көлөмдөгү аскердик операцияны өткөрүүнү чечишкен. Бул токтомду көпчүлүк Чыгыш Европа мамлекеттеринин жетекчилери колдоп-кубаттаган. Негизги согуштар Будапештте болуп өткөн. Анда миңдеген козголоңчулар өлгөн жана жараланган. Козголоң бастырылгандан соң И. Над жана анын катарлаштары соттолуп, өлүм жазасына өкүм кылынган.

Бул “кооптуу багыттын” алдын алуу үчүн Варшава Келишимине катышуучу мамлекеттердин кошуундары Чехословакияга киргизилген. Аскердик операциянын биринчи күнүндө эле **Александр Дубчек** башчылыгындагы **Чехословакия коммунисттик партиясынын (ЧКП) жетекчилери** камакка алынып, Москвага алып кетилген. Козголоңду бастыруу учурунда жүзгө жакын Чехословакиянын жарандары каза болгон. “Прага жазы” атын алган революциялык кыймыл ушундай түрдө бастырылган.

Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин экономикасы экстенсивдүү мүнөздө эле. 1970-жылдардын биринчи жарымында өнөр жай өндүрүшүнүн өсүүсү туруктуу түрдө жылына 6-8% даражасында сакталып калган. Бирок 1980-жылдарда социалисттик мамлекеттердин экономикалык абалы андан да начарлаган. СССР, Румыния жана башка бир топ мамлекеттерде тамак-аш көйгөйү өтө курчуган, бардык социалисттик мамлекеттерде калктын жашоо деңгээли сезилерлүү даражада төмөндөгөн. Айрыкча, Польшада жагдай оор болуп, ишчилер көз карандысыз “Биримдик” жалпы профсоюзун түзүшкөн. Мамлекетте саясий кризис курчуп барган. Мамлекетте өзгөчө аскердик кырдаал жарыяланган.

**1989-жылы** Польшада “Биримдик” кыймылынын өкүлдөрү бийликке келген. Венгрияда да бийликке келген жаңы күчтөр экономикалык реформалар жана саясий системаны өркүндөтүү жолун тандаган. **1990-жылы** Венгрия Эл Республикасы аталышы **Венгрия Республикасы** деп өзгөртүлгөн. **Болгарияда** да **1991-жылы** оппозициялык күчтөр бийликке келген. Румынияда коммунисттик режимдин кулашы козголоң жана олуттуу аскердик кагылышуунун натыйжасында болгон. Козголоң Румынияга узак жылдар жетекчилик кылган диктатор Николае **Чаушеску** жана анын аялын соттоо, соттун өкүмүнө ылайык атып таштоо жараянын телевидениеде түздөн-түз көрсөтүү менен аяктаган. Козголоң жараянында миңден ашык адам каза болгон. Албанияны демократиялык толкундун таасиринен сактап калуунун аргасы болбогон. Бийликте турган коммунисттер өтө тез өз таасирин жоготуп барган. Антикоммунисттик маанайдын туюнтуучусу 1989-жылы түзүлгөн Албания демократиялык партиясы болгон. 1992-жылдагы шайлоолордо демократиялык лидер – **Сали Бериша** Албаниянын президенти болуп шайланган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Николае Чаушеску*

## БАГЫТТООЧУ СУРООЛОР

*1. Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн Батыш Европадан артта калуусунун негизги себептери эмнелерде?*

*2. Венгрияда Имре Над, Польшада “Биримдик” кыймылынын өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүнүн жалпы жана айырмалуу жактарын анализде.*

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринен бирин тандап, ошол мамлекетте коммунисттик режимдин кулоо жараяндарын камтып алган эссе жаз.*

Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттериндеги өзгөрүүлөрдүн Югославияга таасири аз болгон. Бирок социалдык режимдин негиздеринде болгон өзгөрүүлөр улуттук мамилелерге да таасир этпестен калбаган. Илгери ар бир мамлекетти туруктуу борборлошкон режимдер бирдиктүү мамлекет түрүндө бириктирип турган эле. Бул режимдердин кулашы улуттардын өз тагдырын өзү белгилеши үчүн гана эмес, улутчул жана сепаратисттик күчтөрдүн активдешүүсү үчүн да мүмкүнчүлүк жараткан. Социалисттик мамлекеттердин ортосундагы экономикалык жана саясий байланыштар барган сайын татаалдашып барган. 1991-жылы Өз ара экономикалык жардам кеңеши, кийин болсо Варшава келишими уюму да тарап кеткен. Кыскасы, 40 жылдан көп ишмердүүлүк жүргүзгөн социалисттик шериктештик жоюлган.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуш Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин кийинки өнүгүшүнө кандай таасир көрсөткөн?**
2. **Чехословакияда түпкү бурулуш доорунда кандай тарыхый окуялар болгон?**
3. **Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринде тоталитардык режимдердин стабилдүү экендигинин себептерин анализде.**
4. **Эмне себептен Өз ара экономикалык жардам кеңеши жана Варшава келишими уюму тарап кеткен?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Айга коюлган алгачкы кадам

Америкалык астронавт Нил Армстронг 1969-жылы июлда “Аполлон-11” космостук кемесинде Ай экспедициясына жөнөгөн. 1969-жылы 21-июлда Нил Армстронг Айдын бетине кадам койгон биринчи адам катары тарыхта калган.

Нил Армстронг мындай деген эле: “Бул – адам үчүн кичине бир кадам, бирок бүткүл адамзат үчүн чоң секирүү”.







## Кытайдагы маданий революция

“Маданий революция” толук аты “Улуу пролетардык маданий революция” 1966–1967-жылдарда Кытайдын жетекчиси Мао Цзэдун тарабынан КЭРде пайда болушу мүмкүн болгон “капитализмди кайра калыбына келтирүүгө” каршы чыгуу шылтоосунда саясий оппозицияны абройсуздандыруу жана жок кылуу максатында ишке ашырылган кампания.



## Африкадагы апартеид

Апартеид расалык кемсинтүүнүн экстремалдык түрү болуп саналат. Бул калктын бүткүл топторун расалык жактан аймактык изоляциялоого чейинки саясий жана жарандык укуктарынан ажыратуудан турат. Заманбап эл аралык укук тарабынан адамзатка каршы кылмыш катары көрүп чыгылат.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



IV
БӨЛҮМ

# КАЙРА ЖАРАЛЫП ЖАТКАН ДҮЙНӨ: 1945–1991-ЖЫЛДАРДА АЗИЯ, АФРИКА ЖАНА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ



# 24-тема

# Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн негизги багыттары

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин ар биринен кеминде ондон мамлекетти дүйнөнүн саясий картасынан тап.
2. Биринчи дүйнөлүк согуш Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттери үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган?
3. Экинчи дүйнөлүк согуш Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттери үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган? Бул мамлекеттер дүйнөлүк согуштардан кандай сабак чыгарган?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**ЭСКЕ АЛ**

*Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин эгемендикке жетүү баскычы кандай факторлорлордон улам пайда болгон эле?*

Экинчи дүйнөлүк согуштан соң мурдагы колониялардын ордунда түзүлгөн ондогон мамлекеттер үчүн модернизация жана өнүгүү сыяктуу өз ара байланыштуу көйгөйлөр олуттуу болуп калган. Бул көйгөйлөр жана аларды чечүү усулдарында бир топ окшош жактар бар, алар Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттерин бирдиктүү бирдик катары кароо мүмкүнчүлүгүн берген.

## БОШТОНДУК ЖАНА ӨНҮГҮҮ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Экинчи дүйнөлүк согуштан соң Европа мамлекеттеринин колониалисттик империяларынын кулашы, колония элдеринин бошонуу жараяны башталган. Бул жараян бардык мамлекетте деле тынч жол менен ишке ашпаган. Улуу Британия Малаяда, Франция Индокытай жана Алжирде, Португалия Ангола, Мозамбикте улуттук-боштондук кыймылдарын ырайымсыздык менен бастырып, бул мамлекеттерге өтө чоң зыян тийгизген. 1960-жыл тарыхка “Африка жылы” катары кирген. Ошол жылы материктеги 17 колониалдык мамлекеттер өз эгемендигин жарыялашкан. Тарыхта соңку колониячы империя Португалия 1975-жылы кулаган.

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Сенин оюңча, колониалдык системанын жемирилүүсүнүн чыныгы себептери эмнелерден турат?*

## Чыр-чатак жана кризистер

Азия, Африка жана Латын Америкасында пайда болгон көптөгөн мамлекеттердин чек аралары этникалык, диний чек аралар менен төп келбеген, бул көптөгөн чыр-чатактарга себеп болгон. Индия эгемендикке жеткен соң, ал диний белгинин негизинде 1947-жылы эки мамлекетке – Индия Союзу жана Пакистанга бөлүнүп кеткен, миллиондоп адамдар качкынга айланган, эки мамлекет ортосунда аскердик кагылышуулар болгон. 1947-жылы Палестинанын араб жана еврей мамлекеттерине бөлүнүшү Жакынкы Чыгышта туруктуу курч мамилелер очогун пайда кылган. Түштүк-Чыгыш Азиядагы **Филиппин, Корея, Вьетнам** да эгемендиктин алгачкы мезгилдеринде ички жана тышкы согуштарды баштан өткөргөн. Кытайда жарандар согушу **1949-жылы 1-октябрда** Кытай Эл Республикасынын жарыяланышы менен аяктаган. 1950-жылдары Латын Америкасы мамлекеттеринин көпчүлүгүндө демократиялык багыттагы өкмөттөр иш баштаган. Бул өкмөттөр чет эл, оболу, АКШ капиталынын таасирин азайтуу үчүн күрөшкөн. Бирок 1960-1970-жылдары көпчүлүк Латын Америкасы мамлекеттеринде мамлекеттик төңкөрүштөр болуп, бийликке *аскердик хунталар* келген.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МОДЕРНИЗАЦИЯНЫН ТАТААЛ ЖОЛУ

Эгемен өнүгүү жолуна түшкөн мамлекеттерде модернизация жолун тандоо татаал жараянга айланган. Бир бөлүк мамлекеттер кечээки колониалисттерди ээрчүүнү каалабаган жана эгемен модернизация жолун тандаган. Алардын көпчүлүгүндө алигече өтө жарды социалдык мамилелер өкүм сүрчү. Ишке жарамдуу калктын өтө чоң (кээ бир мамлекеттерде 90% га чейин) бөлүгү айыл чарбасы менен алек болчу. Техника менен камсыздалгандык даражасы да өтө төмөн эле. Калктын санынын көптүгү жана тез өсүүсү, арзан жумушчу күчү да модернизация үчүн чоң жардам бербеген. Ошого карабастан, мурдагы колониялардын эгемендикке жетишүүсү, жарым эгемен мамлекеттерде улуттук режимдердин бийликке келүүсүнүн натыйжасында жардылыкты жеңип өтүү, тез өнүгүү жолун тандоо идеялары приоритеттүү идеяга айланган. Өнүгүп жаткан мамлекеттердин кээ бирлери өтө чоң экономикалык ийгиликтерге жетишкен.



### ЭСТЕ ТУТ

*1947-жылы Индия Союзу жана Пакистан пайда болгон.*

*1947-жылы Палестинанын араб жана еврей мамлекеттерине бөлүнүшү Жакынкы Чыгышта туруктуу курч мамилелердин очогун пайда кылган.*

*1949-жылы 1-октябрда Кытай Эл Республикасы түзүлгөн.*

*Португалия колониалисттик империясы 1975-жылы кулаган.*

## Ислам мамлекеттеринде модернизациянын өзүнө мүнөздүү жолдору

Жакынкы жана Орто Чыгыш жана Түндүк Африка мамлекеттеринде ислам дини өзгөчө орунга ээ. Бул мамлекеттердин элдеринин тарыхында, алардын социалдык-экономикалык жана саясий жашоосунда ислам дини маанилүү роль ойногон. Алгачкы улуттук-боштондук кыймылдары да ислам желегинин астында ишке ашырылган. Ошондуктан ислам дини бул мамлекеттердеги модернизация жараянына да чоң таасир көрсөткөн. Көпчүлүк мусулман мамлекеттеринде модернизация жараяны диний үрп-адаттарды эсепке алган түрдө ишке ашырылгандыктан, калк тарабынан чоң каршылыктарсыз кабыл алынган жана оң натыйжаларга алып келген.

Айрым ислам мамлекеттеринде өткөрүлгөн реформалар жараянында ушул факторду эсепке албоонун кесепеттерин Ирандагы модернизация жараяны даана көрсөтүп берген. 1979-жылы салттуу ислам баалуулуктарына жана жашоо

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мүнөзүнө кайтуу урааны астында башталган кыймыл бүткүл мамлекетти курчап алган. Падыша **Мухаммад Риза Пахлавий** чет элге качууга мажбур болгон, бийлик ислам дини жетекчилеринин колуна өткөн.

Ошол себептен ислам дининин таасири күчтүү болгон бир катар мамлекеттерде бийлик калктын жашоо мүнөзү жана салттарын өзгөртүүгө аракет кылбаган. Алар коомдо консерватордук маанайдын өсүүсүнө каршылык кылбастан, ислам биримдиги идеясына таянышкан. Мындай биримдикке мүмкүнчүлүктөрү чектелген мамлекеттерде азырынча коомду модернизациялоо жана ички туруктуулукту камсыздоонун бирдиктүү жолу катары каралган.

## Авторитардык режимдер: модернизация тажрыйбасы

Авторитаризм – бир жеке инсан (же топ) бийлигинин алмашпастыгына негизделген демократиялык эмес саясий режим. Анда жарандардын белгилүү бир экономикалык, саясий жана башка укуктары сакталып калган. Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин көпчүлүгүндө эгемендик жылдары авторитардык режимдер орнотулган. Бул көпчүлүк учурларда ушул мамлекеттерде калыптанган өнүгүү модели жана диний ынанымдар менен байланыштуу. Бир топ мамлекеттерде авторитардык режимдердин модернизация жараянын ийгиликтүү ишке ашыруу мүмкүндүгүн көрсөткөн. Бразилия, Аргентина, Чили орточо өнүгүү даражасына жеткен. Бирок Азия жана Африкадагы көпчүлүк авторитардык режимдер коомдун кризисине, экономикалык бүлүнүүгө, көптөгөн калктын набыт болушуна алып келген.

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Белгилүү болгондой, бул доордо кээ бир мамлекеттер өнүккөн мамлекеттерге ээрчүүнү каалабаган жана көз карандысыз модернизация жолун тандаган.*

*Сенин оюңча, мунун чыныгы себептери эмнелерден турган. Класста чакан топторго бөлүнүп, пикириңди негизде жана маалыматтык технологиялардан пайдаланган түрдө презентация даярда.*

### БАГЫТТООЧУ СУРООЛОР

*1. Өз алдынча түрдө Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин экономикалык өнүгүшү менен тааныш.*

*2. География сабагынан алган билимдериңе таянып, Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин борборлору, акча бирдиктери, климаты жана башка баары билиши керек болгон маалыматтарды жадыбал түрүндө дептериңе жаз.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыскасы, XX кылымдын экинчи жарымы Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин көпчүлүгү үчүн өнүгүү багытын тандоо доору болгон. Бул доордо саясий эгемендикке жетишкен мамлекеттердин бир бөлүгүндө тандоо доору дагы эле уланууда.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*“Менин оюмча, Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн оптималдуу жолу” темасында эссе жаз.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Империя** – 1) император, падыша, король башкаруучу мамлекет; 2) бир канча колония аймактарына ээ болгон, тоталитардык режимге негизделген мамлекет.

**Аскердик хунта** – мамлекеттик төңкөрүш аркылуу бийликке келген, адатта зордук жана диктатордук усулдар менен мамлекетти башкаруучу аскерлердин бийлиги.

**Модернизация, модернизациялоо** (французча *moderne* – «эң жаңы», «заманбап») – кандайдыр бир нерсени жаңылоо, заманбап талаптар жана нормаларга ылайык өзгөртүү.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринде болгон чыр-чатактар жана кризистердин себептерин айтып бер.**
2. **Азия жана Африка мамлекеттеринде модернизациянын татаал жолу кайсы жактарда байкалган?**
3. **Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринде авторитардык режимдер шартында модернизация тажрыйбасынын өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турган?**
4. **Азия жана Африкадагы экономикалык деградациянын чыныгы себептери эмнелерден турган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



25-тема

# Япония, Кытай жана Түштүк Корея: Азия цивилизациясынын баалуулуктары менен Батыштын өндүрүш усулунун шайкештиги

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Япония, Кытай жана Түштүк Корея мамлекеттерин дүйнөнүн саясий картасынан тап.**
2. **Орто кылымдар жана жаңы доор тарыхында Азия мамлекеттери цивилизациясынын баалуулуктарынын негизги өзгөчөлүктөрү эмнелерден турган?**
3. **Япония, Кытай жана Түштүк Корея мамлекеттери Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштардан кандай тыянак чыгарышкан?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫНА ӨТҮҮ. ЯПОН “ЭКОНОМИКАЛЫК УКМУШУ”

**ЭСКЕ АЛ**

*Япония, Кытай жана Түштүк Корея мамлекеттеринин жаңы доор тарыхында болуп өткөн эң маанилүү окуялардан кайсыларын билесиң?*

Японияда бийлик генерал Дуглас **Макартур** башчылыгындагы АКШ оккупациялык кошуундарынын штабына өткөн. Японияда демократиялык жараяндарды баштаган америкалыктар эки максатты: биринчиден, Япониянын демократиялык мамлекетке айланууусун жана эч качан башкаларга кооп салбастыгын; экинчиден, япондордун миң жылдык аскердик салттарына ээ болгон күжүрмөн рухун сындырууну көздөгөн эле. Д. Макартур Японияда агрардык реформаларды өткөрүү жөнүндө директива чыгарган. Өз жер мүлкүндө жашабай турган ири жер ээлери ошол мүлккө ээлик кылуу укугунан ажыратылган, жер анда иштөөчүлөргө берилген. Калктын негизги катмары фермерлер болуп калган.

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Сенин оюңча, бүгүнкү Япониянын өнүгүшүнүн чыныгы себептери эмнелерден турат?*

Бирок өнөр жайда калыбына келүү өтө жай болгон. Азияча ой жүгүртүү жана эмгек салттарына ээ болгон япондорду европача эмгек усулдарына көндүрүү оңой болбогон. Америкалыктар япондорду эң заманбап бизнес усулдары менен тааныштырган, кадрларды даярдоонун америкача стандарттары киргизилген. 1950-жылдардын ортолоруна келип Японияда базар экономикасынын инфраструктурасы калыптанган. “Япон экономикалык укмушу” деген доор башталган. Бул доордо өнөр жайдын өсүүсү да өтө жогору болуп, негизинен оор өнөр жай жана химиялык өндүрүштүн эсебинен болгон. Буга оболу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн тез темптер менен өсүүсүнөн улам жетишилген. 1960-жылдардын аягына келип Япония жалпы ички продукциясынын көлөмү боюнча дүйнөдө АКШдан кийин экинчи орунга чыгып алган.

## Постиндустриалдык экономикалык моделдин калыптануусу

1970-1980-жылдардагы экономикалык өнүгүүнүн натыйжасында Японияда калыптанган экономикалык модель постиндустриалдык цивилизацияга негиз болгон. Жаңы экономикалык системада үчүнчү сектор деп аталуучу багыттар – соода, кызмат көрсөтүү, финансы, социалдык багыт, илим, информатика, инфраструктуралар негизги орунду ээлеген. Бул багыттардын

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

негизин илимий жаңылыктар, дизайн, ноу-хау жана ушул сыяктуулар түзгөн.

1980-жылдардан Японияда 26 даана технополистер түзүлгөн. Бул заманбап инфраструктура, транспорт жана информациялык системага ээ болгон үлгүлүү шаарлар эле. Натыйжада Япония дүйнө базарына жаңы түрдөгү продукциялар – микропроцессорлор, персоналдык компьютерлер, өнөр жай роботтору жана тез өзгөрүүчү өндүрүш системалары менен чыккан. Экспорттун чоң бөлүгүн калк керектөөчү товарлар – телевизорлор, видеомагнитофондор, миксерлер, микротолкундуу печтер жана ушул сыяктуулар түзгөн.

**ЭСТЕ ТУТ**

*1960-жылдардын аягына келип Япония жалпы ички продукциясынын көлөмү боюнча дүйнөдө АКШдан кийин – экинчи орунга чыгып алган.*

Кыскасы, Япония жаңылыктар менен салттарды укмуш түрдө айкалыштырууга жөндөмдүү экендигин көрсөткөн. Бул мамлекеттин эң жаңы тарыхы Батыштын техникалык ийгиликтери менен Чыгыштын гумандуулук этикасын ийгиликтүү айкалыштырууга даана мисал боло алат.

## КЫТАЙДА ЖАРАНДАР СОГУШУ

1. "Жүз гүл" саясаты, ой жана сөз эркиндиги, биринчи беш жылдык план (1953-1957)
2. "Чоң секирик", экинчи беш жылдык (1958-1962)
3. СССР менен мамилелерде чыңалуу
4. "Маданий революция" (1966-1976), хунвейбиндер жана цзаофандар
5. АКШ менен жакындашуу, Президент Р. Никсондун КЭРге келиши



*Кытай Эл Республикасы Мао Цзэдун доорунда*

**1945-жылы августта** СССР менен АКШнын ортомчулугунда Кытай Коммунисттик партиясы (ККП) жана Гоминьдан өз ара душмандык кыймылдарын токтотууга келишкен. ККП өз көзөмөлү астындагы аймактарда агрардык реформа өткөрүп, жерди кайра бөлүштүрүүнү ишке ашырган. Гоминьдан болсо тынчтык жөнүндөгү бүтүмдү жоюп өз кошуундарын чогулта баштаган. 1946-жылы июнда күтүлбөгөндө Кытайда коммунисттер менен гоминьданчылардын ортосунда жарандар согушу кайрадан башталган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Саясий системанын калыптануусу. “Чоӊ секирик” жана “Маданий революция”

1950-жылы Кытайда СССРдин жардамында социализм куруу башталган. Бирок 1956-жылдан эки мамлекеттин ортосунда мамилелер бузулган. **1958-жылы** кабыл алынган план Кытайда мөөнөтүнөн мурда социализм курууну көздө туткан эле. Бул план өнөр жай өндүрүшү жана айыл чарбасынын тез өсүүсүн көздө туткан. Ал **“Чоӊ секирик”** саясаты деп аталып, анын курамдык бөлүгү *“техникалык революция”* болгон. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттыруу “Үч жыл туруктуу эмгек – үч миӊ жыл бакыт-таалай” урааны астында алып барылган. 12 сааттык иш күнү орнотулган, адамдар эс алуу күндөрүсүз жана эмгек өргүүсүсүз иштешкен. Бул жана ушуга окшош көптөгөн иш-чаралардан көздөлгөн максат “Чоӊ секирик” аркылуу коммунизм куруу болуп, өтө чоӊ демилгелүүлүк рухуна карабастан, бул пландар негизинен кагазда калып кеткен. “Чоӊ секирик” саясаты ушундай түрдө ийгиликсиз аяктаган. **1966-жылы** Кытайда бюрократияга каршы күрөш жараяны **“Маданий революция” наамын алган.** Ал мамлекетте Мао Цзэдундун жеке бийлигин орнотуу, оппозицияны жоюу үчүн алып барылган саясий жараян эле. **“Маданий революция” интеллигенттерге** каршы кеӊ көлөмдүү репрессияларга айланып кеткен, маданият жана билим берүүгө өтө чоӊ зыян жеткирген, феодалдык үрп-адат жана салттарга каршы күрөш урааны астында көптөгөн маданий эстеликтер жок кылынган, тышкы саясий курс кескин өзгөрүп, мамлекетте *антисоветизм* күчөгөн.



### ЭСТЕ ТУТ

*Сенин оюӊча, Кытайда бул “Чоӊ секирик”, “Маданий революция” жана “үч жыл туруктуу эмгек – үч миӊ жыл бакыт-таалай” урааны астында өткөрүлгөн реформалардын натыйжалары кандай аяктаган? Пикириӊди негиздеген түрдө класста чакан топторго бөлүнүп, илимий кластерден пайдаланган түрдө презентация даярда.*

## Ден Сяопин реформаларынын башталышы

1976**-жылы 9-сентябрда** Мао Цзэдун каза болгон жана “Маданий революция” расмий түрдө аяктаган. Бийликке келген **Ден Сяопин прагматикалык** реформалардын жаӊы концепциясын иштеп чыккан. Концепцияда “төрт модернизация” реформалары – айыл чарбасы, өнөр жай, илим-техника жана аскердик багытты реформалоо белгилеп алынган. Кытай экономикасына чет эл инвестициялары да агып келе баштаган. Айрыкча, чет элдерде жашап жаткан кытайлар активдүү инвестиция киргизишкен. Чет эл капиталын тартуу үчүн Кытай түштүктө 4 эркин экономикалык зоналарды түзгөн. Кошмо ишканалар жана чет элдик карыздар жөнүндө мыйзам кабыл алынган. 1980-жылдардын аягына келип Кытай өнүгүүнүн жаӊы баскычына чыгып алган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КОРЕЯ РЕСПУБЛИКАСЫ: ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ БАСКЫЧТАРЫ ЖАНА САЯСИЙ БИЙЛИКТИН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**1948 Сентябрь** — Туштүктө Корея Республикасы түзүлдү, буга жооп катары Түндүктө КЭДР түзүлгөндүгү жарыяланды.

**1950 Июнь** — Түндүк Армиянын Туштүккө бастырып кириши менен боордошун өлтүрүү согушу башталды.

**1950 Сентябрь** — АКШ Туштүк армияга жардам жөнөттү.

**1950 Ноябрь** — Кытай КЭДРге жардам бере баштады.

**1953 Июль** — Согуш аяктады, 38-параллель бойлой чек ара өткөрүлдү.

**1945-жылы августта** Япониянын Корейдагы кошуундары жеңилген. Аларды куралсыздандыруу шылтоосунда СССР жана АКШ Корея аймагын убактылуу экиге бөлүп алган. Ушундай түрдө Корея экиге бөлүнүп кеткен: туштук бөлүгүнө АКШ, түндүк бөлүгүнө СССР өз кошуундарын киргизген.

Туштук Кореянын өнүгүшү бир канча баскычтарды өз ичине алган. Оболу агрардык реформа өткөрүлүп, анын натыйжасында жер дыйкандарга жеке мүлк кылып берилген. 1960-жылдарда, мамлекетте индустриалдаштыруу саясаты ишке ашырылган. 1970-жылдарды өз ичине алган үчүнчү баскычта оор өнөр жай, оболу, металлургия, машина куруучулук, химия өнөр жайы өнүктүрүлгөн. Ири металлургия комбинаттары курулуп, мамлекет болот куюу боюнча Азияда Япониядан кийин – экинчи орунга чыгып алган.



*Туштук жана Түндүк Корея*

Корея Республикасынын саясий өнүгүүсү да өтө татаал болгон. Мамлекетте бир нече аскердик төңкөрүштөр ишке ашырылган. Ошого карабастан, Корея Республикасы 1980-жылдардын аягына келип дүйнөнүн эң өнүккөн мамлекеттеринен бири болуп калган.

**БИЛИП АЛ**

*Д. Макартур Японияда…*

*1950-жылдардын ортолоруна…*

*1956-жылдан…*

*“Чоң секирик” – бул...*

*“Маданий революция” – бул...*

*Мао Цзэдундун өлүмү...*

*Эмгектин натыйжалуулугун арттыруу…*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БАГЫТТООЧУ СУРООЛОР

*География сабагынан алган билимдериңе таянып, Япония, Кытай, Түштүк Корея жана Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин борборлору, акча бирдиктери жана укук предметинен алган билимдериңе таянып, мамлекет башкаруусу жана саясий партияларынын коомдогу ордун жазуучу маалыматтарды жадыбал түрүндө дептериңе жаз.*

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМА МЕНЕН ИШТӨӨ ТАПШЫРМАСЫ

*Дарон Ажемоглу жана Жеймс Алан Робинсондун калемине таандык "Mamlakatlar tanazzuli sabablari: qudrat, farovonlik va kambag'allik manbalari" чыгармасын оку.*

*"Менин оюмча, мамлекеттердин деградациясынын себептери ..." темасында эссе жаз.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Директива** – жогорку жетекчи органдар тарабынан берилген жана аткарылышы милдеттүү саналган расмий жол-жорук, программа, көрсөтмө.

**Постиндустриалдык цивилизация –** өнүккөн мамлекеттерде XX кылымдын экинчи жарымынан социалдык өнүгүүдө пайда боло баштаган жаңы баскыч.

**Антисоветизм** – советтик бийликке, советтик жашоо мүнөзүнө же Советтер союзуна каршы каратылган көз караштардын системасы болуп, 1920-жылдардан баштап калыптанган.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Кандай факторлордон улам Японияда базар экономикасынын инфраструктурасы калыптанып, "япон экономикалык укмушу" доору башталган?**
2. **Кытайда жарандар согушу кандай натыйжалар менен аяктаган?**
3. **Кытай тарыхында Мао Цзэдун жана Ден Сяопин сыяктуу тарыхый инсандар кандай орун туткан?**
4. **Корея Республикасынын өзүнө мүнөздүү өнүгүү жолу жана экономикалык өнүгүү баскычтары жөнүндө айтып бер.**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



26-
тема

# Индия жана Пакистанда эгемендиктин татаал жолу

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Индия жана Пакистан мамлекеттерин дүйнөнүн саясий картасынан тап.
2. Индия жана Пакистан аймактарында бар болгон орто кылым мамлекеттеринен кайсыларын билесиң?
3. Картадан Бабурийлер династиясынын Акбаршах доорундагы аймактарын тап.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭГЕМЕНДИКТИН ЖАРЫЯЛАНЫШЫ

**ЭСКЕ АЛ**

*"Ост-Индия" компаниясы качан жана кандай максатта түзүлгөн эле?*

Экинчи дүйнөлүк согуш аяктаары менен Индиядагы инди жана мусулман диний жамааларынын ортосунда келишпестиктер дагы да курчуган. Анын үстүнө согуштан кийинки тамак-аш кризиси Индияны дээрлик ачкачылык абалына алып келип, абалды дагы да татаалдаштырган. Ушундай татаал шартта 1947-жылы 15-августта эки эгемен мамлекет – Индия жана Пакистан түзүлгөндүгү жарыяланган. Индия өкмөтүн Жавахарлал Неру, Пакистан өкмөтүн болсо Лиакат Алихан башкарган. Бирок Индиянын бөлүнүшү учурундагы жаңжалдарда адамдардын массалык өлтүрүлүшү узак жылдарга созулган Индия жана Пакистандын ортосундагы өз ара душмандык сезимин калыптандырган. Өз журтун таштап, башка аймактарга көчүү да миллиондогон адамдардын жашоосуна таасир эткен.

## Заманбап саясий системанын калыптануусу

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Сенин оюңча, бул доордо Индиядагы тамак-аш кризиси жана ачарчылык абалынын чыныгы себептери эмнелерден турган?*

XX кылымда эгемендикке жетишкен Азия жана Африка мамлекеттери ичинде Индия парламент демократиясын калыптандыра алган жалгыз мамлекет болгон. 1949-жылы Индиянын жаңы Конституциясы кабыл алынган. Ага ылайык Индия светтик республика деп жарыяланган. Конституция негизги демократиялык эркиндиктерди, адам укуктарын, касталардын теңдигин, бийликтин бөлүнүү принциптерин жарыялаган. Индия автоном укуктарга ээ болгон чоң штаттар жана аймактар союзунун федерациясына айланган. Ар бир штат өзүнүн мыйзам чыгаруучу жыйынына жана өкмөтүнө ээ болгон. Колония доорунан Индияга оор экономика мурас болуп калган эле. Ж. Нерунун өкмөтү экономикалык көйгөйлөрдү чечүү, модернизацияны ишке ашыруунун жолу катары экономикада мамлекеттин ролун ашырууну тандаган. Мамлекеттин финансы саясаты, жалпы улуттук деңгээлдеги ири ишканалар жана инфраструктура объекттери, тышкы саясат, коргонуу жана ушул сыяктуулар борбордук бийликтин карамагына кирген. Индия лингвистикалык белгиге карап штаттарга бөлүнгөн. 1964-жылы Ж. Неру каза болгондон соң анын ордун Лал Бахадур Шастри ээлеген. 1966-жылы январда Ташкентте Индия жана Пакистандын ортосундагы сүйлөшүүлөрдөн соң "Ташкент декларациясы"на кол коюлган. Ошол себеп Ташкентке келген Л. Б. Шастри кокустан каза болгон.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭСТЕ ТУТ

*1947-жылы 15-августта эки эгемен мамлекет – Индия жана Пакистан түзүлгөн.*

*1949-жылы Индиянын жаңы конституциясы кабыл алынган.*

*1966-жылы январда Ташкентте Индия менен Пакистандын ортосундагы сүйлөшүүлөрдөн соң “Ташкент декларациясы”на кол коюлган.*

Бийликке Ж. Нерунун кызы **Индира Ганди** келген. Ал мамлекетте *“жашыл революция”* деп аталган жаңы агрардык саясатты ишке ашырган. Натыйжада 1970-жылы буудай жана шалынын түшүмдүүлүгү кескин арткан. Буудай, шалы жана канттын дүң соодасы толук национализацияланган. Национализация жараяны өнөр жайда да ишке ашырылган. Бирок мамлекетте И. Ганди саясатынан нааразылык маанайы күчөп барган. Индия дагы эле массалык жакырлыктын мамлекети болуп калган эле. Өкмөт жакырчылык даражасын акырындык менен төмөндөтүү иш-чараларын жасаган. Натыйжада жакырчылык даражасынын кескин азаюусуна жетишилген. 1990-жылдардын башында Индиянын экономикалык абалы начарлаган. Бийликке келген Нарасимха **Рао** өкмөттү базар реформаларынын жаңы баскычын баштоого мажбур кылган.




## ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Сенин оюңча, Индияда национализация жараянынын натыйжалары кандай кесепеттер менен аяктаган. Пикириңди негиздеген түрдө, класста чакан топторго бөлүнүп, Т-технологиясынан пайдаланып презентация даярда.*

## ПАКИСТАН

**1947**-жылы Индиянын бөлүнүшүнүн натыйжасында атына гана Улуу Британиянын көзөмөлү астында болгон жаңы мамлекет – Пакистан доминиону түзүлгөн. Жаңы мамлекеттин курамына бүгүнкү Пакистан аймагынан сырткары, Чыгыш Бенгалия да кирип, ал жаңы мамлекет – Бангладеш катары 1971-жылы бөлүнүп чыккан. Пакистан негизинен мусулман калк жашоочу, бири-бири менен байланышпаган бир канча аймактарга ээ болгон. Мындай бөлүнүү эки мамлекеттин ортосунда регулярдуу чек аралык көйгөйлөрдү келтирип чыгарган.

**1951-жылы** Пакистан өз эгемендүүлүгүн жарыялаган. 1956-жылы Уюштуруу жыйыны конституцияны кабыл алган. Ага көрө, **Пакистан Республикасынын түзүлгөндүгү** жарыяланган. Бирок мамлекеттеги саясий күчтөрдүн ортосунда бир пикирдүүлүк жок эле. Натыйжада саясий карама-каршылык бир канча аскердик төңкөрүштөргө алып келген.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**БИЛИП АЛ**

*1964-жылы...*

*1951-жылы...*

*1980-жылдардын экинчи жарымында...*

*1977-жылы...*

*1990-жылдардын башында...*

*Генерал Зия ул-Хактын ишмердүүлүгү...*

Пакистанда туруксуз саясий жагдай сакталып калган. 1977-жылы кезектеги аскердик төңкөруштөн соң аскерлер коомду исламдаштыруу аркылуу жалпы теңдик жана жыргалчылык мамлекетин курууга урунган. Шарият соту түзүлүп, ал кабыл алынып жаткан мыйзамдардын Куран жана шариятка ылайыктуулугунун үстүнөн көзөмөл орноткон. Экономиканы да исламдаштыруу башталган. Мамлекетте өзгөчө кырдаал жарыяланган, бүткүл мамлекеттин аймагы 5 зонага бөлүнүп, аларга аскердик жетекчилер дайындалган. Тартип сактоо үчүн трибуналдар түзүлгөн.

1988-жылы аскердик диктатор – генерал Зия ул-Хак парламентти таратып жиберген, премьер-министрди кызматынан бошоткон жана эркин шайлоолор дайындаган. Бирок ошол жылы ал авиакырсыктан каза болгон. Ушундан соң болуп өткөн шайлоолордун натыйжасында Беназир Бхутто мамлекеттин премьер министри болгон. Ал аскердик режим доорунда камакка алынган бардык саясий ишмерлерге амнистия берген. Пакистандагы туруксуз саясий жагдай мамлекеттин экономикасына да терс таасир көрсөткөн. Пакистан өнүгүп жаткан агрардык-индустриалдык мамлекет болуп, калктын чоң бөлүгү айыл чарбасы менен алектенген. Экспорт кылынуучу негизги товарларына текстиль, булгаары продукциялары, спорт буюмдары, химиялык заттар жана килемдер кирген.




*Пакистандагы саясий күрөш жылнаамасы*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БАГЫТТООЧУ СУРООЛОР

*1. Өз алдынча түрдө Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Индия жана Пакистандын экономикалык өнүгүшү менен тааныш.*

*2. География сабагынан алган билимдериңе таянып, Индия жана Пакистандын географиялык жайгашкан ордун, борборлорун, акча бирдиктерин жана укук сабагынан алган билимдериңе таянып, мамлекеттик башкаруу жана саясий партиялар же бийлик чокусуна келген инсандардын жасаган иштерин жадыбал түрүндө дептериңе жаз.*

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки татаал шартта түзүлгөн Индия жана Пакистан мамлекеттеринин экономикалык-социалдык өнүгүшүнүн маанилүү жактарын анализде.*

*“Менин оюмча, Индия жана Пакистандын өнүгүшү жана көйгөйлөрү төмөнкүлөрдөн турат...” темасында эссе жаз.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Касталар –** татаал социалдык система болуп, катмарланууну туюнтат.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуш аяктаары менен Индиядагы инди жана мусулман диний жамааларынын ортосунда келишпестиктердин андан да курчушу кандай натыйжалар менен аяктаган?**
2. **1949-жылы кабыл алынган Индиянын жаңы конституциясына көрө мамлекетте кандай түпкү өзгөрүүлөр болгон?**
3. **Пакистан өз эгемендүүлүгүн жарыялагандан кийин 1956-жылы Уюштуруу жыйыны кабыл алган конституция мамлекетте эмнелерди камсыздай албаган?**
4. **Пакистандын тарыхында генерал Зия ул-Хак жана Беназир Бхуттолордун башкаруу доору эмнелер менен түшүндүрүлөт?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




27-
тема

# Түркия, Иран жана Ооганстан: диний баалуулуктар жана заманбап цивилизация көйгөйлөрү

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. **Түркия Экинчи дүйнөлүк согушта кайсы мамлекеттер менен союздаштыкта согушка кирген?**
2. **Экинчи дүйнөлүк согуш Иран экономикасына канчалык таасир көрсөткөн?**
3. **Картадан Ооганстан менен чектеш мамлекеттерди көрсөт.**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 1945-1980-ЖЫЛДАРДА ТҮРКИЯ

Түркиянын президенти Исмет Инёню Экинчи дүйнөлүк согуштан соң Ататүрктүн жолун улантkан, мамлекетте бир партиянын диктатурасы сакталып калган.

"Суук согуш" жылдарында Түркия Батыш менен чогуу болгон. Улуу Британия, кийин АКШ Түркияга финансылык жана экономикалык жардам көрсөткөн. Түркия "Маршалл планына" киргизилген, НАТОго мүчө болгон. Батыш мамлекеттери менен кызматташтык, алардын жардамына карабастан, 1980-жылдарга чейин Түркияда экономикалык өсүү темптери төмөн болгон. Демократиялык жараяндар жай өнүгүп, саясатта армиянын ролу жогорулугунча калган. Бул бир топ аскердик төңкөрүштөргө алып келген.

**1980-жылы сентябрда** генерал **Кенан Эврен** кезектеги аскердик төңкөрүш жасап, дагы аскерлер бийликти колго алган. Өтө катуу, жадагалса коркунучтуу усулдар менен болсо да, мамлекетте тартип орнотулган. **1982-жылы ноябрда** өткөрүлгөн референдум жаңы конституцияны тастыктаган. 1983-жылы Түркиянын премьер-министри болгон **Тургут Озал** Түркияда XX кылымдын аягында ишке ашырылган реформаларда өтө чоң роль ойногон. Ал Түркияда тездик менен экономикалык реформаларды баштап жиберген. Экономикада мамлекеттин ролу төмөндөгөн, мамлекеттик секторду кеңири менчиктештирүү башталган, экспортту колдоп-кубаттоо жөнүндө, эркин экономикалык зоналарды түзүү жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Натыйжада Түркия тез өнүгүү жолуна түшкөн. Экономикада мамлекеттик сектордун үстөмдүгү согуштан кийинки Түркиянын мүнөздүү жагы эле. Т. Озалдын реформалары гана буга чек койгон, мамлекетте саясий жагдайдын да оң жакка өзгөрүшү болгон. **1989-жылдагы** шайлоолордо Т. Озал Түркия Республикасынын президенти болуп шайланган. 1990-жылдан премьер-министр кызмат ордун башка бир тажрыйбалуу саясатчы – Сулайман Демирел ээлеген.

**ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ**

*Осмон түрктөрүнүн мамлекети жөнүндө эмнелерди билесиң?*

## ИРАН

1946-жылы англис жана совет кошуундары Ирандан алып чыгып кетилген. 1950-жылдардын биринчи жарымында Иран саясаты негизинен мамлекеттин нефть өнөр жайын национализация кылууга каратылган.

Иран шахы **Мухаммад Риза Пахлавий** заманбап, окумуштуу адам эле. Ал мамлекетте коррупцияга каршы, экономиканы модернизациялоо үчүн бир катар иш-чараларды жасаган. 1963-жыл референдум өткөрүлүп, анда шах мамлекетте реформалар өткөрүү сунушун киргизген. Референдумда калк шахтын сунуштарын колдогон. Бул реформалар жалпы ат менен **"Ак революция"** деп аталган. "Ак революциянын" он жылында Иран экономикалык өсүү боюнча дүйнөдө эң жогору көрсөткүчтөргө жетишкен. Ирандын нефттен алуучу кирешеси да кескин ашкан. Өнөр жайдын машина куруучулук, станок жасоочулук жана башка багыттары тез өнүккөн.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Шах бийлигинин кулашы

Реформаларда жетишкен ийгиликтерге карабастан, шахтын режиминен нааразылар көп эле. Бул жагдай козголоңдорго алып келген. Натыйжада **1979-жылы февралда** өкмөт отставкага чыккан. Шахтын режими кулатылган, Иран Ислам Республикасы деп жарыяланган. Динчил адамдардан түзүлгөн Кеңеш жаңы конституцияны иштеп чыгууга киришкен. Тездик менен кулк-мүнөздүн диний нормалары киргизилген, алкоголь ичүүгө тыюу салынган. Аялдар ислам салттары боюнча кийинүүгө мажбур кылынган. Батыш мамлекеттери Иранга каршы санкциялар жарыялаган. Мамлекеттин экономикалык абалы оорлошуп барган. Ушундай жагдайда **1980-жылы** Ирак кошуундары Иранга бастырып кирген. Башталган Иран-Ирак согушу 1988-жылга чейин созулган. Иранда тамак-аш тартыштыгы башталып, карточка системасы киргизилген, экономика деградацияга жүз туткан. 1990-жылдарда экономика турукташып, жалпы ички өнүмдүн өсүү темптери тездешкен.

## ООГАНСТАН

Ооганстандын шахы Мухаммад Захиршах илимдүү адам болуп, ооган коомун жакшы билген жана модернизациялоонун маанилүүлүгүн терең туйган.

Бул доордо социалдык жашоодо өзгөрүүлөр жай болгон, кескин реформалар ишке ашырылбаган. Бул өзгөрүүлөр шахты кулатууну жактоочуларды активдештирип жиберген. Шах **1973-жылы** тактыдан кулатылган. **Мухаммад Давуд** президент деп жарыяланган.

М. Давуд бир топ реформаларды ишке ашырган. Бирок булар ооган калкынын өтө аз бөлүгүнө таасир кылган. Эң маанилүү иш-чаралардан бири сабатсыздыкты жоюу боюнча мамлекеттик башкарманы түзүү болгон. **1977-жылы** жаңы конституция кабыл алынып, ага ылайык, М. Давуд бир өмүргө президент деп жарыяланган. Бирок М. Давуд армиянын үстүнөн өз бийлигин орното албаган.

**1978-жылы 27-апрелде** Ооганстанда аскерлер мамлекеттик төңкөрүш жасап, М.Давудду бийликтен четтеткен. Революциялык кеңеш түзүлгөн. Кеңеште Нур **Мухаммад Таракий башчылык кылган**. Бийликке келген топтун ичинде да биримдик жок эле. Натыйжада Н. М. Таракий өлтүрүлгөн. Бийликти Хафизулла Амин өз колуна алган. Ал СССРге кайрылып, Ооганстанга совет кошуундарын киргизүүнү сураган. Ушундай шартта **1979-жылы декабрда** Ооганстанга совет кошуундары киргизилген. Х. Амин өлтүрүлгөн. Мамлекетте кырдаал оорлошкон. Миллиондогон ач адамдар мамлекеттен кетип, коңшу мамлекеттерде качкынга айланган. Ооганстан Эл демократиялык партиясы (ОЭДП)на атаандаш болгон согушчан мужахиддер мамлекеттин чоң бөлүгүн көзөмөлдөгөн.

**1986-жылы** бийликке **Мухаммад Нажибулла** келген. Анын саясаты кыйла ийгиликтүү болгон. **1989-жылы** СССР өз кошуундарын алып чыгып кеткен, АКШ жана Пакистан болсо козголоңчуларга курал жеткирип берүүнү токтоткон. М. Нажибулла бийликти сактап калган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

- **1946** — Амир Захиршахтын мамлекетти өз алдынча башкарууга өтүшү
- **1953** — Мухаммад Давудхандын бийликке келиши
- **1964** — Мамлекетте демократиялык конституциянын кабыл алынышы
- **1973** — Мамлекеттик төңкөрүш: Мухаммад Давудхандын президенттигинин башталышы
- **1978–1979** — Савр революциясы: Совет армиясынын Ооганстанга кириши

*Ооганстандын суук согуш доорундагы жылнаамасы*

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМА МЕНЕН ИШТӨӨ БОЮНЧА ТАПШЫРМА

*Интернет булактарынан Азиз Несиндин "Укмуш балдар" ("G'aroyib bolalar") романын көчүрүп алып оку, негиз боюнча чакан окуу долбоорун даярдап, ийрим сабактарында презентация өткөр.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**"Ак революция"** – 1963-1979-жылдарда Шах Мухаммад Риза Пахлавий тарабынан Иранда ишке ашырылган саясий жана социалдык-экономикалык реформалардын жыйнагы. Алар маданият жана агрардык сектордогу өзгөрүүлөр, калктын шайлоо укуктарын кеңейтүү жана мамлекетти өнөр жайлаштырууну өз ичине алган.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Түркияда 1945-1980-жылдарда ишке ашырылган реформалар кандай натыйжаларга алып келген?**
2. **Түркияны тез өнүгүү жолуна түшүргөн Т. Озалдын реформалары жана алардын натыйжалары жөнүндө айтып бер.**
3. **Ирандагы "Ак революция" кандай максаттарды көздөгөн эле жана ал кандай натыйжаларга алып келген?**
4. **1979-жылы Иранда шах режиминин кулашы жана Иран Ислам Республикасынын жарыяланышына кандай факторлор себеп болгон?**
5. **Ооганстанда 1979-жылы ишке ашырылган "революция" ооган коомунда кандай өзгөрүүлөргө алып келген?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 28-тема

# Сирия, Ирак жана Түштүк-Батыш Азия мамлекеттери

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Сирия, Ирак мамлекеттерин дүйнөнүн саясий картасынан тап.
2. Биринчи дүйнөлүк согушка чейин Сирия, Ирак кайсы мамлекет (тер)тин колониясы эсептелген?
3. Түштүк-Батыш Азия мамлекеттеринен кайсыларын билесиң?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СИРИЯ

Сирия Экинчи дүйнөлүк согуштан мурда Франциянын мандаты астында эле. 1943-жылы де Голлдун каршылыгына карабастан, Сирия өз эгемендигин жарыялаган. Бирок реалдуу эгемендикке 1946-жылы чет эл кошуундары мамлекет аймагынан алып чыгып кетилгенден соң жетишкен. Расмий түрдө парламент республикасы деп жарыяланганына карабастан, Сирияда туруктуу демократиялык салттар калыптанбаган, бийлик үчүн кескин күрөш башталган.

1940-жылдардын экинчи жарымында Сирияда буржуа-демократиялык мамлекетин курууну өз алдына максат кылып койгон улуттук буржуазия өкмөттөрү бири-бирин алмаштырган.

Коомдун саясий турмушунда жетекчи ролду ойноп жаткан Араб социалисттик кайра жаралуу партиясы 1957-жылы мамлекетке Египет кошуундарын сунуш кылуунун жактоочусу болуп чыккан. **1958-жылы февралда** Сирия менен Египет союзга биригип, Бириккен **Араб Республикасы (БАР)** деп жарыяланган.

Бир топ наразылык акцияларынан соң 1961-жылы сентябрда армия офицерлери аскердик төңкөрүштү ишке ашырган. Ошол күнү аскердик жетекчилик Сириянын БАР курамынан чыккандыгын жана **Сирия Араб Республикасы түзүлгөндүгүн** жарыялаган.

1970-жылы ноябрдагы аскердик төңкөрүштөн соң мамлекетте бийлик коргоонуу министри генерал Хафиз Асаддын колуна өткөн. Кийинки жылы өткөрүлгөн референдумда Х. Асад Сириянын президенти болуп шайланган. Сирияда Х. Асаддын узак жылдык жеке бийлиги орнотулган. 1980-1990-жылдары Сирия социализмди куруу курсун улантkan. 1980-жылдардын аягына келип ИДПнын негизги бөлүгүн мамлекеттик сектор берген. Тышкы саясатта Сирия Израилге каршы туруктуу позицияны ээлеген. Ливия менен жакындашкан. 1980-1988-жылдардагы Ирак-Иран согушунда Иракты колдогон. 1990-жылы Ирактын Кувейтке каршы чабуулунда Сирия Кувейт жакта болгон, ага дипломатиялык, материалдык жана руханий жардам көрсөткөн.

### ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР

*Сенин оюңча, бул доордо Сирияда болгон аскердик төңкөрүштөрдүн себептери эмнелерден турган?*

## ИРАК

1932-жылы өз эгемендигин жарыялаган Ирак көп жактан Улуу Британияга көз каранды болуп кала берген. 1958-жылы генералдар – Абдул Карим Касым жана Абдул Салим Ареф башчылыгында мамлекеттик төңкөрүш уюштурулуп, король Фейсал, премьер-министр жана королдун үй-бүлөсүнүн

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мүчөлөрү өлтүрүлгөн. Бирок өз ара жаңжалдардан улам кийинчерээк Абдул Карим Касым жана Абдул Салим Ареф да өлтүрүлгөн. Мамлекетте бийлик үчүн күрөш, мамлекеттик төңкөрүштөр уланган. 1968-жылдагы кезектеги мамлекеттик төңкөрүштөн соң реалдуу бийлик коргоонуу министри Саддам Хусейндин колуна өткөн.

Экономикада реформалар өткөрүлүп, калктын жыргалчылыгын арттырууга жетишкен. Экономикалык саясатта мамлекеттик секторду чыңдоого өзгөчө көңүл бурулган. 1973-жылга келип экспорттон түшүүчү пайданын негизги бөлүгүн нефть жана нефть продукцияларынын кирешеси түзгөн.

1979-жылы Саддам Хусейн расмий түрдө Ирактын президенти болуп шайланган. 1980-жылы 22-сентябрда Ирак Иранга каршы согуш баштаган. Иран-Ирак согушу XX кылымдын эң узакка созулган аймактык кагылышуусу болгон. Өтө көп курмандыктарга алып келген бул согуш 1988-жылга чейин уланган.

1990-жылы Ирак Кувейтке бастырып кирип, анын аймагын ээлеп алган. БУУ Коопсуздук кеңеши Кувейттен Ирак кошуундарынын тездик менен алып чыгып кетилишин талап кылган. 1991-жылы январда эл аралык күчтөр Кувейтти бошотуу боюнча “Чөлдөгү бороон” операциясын баштаган. Кыска мөөнөттө Ирак армиясы толук талкаланган.



### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Сенин оюңча, “Чөлдөгү бороон” операциясынан кийин Ирактын тышкы саясатында кандай өзгөрүүлөр болгон? Пикириңди негиздеп, маалыматтык технологиядан пайдаланган түрдө презентация даярда.*

## Түштүк-Батыш Азия мамлекеттери

Түштүк-Батыш Азия континентинде 16 эгемен мамлекеттер жайгашкан болуп, биз алардын айрымдары менен таанышып чыгабыз.

## ЛИВАН

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Батыш мамлекеттеринин саясий бийлигинин жоюлушу, чет эл кошуундарынын мамлекеттен алып чыгылуусуна карабастан, чет эл монополиялары Ливанда өз аброюн сактап калган. 1948-жылы Ливан “эркин мамлекет” деп жарыяланган. 1958-жылы майда мамлекетте башталган жарандар согушу 3 миң кишинин өлүмүнө алып келген. Ошондон кийин бийликке келген жана эгемен саясат алып барган Ливандын жаңы өкмөтүн калктын кеңири катмары колдоп-кубаттаган. 1960-жылдары Ливан экономикасы негизинен кызмат көрсөтүү тармагына багытталган эле.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок Израиль агрессиясы Ливанда социалдык, саясий жана этноконфессионалдык тирешүүлөрдү күчөтүп жиберген. 1975-жылы Бейрутта палестиналык согушчандар менен христиандардын отряддарынын ортосундагы кагылышуу Ливанда жарандар согушун баштап берген, ал 1990-жылга чейин созулган.

## ИОРДАНИЯ

**1946-жылы 22-мартта** Лондондо **Трансиорданиянын** эгемендиги жарыяланган жана ошол жылы майда мамлекеттин аты **Иордания** деп өзгөртүлгөн. Амир **Абдаллах I ибн Хусейн** мамлекеттин королу болгон. 1967-жылдагы согушта Иордания Израилден жеңилүүгө учурап, Ордун дарыясынын батыш жээги тартып алынгандан соң, Иорданиянын аймагына жүз миңдеген палестиналык качкындар келип жайгашкан. Король Иорданиянын Батыш жээкке болгон укугунан палестиналыктардын пайдасына баш тарткан. Бирок Израилдин таасири астында 1988-жылы Иордания Батыш жээк менен ар кандай байланыштарды үзгөн. Натыйжада араб мамлекеттеринин финансылык жардамынан ажыраган. Европа Кеңеши жана эл аралык финансылык уюмдардын жардамында гана Иордания 1991-жылдын аягына келип финансылык кризистен чыга алган.

## САУДИЯ АРАБСТАНЫ

1950-жылы Американын “Арамко” компаниясы менен нефть казып алуу жөнүндө келишимге жетишкенден соң мамлекет байлыктын символуна айланган. Тез арада Саудия Арабстанында нефть кендери ишке түшүп, мамлекеттин көрүнүшү өзгөрүп кеткен. 1960-жылдарда мусулман дүйнөсүндө Саудия королу Фейсалдын аброю артып барган. Ал Иран менен мамилелерди жакшырта баштаган, Меккеде Ирандын шахын кабыл алган. Работто болуп өткөн Араб мамлекеттери жетекчилеринин кеңешинде Фейсалдын сунушу менен **“Ислам конференциясы”** уюму түзүлгөн. 1973-жылдан баштап нефттин баасы кескин көтөрүлгөн жана Саудия Арабстанынын байлыгы эсеп жеткис даражага жеткен. 1990-жылга келип саудиялыктар дүйнөлүк финансы ресурстарынын 1/3 бөлүгүн өз колдорунда топтогон. Дүйнөдө аныкталган нефть запастарынын 1/4 бөлүгү ошол жерде жайгашкан эле. Булардын бардыгы королдуктун мусулман мамлекеттеринин арасында беделинин ашуусуна алып келген.

## БАГЫТТООЧУ СУРООЛОР

*География сабагынан алган билимдериңе таянып, Түштүк-Батыш Азия аймагында жайгашкан мамлекеттердин орду, борбору, акча бирдиги жана Мамлекет жана укуктун негиздери сабагынан алган билимдериңе таянып, мамлекеттик башкаруу системасы жана саясий партиялары же бийликке келген адамдардын жасаган иштерин жадыбал түрүндө дептериңе жаз.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БИРИККЕН АРАБ ЭМИРЛИКТЕРИ

1971-жылы англис кошуундары чыгып кеткенден соң Арабстан жарым аралынын чыгышында Бириккен Араб Эмирликтери (БАЭ) федерациясы түзүлгөн. Ага 7 эмирлик – Абу-Даби, Дубай, Шаржа, Ажман, Умм ул-Кайвайн, Ал-Фужайра жана Раъс ул-Хайма кирген. Бул эмирликтердин ичинде эң чоңдору Абу-Даби жана Дубай эсептелген. Нефттен ала турган өтө чоң пайданын эсебинен мамлекет калктын жан башына кирешеси боюнча дүйнөдө алдыңкы орундардан бирин ээлеген. Чет эл капиталын тартуу үчүн эркин индустриалдык зоналар түзүлгөн. БАЭ Жакынкы Чыгыштагы эң ири финансылык жана транзиттик соода борбору болуп эсептелет.

### ИНТЕРНЕТ МЕНЕН ИШТӨӨ

*Интернет аркылуу Бириккен Араб Эмирликтери (БАЭ) федерациясына виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды анализде.*

### ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Санкция** – эл аралык милдеттемелерди же эл аралык укук нормаларын сактабаган, аларды бузган мамлекеттерге карата бир мамлекет (же мамлекеттер тобу) тарабынан каршы колдонуучу (экономикалык, материалдык же аскердик) жаза же таасир чөйрөсү.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **1940-жылдардын экинчи жарымында Сириянын тарыхында кандай саясий жараяндар күзөтүлгөн?**
2. **1932-жылы өз эгемендигин жарыялаган Ирак эмне себептен көп жактан Улуу Британияга көз каранды болуп калган эле?**
3. **Саудия Арабстанында мамлекеттин көрүнүшүнүн өзгөрүп кетишине себеп болгон кайсы факторлорду билесиң?**
4. **Кайсы окуядан кийин Арабстан жарым аралынын чыгышында Бириккен Араб Эмирликтери (БАЭ) федерациясы түзүлгөн?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



29-
тема

# Латын Америкасында улуттук реформаторлук жана өнүгүүнүн башка жолдору

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Латын Америкасы мамлекеттерине кайсы мамлекеттер кирет?
2. Экинчи дүйнөлүк согушка чейин Латын Америкасы кайсы мамлекеттин колониясы эсептелген?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Экинчи дүйнөлүк согуштан соң Латын Америкасы мамлекеттеринде экономикалык реформалар өткөрүү үчүн ыңгайлуу шарт пайда болгон: алар кыйла чоң валюта запасына ээ болгон, дүйнөлүк соодада алардын үлүшү арткан. Бул абал Латын Америкасы мамлекеттеринде популярдуу, бирок авторитардык режимдердин калыптануусу үчүн ыңгайлуу чөйрө түзгөн.

**ЭСКЕ АЛ**

*Экинчи дүйнөлүк согушта Латын Америкасы мамлекеттеринин катышуусу жөнүндө эмнелерди билесиң?*

1970-жылдардын аягы – 1980-жылдардын башында Латын Америкасы мамлекеттеринде диктаторлук режимдерге каршы күрөш активдешкен. Бул 1979-жылы Никарагуада революцияга, Сальвадор жана Гватемалада козголоңчулук кыймылынын күчөшүнө алып келген. Түштүк Америка мамлекеттери – Эквадор, Перу, Боливия, Аргентина, Бразилия жана Уругвайда аскердик режимдер жарандык өкмөттөр менен алмаштырылган. XX кылымда Латын Америкасы мамлекеттери үчүн жалпы болгон модернизациялоонун үч – революциялык, неоконсервативдик жана реформаторлук варианттары даана көзгө ташталган. Бул варианттарды үч мамлекет мисалында көрүп чыгабыз.



*Кубанын башчысы Фидель Кастро*

## КУБА – МОДЕРНИЗАЦИЯЛООНУН РЕВОЛЮЦИЯЛЫК ВАРИАНТЫ

1950-жылдардын аягында Кариб деңизиндеги чакан арал – Кубада болгон окуялар бүткүл дүйнөнүн көңүлүн өзүнө тарткан. Куба коомду модернизациялоонун революциялык жолун тандаган. 1959-жылы 1-январда Фидель Кастро башчылыгындагы козголоңчулар Гаванага кирип келишкен, революция жеңген. Ф. Кастронун өкмөтү кескин сапаттык өзгөрүү гана Кубаны жардылыктан алып чыгат, коомду өнүгүүнүн заманбап даражасына көтөрөт, деп ойлоп, кескин социалдык-экономикалык саясатты ишке ашырган. АКШнын Кубадагы жаңы өкмөткө душмандык мамилеси айкын болгондон соң, Ф. Кастро өкмөтү СССР менен келишүү аркылуу мамлекеттин коргонуу кудуретин чыңдай баштаган. Бул болсо 1962-жылдагы Кариб кризисине алып келген. Куба алгачкы мезгилде коомдун турмушунун дээрлик бардык тармактарын модернизациялоодо чоң ийгиликтерге жетишкен. Таза агрардык мамлекет болгон Кубаны агрардык-индустриалдык мамлекетке айландыруу курсу тандалган. Бирок 1980-жылдардан коомду модернизациялоонун Куба вариантында белгилүү бир мүчүлүштүктөр көзгө көрүнө баштаган. Экономикалык өсүү темптери, калктын жашоо деңгээли төмөндөгөн. СССРдин талкаланышы Куба үчүн өтө чоң сокку болгон. 1990-жылдарда көпчүлүк Ф. Кастро режиминин кулашын божомолдогон эле, бирок андай болбоду.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧИЛИ – МОДЕРНИЗАЦИЯНЫН НЕОКОНСЕРВАТИВДИК ВАРИАНТЫ

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки өткөн убакыт аралыгында Латын Америкасы мамлекеттери коомду модернизациялоонун оптималдуу вариантын издешкен. 1960-жылдары Чилиде өкмөт мамлекетти модернизациялоого аракеттенген. Мында өкмөт илгери өнүккөн өлкөлөрдө сыноодон өткөн реформаторлук системаларга таянган. Бирок башталган реформалар барган сайын коомдогу бөлүнүүнү күчөткөн, мамлекеттин турмушунун социалдык-саясий багыттарында чыңалууну пайда кылган. Кезектеги президенттик шайлоолоруна чейин Элдик биримдик блогу түзүлүп, ага коммунисттер, социалисттер, радикалдар жана “Элдин ишмердүүлүгүнүн бирдиктүү кыймылы” кирген. 1970-жылы ошол блоктун талапкери Сальвадор Альенде Чилинин президенти болуп шайланган. С. Альенденин өкмөтү терең реформаларды ишке ашырууга киришкен. Бирок коомдун кызыкчылыктарына таасир кылуучу, адаттагы жашоо мүнөзүн, салттуу социалдык байланыштарды бузуучу ар кандай иш-чара сыяктуу С. Альенде өкмөтүнүн реформалары да мамлекетте түрдүү көз караштар, каршылыктарды келтирип чыгарган. 1973-жылы мамлекеттик төңкөрүш жасалып, бийликке генерал Августо Пиночет башчылыгындагы аскердик хунта келген. Чилиде блокада абалы жарыяланган. Конституция жана дээрлик бардык демократиялык эркиндиктер жокко чыгарылган.

Пиночет өкмөтү тандаган модернизациялоонун неоконсервативдик варианты чоң социалдык көйгөйлөргө алып келген. Оболу, иш акысы, айрыкча реформалардын алгачкы жылдарында, сезилерлүү даражада азайган, жумушсуздук кескин арткан. 1989-жылы өткөн президенттик шайлоолордо Христиан-демократиялык партиянын жетекчиси Патрисио Эйлвин жеңишке жеткен. Ушуну менен диктатура доору аяктаган.

## МЕКСИКА – МОДЕРНИЗАЦИЯЛООНУН РЕФОРМАТОРЛУК ВАРИАНТЫ

1958-жылы Мексика өнөр жай продукцияларынын жалпы көлөмү боюнча Латын Америкасында биринчи орунга чыккан. Мамлекеттин ийгиликтүү экономикалык өнүгүүсүндө кыйла кудуреттүү мамлекеттик сектор негизги ролду ойногон. Латын Америкасында чоң чуулганга себеп болгон Куба революциясы Мексиканын жетекчилерин да социалдык багытка олуттуу көңүл бурууга үндөгөн. Бирок Мексиканын бийлик чөйрөлөрү өнүгүүнүн либералдык-реформаторлук жолунан чегинбеген.

1980-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис Мексика үчүн чоң сыноо болгон. Кризис жеңип өтүлгөн болсо да, жумушсуздук, тышкы карыз кескин ашкан, тышкы дүйнөгө, биринчи кезекте, АКШга көз карандылык да арткан.

**ЭСТЕ ТУТ**

*1959-жылы 1-январда Ф. Кастро башчылыгындагы козголоңчулар революциясы жеңген.*

*1970-жылы элдик фронт талапкери Сальвадор Альенде Чилинин президенти болуп шайланган.*

*1958-жылы Мексика өнөр жай продукцияларынын жалпы көлөмү боюнча Латын Америкасында биринчи орунга чыккан.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ ТАПШЫРМАСЫ

*1963-жылда Кубанын жетекчиси Фидель Кастронун Өзбекстанга келиши жөнүндөгү маалыматтарды издеп тап жана “Шараф Рашидов жана Фидель Кастро” темасында презентация даярда.*

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМА МЕНЕН ИШТӨӨ ТАПШЫРМАСЫ

*Альваро Юнкендин “Мугалим эжей үчүн роза гүлү” (“Muallima uchun atirgul”) аңгемесин оку жана талда.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Аскердик режим** – мамлекетти башкаруунун түрү болуп, анда бүткүл бийлик аскерлерге таандык болгон. Адатта аскердик режимдер аскердик төңкөрүш аркылуу орнотулат.

**Агрардык-индустриалдык мамлекет** – негизги байлыгын айыл чарба продукциялары түзүүчү, өнөр жайы айыл чарба продукцияларын жана табигый байлыктарды кайра иштетүүгө багытталган мамлекет.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **1950-1980-жылдарда Латын Америкасы мамлекеттеринде болгон негизги саясий өзгөрүүлөр жөнүндө айтып бер.**
2. **Модернизациялоонун Куба варианты өзүн актаганбы? 1980-жылдардан бул варианттын кандай кемчиликтери байкалган?**
3. **Чилиде белгилүү бир ийгиликтерге карабастан С. Альенде өкмөтүнүн реформалары эмне үчүн кеңири жайылбаган?**
4. **Пиночет диктатурасы доорундагы реформалар Чилинин кийинки өнүгүүсүндө кандай роль ойногон?**
5. **Мексикада модернизациялоонун реформаторлук варианты Куба жана Чили варианттарынан эмнеси менен айырмаланган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 30-тема

# Африкада эгемендик, жакырчылык жана өнүгүү көйгөйлөрү

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Африка материги географиялык жактан кайсы бөлүктөргө бөлүнүшүн картанын жардамында аныкта.
2. Жаңы доордо Африка мамлекеттери кайсы мамлекеттердин колониялары эле?
3. Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштарда Африка мамлекеттеринин катышуусу кандай болгон?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТҮНДҮК АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

Түндүк Африкадагы араб мамлекеттерине Египет, Судан, Ливия жана Магриб мамлекеттери – Алжир, Тунис, Марокко жана Мавритания кирген. Бул мамлекеттерде калк негизинен ислам динине сыйынат. Ошондуктан аймак араб-ислам цивилизациясы мамлекеттери болуп эсептелет.

## ЕГИПЕТ

Согуштан кийинки жылдарда Египетте саясий жана экономикалык кырдаал абдан туруксуз болгон. 1952-жылы мамлекетте революция ишке ашырылып, бийликке Жамал Абдул Насыр башчылыгындагы “Жаш офицерлер” келген. Алгач бул адаттагы аскердик төңкөрүшкө окшоп көрүнгөн. Бирок окуялардын кийинки өнүгүүсү бул антиимпериалисттик жана антифеодалдык революция экендигин көрсөткөн. Революция узакка созулган улуттук-боштондук кыймылына жыйынтык жасап, Египеттин чыныгы эгемендик доорун баштап берген.

Жаңы өкмөт Египетте бир топ реформаларды ишке ашырган. Мамлекеттеги бардык саясий партиялар таратып жиберилген. Бирдиктүү расмий саясий уюм – **Боштондук уюму** түзүлгөн жана ал жаңы режимдин таянычына айланган. Жер реформасы натыйжасында көптөгөн дыйкандар жерге ээ болгон. Бирок өкмөттүн ишине “Мусулман боордоштор” диний-фанатикалык уюму каршы чыккан. Калктын чоң бөлүгү сабатсыз болгон мамлекетте алар күчтүү таасирге ээ эле. 1954-жылы “Мусулман боордоштордун” жактоочулары менен Боштондук уюмунун жактоочуларынын ортосундагы кандуу кагылышууда “Мусулман боордоштору” уюму талкаланган. Ж.А.Насырдын өкмөтү Египетти өнүктүрүүдө СССРдин жардамына таянган. 1970-жылы Ж.А.Насыр каза болгондон соң Египеттин президенти болуп шайланган **Анвар Садат** СССР менен бардык байланыштарды үзүп, АКШ менен жакындашкан жана анын жардамында экономикалык өнүгүүнү баштаган. 1981-жылы 6-октябрда Анвар Садаттын өлтүрүлүшү да жаңы экономикалык курсту өзгөртө албаган. Хусни Мубарак президент болуп шайлангандан соң бүт 80-жылдарда жана 90-жылдардын башында Египет тез өнүгүүнү улантkан.

## СУДАН

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Сенин оюңча, бүгүнкү Африканын өнүгүшүндөгү кейгейлөр эмнелерден турат?*

**1956-жылы эгемендүү** болгон **Судан унитардык** демократиялык республика деп жарыяланган. Ошондон кийин өнүгүүнүн светтик жана диний жолун жактоочулардын ортосунда бир топ кагылышуулар болуп өткөн. Акыр аягында Судан өнүгүүнүн исламдык жолун тандаган. Ислам – мамлекеттик дин, араб тили – мамлекеттик тил, шарият – бардык мыйзамдардын негизи деп жарыяланган. 1969-жылы “Эркин офицерлер” уюму бул режимди кулатып таштаган. Бийлик

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

полковник Жаъфар **Нимейри** башчылыгындагы Революциялык кеңешке (РК) өткөн.

Мамлекет Судан Демократиялык Республикасы деп жарыяланган. Ж.Нимейринин өздүк режими орнотулган. Мамлекетте адам укуктары тепселген.

Көпкө созулган аракеттерден соң 1985-жылы Ж.Нимейринин режими да кулатып ташталган. Ошондон кийин мамлекеттин түштүгүндөгү исламдык мамлекетти жактоочулар менен өкмөттүн ортосунда согуш башталган. Натыйжада Судан XX кылымдын аягында да аймактын эң жарды мамлекети болуп кала берген.

## ЛИВИЯ

1. XX кылымдын башы – Түркиянын колониясы; Түркия-Италия согушунан кийин Италияга көз карандылык башталган.
2. II дүйнөлүк согуш учурунда англичандар жана француздар ээлеген. 1952-жылда БУУ Ливияга эгемендик берген.
3. Ливия Кошмо падышалыгы кулап, Ливия Араб Республикасы (ЛАР) түзүлгөн (1969); "Ислам социализми".
4. 1977-жылы ЛАРдын ордуна Ливия Араб Социалисттик Элдик Жамахириясы жарыяланган.



**Муаммар Каззафий**

*XX кылымдын жылнаамасы: Ливия эгемендиктен диктатурага*

**1949-жылы** Италиянын мурдагы колониялары – Фессан**, Киренаика жана Триполитания бириктирилип**, Ливия королдугу түзүлгөн. Ливия **1951-жылы** эгемен мамлекет деп жарыяланган. 1950-жылы Ливиянын аймагында нефть жана газдын чоң запастары аныкталган. Бул байлыктар чет эл, биринчи орунда АКШ компаниялары тарабынан өздөштүрүлгөн. Кийинки жылдарда нефть казып алуу өнөр жайы өтө тез өнүккөн. Нефть өнөр жайынын тез өсүүсү менен Ливия социалдык-экономикалык жашоосунда да түп өзгөрүүлөр башталган. Бул жараян айыл элинин кескин азаюусуна гана алып келбестен, ошол учурда мамлекеттеги монархиялык системанын таянычы болгон салттуу-диний жашоо мүнөзүн да бузуп, акырындык менен армиянын ролу артып барган. Натыйжада 1969-жылы 29 жаш Муаммар Каззафий башчылыгындагы "Жаш офицерлер" уюму королду кулатып таштаган жана мамлекетти **Ливия Араб Республикасы** деп жарыялаган. М. Каззафийдин бийлиги доорунда мамлекет экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык коргоодо чоң ийгиликтерге жетишкен болсо да, жарандардын укуктары камсыздалбаган, бир бөлүк калктын нааразылыгы артып барган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТРОПИКАЛЫК ЖАНА ТҮШТҮК АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

1945**-жылы октябрда** Англиянын **Манчестер** шаарында **V Панафрика конгресси** болуп өткөн. Анда антиколония, антиимпериалисттик рух үстөмдүү болгон. Конгресс бүткүл материкке жана бардык ири аймактарга каратылган жаңы революциялык талаптарды илгери сүргөн. Көптөгөн Африка мамлекеттери үчүн согуштан кийинки жылдар саясий партияларды түзүү доору болгон. Алар эми түздөн-түз калкка кайрыла турган болушкан. Митингдер, баш ийбөө кампаниялары өткөрүлгөн, чет эл товарларына бойкот жарыяланган. 1940-жылдардын аягы – 1950-жылдардын башында жалпы демонстрациялар жана полиция менен кандуу кагылышуулар доордун мүнөздүү жагы болуп калган. Куралдуу акциялар, **Мадагаскар, Пил Сөөгү Жээги, Кения** жана **Камерун** элдеринин колониализмге каршы куралдуу козголоңдору күчөгөн. 1950-жылдардын экинчи жарымы колониалдык режимдерди кулатуу үчүн күрөштөрдүн доору болгон. Улуу Британиянын колониясы болгон Алтын Жээк өз эгемендигин жарыялаган жана өзүн Гана мамлекети деп атаган. Франциянын колониясы болгон Гвинея да өз эгемендигин жарыялаган. Бул алгачкы кадамдар бүткүл Африка тарабынан материктин колониалисттерден азат болуусунун символу катары кабыл алынган.

Колониалдык режимден кутулуу жараяндарынын эң жогорку чекити 1960-жылга туура келген. Ал тарыхка **"Африка жылы"** катары кирген. Дүйнө картасында 17 жаңы Африка мамлекеттери пайда болгон. Кийинки жылдарда Улуу Британияга караштуу дээрлик бардык мамлекеттер өз эгемендигин жарыялаган.

### ТАРЫХЫЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

*Сенин оюңча, Африка элдеринин тарыхындагы V Панафрика конгресси жана "Африка жылы" кандай мааниге ээ болгон? Пикириңди негиздеген түрдө Т-технологиясынан пайдаланып презентация даярда.*

Эгемендиктен соң дээрлик дароо турмуш таптакыр жакшыланат, деген ишеним кең таралган эле. Бирок көп абалдарда капиталисттик эмес өнүгүү жолун тандаган мамлекеттерде кыйын жагдайлар пайда болуп, эгемендик үчүн күрөшкөн кечээки лидерлер жана бийликчил партиялар бийликке келгенден соң, залим жана диктаторлорго айланышкан, жарандык согуштар болсо көптөгөн кан төгүүлөргө алып келген. Капиталисттик жолду тандаган башка бир катар мамлекеттерде да ушундай, дээрлик бирдей көйгөйлөр пайда болгон.

Бир топ Африка мамлекеттеринде көп сандуу, тажрыйбасыз жана натыйжасыз, кулагына чейин коррупцияга баткан, мамлекеттин байлыктарын талап-тоноочу жана ошол негизде бири-бирин колдоп-кубаттоочу бюрократикалык аппараттар пайда болгон. Мындай шартта бирдиктүү тартип жана күчкө ээ болгон уюм армия болуп калган. Натыйжада токтоосуз аскердик төңкөрүштөр болгон. Жакырчылыктан, согуш жана геноцидден, өнөр жайдын жоктугу себеп жумушсуздук жана айласыздыктан кутулуу үчүн миллиондогон африкалыктар өз материгин таштап кетүүгө мажбур болушкан.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АПАРТЕИД РЕЖИМИНЕ КАРШЫ КҮРӨШ

Африканын түштүгүндө расизм режимине негизделген **Түштүк Африка Республикасы (ТАР)** бар эле. Бул режим түрдүү расадагы адамдар кошулбастан өзүнчө жашашы, аралашпастыгы, жашоодо жана эмгек жараянында бири-бири менен эң аз байланышта болуусун талап кылчу. Бул көз караш ак денелүү адамдардын үстөмдүгү жөнүндөгү идеяга негизделген эле. Кара денелүүлөр шайлоолордо катышуу укугуна ээ эмес эле. Жадагалса башталгыч билим берүү системасы да алар үчүн өзүнчө, азыраак билим берүүгө ылайыкталган эле. Мындай тартиптерге каршы чыгуучу саясий уюмдар куугунтукталчу.

Апартеид режимине каршы укуксуз кара денелүү калк жана бул режимден наразы бир топ ак денелүүлөр гана эмес, о.э, эл аралык коомчулук жана БУУ да бул адилетсиздикке каршы күрөшкөн. БУУ апартеид режимин бойкот кылууга каратылган бир топ иш-чараларды жасаган. Натыйжада ТАР өкмөтү демократиялык иш-чараларды жасоого мажбур болгон, бардык саясий партиялардан чектөө алып салынган, саясий шылтоодо камакка алынгандар бошотулган. 1994-жылы болуп өткөн шайлоолордон соң ТАР тарыхындагы биринчи кара денелүү жол башчы – **Нельсон Манделла** мамлекеттин президенти болгон.

Апартеид режиминин кулашы менен Африкада колониализм толук аяктаган.

### ТЕРМИНДЕРДИН МАЗМУНУ

**Геноцид –** эл аралык кылмыштардын бир түрү: расасы, улуту, дини, этникалык курамына карай, калктуу топторду массалык же бөлүктөп физикалык кырып жиберүүгө каратылган аракет.

**Апартеид** – расалык кемсинтүүнүн эң ашынган көрүнүшү.

### СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдарда Египетте саясий жана экономикалык кырдаал өтө туруксуз болуусунун себептери эмнелерде эле?**
2. **XX кылымдын 40-жылдарында Ливия королдугунун түзүлүшү жана анын кийинки өнүгүшү жөнүндө эмнелерди билесиң?**
3. **1945-жылы октябрда Англиянын Манчестер шаарында болуп өткөн V Панафрика конгресси материктин тарыхында кандай мааниге ээ?**
4. **1940-жылдардын аягы – 1950-жылдардын башында Африка мамлекеттериндеги массалык демонстрациялар жана полиция менен кандуу кагылышуулардын мүнөздүү жактары эмнелерден турган?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



31-
тема

# XX кылымдын экинчи жарымында илим-билим жана маданияттын өнүгүүсү

**АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. XX кылымдын экинчи жарымына чейин так илимдер багытында кандай ойлоп табуулар ишке ашырылган?
2. Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштарда дүйнө мамлекеттери кандай куралдардан пайдаланышкан?
3. XX кылымдын башында кайсы адабий багыттарда чыгармалар жазылган?

ебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ ЖАНА АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Соңку жүз жыл бою илимдин өнүгүүсү XX кылымдын экинчи жарымында илимий-техникалык революцияга алып келген. Бул революциянын негизги белгилери табигый жана синтетикалык материалдардан товарларды массалык түрдө өндүрүү, машиналардан кеңири пайдалануу, өндүрүштүн конвеерлүү линияларын жана өнөр жай роботторун жаратуу болгон. Илимий-техникалык революция дүйнөлүк экономиканы капитализмдин постиндустриалдык дооруна алып чыккан.

Ошол эле учурда илимий-техникалык революция бир топ терс кесепеттерге да алып келген. Алсак, өндүрүштү автоматташтыруу жана компьютерлештирүүнүн натыйжасында иш орундары азайып кеткен жана жумушсуздук күчөгөн. Энергиянын жаңы түрлөрүнөн, жасалма материалдардан пайдалануу табигый ресурстарды өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн кеңейткен, бирок мунун табиятка зыяны да артып барган.

## Илим-билимдин ийгиликтери

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башына келип илимий ой жүгүртүүдө чоң өзгөрүүлөр болгон. Исаак Ньютондон башталган жана механикага негизделген көз караш өз мүмкүнчүлүктөрүн аяктаган жана бул жаңы доор илиминин кризисине алып келген. Буга электрондун жана радиоактивдүүлүктүн ачылышы чоң түртку болгон. Илимдеги кризисти жоюу жараянында физикадан башталган жана илимдин бардык багыттарын камтып алган илимий-техникалык революция болгон. Бул, оболу, Макс Планк жана Альберт Эйнштейн сыяктуу аалымдардын аты менен байланыштуу. Электрондун жана радийдин ачылышы, химиялык элементтердин трансформациясы, салыштырмалуулук теориясы жана квант теориясынын жаратылышы микроаалам жана чоң ылдамдык багытында чоң жаңылык болгон. Квант теориясы химиялык байланыштардын табиятын чечмелеп, илим жана өндүрүштүн алдында заттардын химиялык трансформациясы үчүн кең мүмкүнчүлүктөр эшигин ачкан. Генетика мыйзамдары багытына кирип баруу башталган, генетика илими өнүккөн, хромосомия теориясы калыптанган.

**ЭСКЕ АЛ**

*Дүйнөдө биринчи темир жол качан курулган жана ал эмнеге кызмат кылган?*

**ОЙЛОП КӨР ЖАНА ЛОГИКАЛЫК ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАР**

*Сенин оюнча, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында илим-билимдин жаңы баскычка көтөрүлүшүнө себеп болгон факторлор кайсылар?*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## “СУУК СОГУШ“ ДООРУНУН ТОП-7 АЧЫЛЫШЫ

**Дагы кайсы ачылыш жана ойлоп табууларды бул тизмеге киргизген болот элең? Пикириңди далилдер менен түшүндүрүүгө аракет кыл.**

**КОМПЬЮТЕР**

**ENIAC (АКШ, Пенсильвания университети, 1946)**





**ПЛАСТИК**

**Пластик өнөр жайынын пайда болушу (1950-жылдар)**

**КОСМОНАВТИКА**

**Адамдын космоско алгачкы жолу учуусу (1961)**





**УЮЛДУК ТЕЛЕФОН**

**“Motorola” (1984)**

**ИНТЕРНЕТ**

**ARPANET (1969)**





**АТОМДУК ТЕХНОЛОГИЯЛАР**

**Обнинск АЭС (1954)**

**ГЕНДИК ИНЖЕНЕРИЯ**

**Стенли Кохен, Герберт Бойер (1973)**



Бул жылдарда так илимдер жетишкен эң чоң ийгиликтерден бири лазердин ачылышы болгон. Бул ачылыш XX кылымдын физика илиминдеги эң жаркын ачылыштардан бири катары тан алынган. 1960-жылы советтик физиктер Н.Г.Басов, А. М. Прохоров жана америкалык аалым Ч. Таунс лазер (бул англисче light amplification bu stimulated emission of radiation – аргасыз нурлануунун натыйжасында жарыктын күчөтүлүшү сөзүнүн баш тамгаларынан алынган) – нурдун таптакыр жаңы түрүн жаратышкан. Бул үч аалымга физика боюнча Нобель сыйлыгы берилген.

Жаңы техника жана технологиялардан пайдалануу менен байланышкан дагы бир жаңылык компьютердин ойлоп табылышы болгон. Компьютер (англисче *computer* – “эсептөө”) алгач маалыматты кайра иштөө жана эсептөө үчүн жаратылган, ал электрондук эсептөө машинасы – ЭЭМ деп аталчу жана өтө чоң көлөмгө ээ эле. 1959-жылы америкалык инженерлер **Д. Килби** жана **Р. Нойс** тарабынан **жарым өткөргүчтүү интегралдуу микросхемалардын жаратылышы** компьютер жана башка жабдыктардын көлөмүнүн кескин кыскаруусуна, ишмердүүлүк багытынын кескин кеңейүүсүнө алып келген. Интегралдуу микросхемалардын жаратылуусун аалымдар XX кылымдын соңку 50 жылы ичинде жасалган эң белгилүү ойлоп табуу деп аташкан. Азыр дээрлик бардыгыбыз пайдалануучу уюлдук телефондор да XX кылымдын ойлоп табуусу болуп саналат. Швециянын Телеверкет компаниясы 1940-жылдардын аягында эле уюлдук телефондорду жаратуунун үстүндө иш баштаган эле. Шведдер тарабынан сунушталган биринчи кең пайдалануудагы уюлдук телефон байланышы **MTA** – *mobil telefonsistem* (мобиль телефон системасы) деп аталган. 1970-1980-жылдары **Ericsson, Philips** жана башка көптөгөн белгилүү компаниялар тарабынан уюлдук телефон аппараттарынын жаңы түрлөрү жаратылган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошол жылдары заманбап көрүнүшкө жакын аппараттар пайда болгон. Массачусетс технология институтунун кызматкерлери алыс аралыктан туруп компьютер аркылуу байланыш орнотуу мүмкүндүгүн негиздешкен жана Интернеттин жаратылуусун жакындатышкан. 1969-жылы Интернеттин өтмүштөгү мууну **ARPANET** жаратылган.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин башталып кеткен "суук согуш", АКШ жана СССРдин ортосундагы куралдануу жарышы космос багытына да өткөн. **1957-жылы 4-октябрда** Советтер союзунда дүйнөдө Жердин биринчи жасалма жандоочусу учурулган. Академик С**. П. Королёв** башчылыгындагы топ тарабынан Айга космостук кеме учуруу боюнча изилдөөлөр алып барылган. Алардын натыйжасында **1961-жылы 12-апрелде Ю.А.Гагарин** "Восток" космостук кемесинде дүйнөдө биринчи болуп космоско учкан. Космонавтика доору башталып, ал космос жөнүндөгү билимдерибизди кеңейткен.

**Экономикалык теория** багытында да олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Экономикалык теориядагы эң маанилүү өзгөрүүнү XX кылымдын биринчи жарымында англичан экономисти Жон Кейнс жасаган. Ал иш жүзүндө экономикалык теорияда жаңы багыт – **макроэкономиканы** жараткан. Ж. Кейнстин теориясы илимде кейнсчилик атын алган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин кейнсчиликтин негизинде жаратылган экономикалык теория неокейнсчилик атын алган. Бул теория экономиканы жаңы доордун талабына ылайыкташтырууга каратылган эле.

## Баалуулуктар системасындагы өзгөрүүлөр

XX кылымдын 2-жарымындагы ИТР жана аны менен байланыштуу өзгөрүүлөр адамдын жашоосунун бардык тармактарына таасир көрсөткөн. Баалуулуктар системасындагы өзгөрүүлөр, оболу, искусство жана адабиятта өз чечимин тапкан. Искусстводо абстракционизм (белгисиздик) багыты кеңири жайылган. Абстракционизм фотография өнөрүнүн өнүгүүсүнө өзүнө мүнөздүү жооп түрүндө пайда болгон. Абстракционизмдин өкүлдөрү эми сүрөттө кыймылды, сезимди туюнтууга умтулушкан, чындыгында, алардын оюнча, дал ошол жактарды фотографияда чагылдыруунун айласы жок эле. Абстракционизмге карама-каршы түрдө **поп-арт** (*массалык искусство*) пайда болгон жана тез эле Европага тараган. Поп-арт күйөрмандарынын оюнча, дүйнөдөгү ар кандай буюм көркөм-эстетикалык сапатка ээ болушу мүмкүн. Искусствонун бул багыттарында аалам түспөлүндөгү логика жана тактыктын жок экени искусстводогу модернизм баскычы өз мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп бүткөндүгүнөн кабар берет эле. Эми Батыш жана Чыгыш искусствосу, өтмүш жана заманбап стилдер, фольклор жана массалык маданияттын элементтерин өзүндө камтыган постмодернизм стили пайда болгон.

## Адабият

Согуштан кийин көп жазуучулардын романдары согушту көркөм усулдарда таануга арналган. Бул доордо көпчүлүк чыгармалар антифашистик, пацифисттик рухта жазылган болсо, 1960-жылдардан кийин реализм коомдогу жаңы олуттуу көйгөйлөрдү чагылдыруунун куралына айланган.

Баяндоонун реалисттик формасы XX кылымдын жаңы адабий багыты – **массалык адабият**та өзүнө жол тапкан. Мындай адабият кеңири коомчулукка арналган болуп, так үлгүлөрдүн негизинде жазылган жана идеологиялык жактан иш жүзүндөгү тартиптерди колдоп-кубаттоого багытталган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул чыгармалар базардын бардык мыйзамдарын сактоочу, кардарлардын түрдүү катмарына ылайыкташкан адабий товар болуп эсептелген. Бул өзүнүн ачык бизнес характери, көңүл ачуучу функциясы жана окуялардын өнүгүүсүнүн алдын ала белгилүүлүгү менен айырмаланат.

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМА МЕНЕН ИШТӨӨ ТАПШЫРМАСЫ

*"Дүйнөлүк адабият" журналында басылган көркөм-тарыхый чыгармаларды көчүрүп ал жана каникулда окуп чыгып, "Каникул жана китеп окуу" темасында окуу портфолиосун даярда.*

## ТЕРМИНДЕРДИН МАЗУМУНУ

**Конвеер – жүк ташуу**, машинаны тетиктерден чогултуу же иштелип жаткан нерселерди бир иш жеринен экинчи иш жерине удаалаш жеткирип берүү үчүн токтоосуз же мезгилдүү түрдө айланып иштеп туруучу тасма сымал атайын транспорт курулмасы.

**Постмодернизм** – XX кылымдын ортолору жана аягында өнүккөн багыт болуп, ал негизинен философия, искусство, архитектура жана адабий сынчылыкта модернизм салттарынан чегинүүнү өзүндө туюнкан. Терминден негизинен модернизмден кийин келген тарыхый доорду туюнтуу үчүн колдонулат.

## СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. **Капитализмдин постиндустриалдык доорунда илимий-техникалык өнүгүү кандай баскычтарды өз ичине алган?**
2. **"Суук согуш" доорундагы куралдануу жарышында массалык кыргын куралдарынын кандай жаңы түрлөрү жаратылган? Космосту багындыруу үчүн кандай изилдөөлөр алып барылган?**
3. **Заманбап ЭЭМдер, компьютерлер жана уюлдук байланыш тармагынын жаратылуусунда интегралдуу микросхемалардын ойлоп табылышы кандай роль ойногон?**
4. **Интернет тармагынын пайда болушуна кандай теория негиз болгон?**
5. **XX кылымдын адабият жана искусствосундагы кандай багыттарды мүнөздөй аласың? Адабият жана искусствонун социалдык турмушка таасири эмнелерде көрүнгөн?**

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ


**Киришүү** ........................................................................................ 3

## I БӨЛҮМ XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИ: ИНДУСТРИАЛДЫК ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ОРНОШУ

**1-тема.** Индустриалдык цивилизациянын орношу ........................................ 6

**2-тема.** “Дагы да Улуу Британия” үчүн: жаңы экономикалык жана идеологиялык системанын пайда болушу ............................ 11

**3-тема.** Франция жана Германия: Европада лидерлик үчүн күрөш ........... 16

**4-тема.** Чыгыш Европа жана Россия: коомду реформалоонун көйгөйлөрү ........................................ 22

**5-тема.** Эки түрдүү Америка: Түндүк жана Түштүк Америкадагы өнүгүүнүн багыттары ........................................ 27

**6-тема.** Япония, Кытай жана Индия: реформалардын азияча жолу.......... 32

**7-тема.** Ислам цивилизациясы мамлекеттеринде салттуулук менен реформаторлуктун ортосундагы күрөш ........................................ 38

**8-тема.** Африка мамлекеттериндеги колониализм жана өнүгүүнүн көйгөйлөрү ........................................ 43

## II БӨЛҮМ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТАР АРАЛЫГЫНДА ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЭКИ БАГЫТЫ: ЛИБЕРАЛДЫК ДЕМОКРАТИЯ ЖАНА ТОТАЛИТАРДЫК-АВТОРИТАРДЫК ДИКТАТУРА

**9-тема.** Биринчи дүйнөлүк согуштун келип чыгуу себептери жана кесепеттери ........................................ 50

**10-тема.** Либералдык-демократиялык мамлекеттерде өнүгүүнүн жаңы көйгөйлөрү ........................................ 56

**11-тема.** Тоталитардык-авторитардык диктатура мамлекеттери: жаңы согуш очогунун пайда болушу ........................................ 61

**12-тема.** Азия мамлекеттеринде эгемендик жана өнүгүүнүн көйгөйлөрү ... 67

**13-тема.** Африкада улуттук кайра жаралуу жана эгемендик идеяларынын пайда болушу ........................................ 73

**14-тема.** Экинчи дүйнөлүк согуштун келип чыгуу себептери жана кесепеттери ........................................ 77

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## III БӨЛҮМ 1945-1991-ЖЫЛДАРДА ЕВРОПА ЖАНА ТҮНДҮК АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ


**15-тема.** Батыш Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн негизги багыттары ........ 86

**16-тема.** СССР жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн негизги багыттары ........ 91

**17-тема.** АКШ: жаңы лидердин пайда болушу ........ 95

**18-тема.** Улуу Британия жана Франция: Жаңы Европаны куруу........ 100

**19-тема.** Германия жана Италия: жеңилүүдөн кийинки өнүгүү ........ 106

**20-тема.** Батыш Европада экономикалык жана саясий интеграция жараяндары........ 112

**21-тема.** Түштүк жана Түндүк Европа мамлекеттери: диктатура жана демократия........ 118

**22-тема.** Советтер союзунда реформалар жана кризис: империянын кыйрашы ........ 124

**23-тема.** Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттери тоталитаризм жана демократиянын аралыгында........ 130


## IV БӨЛҮМ КАЙРА ЖАРАЛЫП ЖАТКАН ДҮЙНӨ: 1945-1991-ЖЫЛДАРДА АЗИЯ, АФРИКА ЖАНА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ


**24-тема.** Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин өнүгүүсүнүн негизги багыттары ........ 138

**25-тема.** Япония, Кытай жана Түштүк Корея: Азия цивилизациясынын баалуулуктары менен Батыш өндүрүш усулунун шайкештиги ........ 143

**26-тема.** Индия жана Пакистанда эгемендиктин татаал жолу........ 149

**27-тема.** Түркия, Иран жана Ооганстан: диний баалуулуктар жана заманбап цивилизация көйгөйлөрү........ 154

**28-тема.** Сирия, Ирак жана Түштүк-Батыш Азия мамлекеттери........ 158

**29-тема.** Латын Америкасында улуттук реформаторлук жана өнүгүүнүн башка жолдору ........ 163

**30-тема.** Африкада эгемендик, жакырчылык жана өнүгүү көйгөйлөрү ........ 167

**31-тема.** XX кылымдын экинчи жарымында илим-билим жана маданияттын өнүгүүсү........ 172

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дүйнө тарыхы 10 [Текст] : 10-класс үчүн окуу китеби / Ш. Эргашев [жана башк.].
-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022.-180 б.

ISBN 978-9943-8458-2-4

УДК 94(100)(075.3)
КВК 63.3(0)я72

***O'quv nashri***

# JAHON TARIXI

*Umumiy o'rta ta'lim*
*maktablarining 10-sinfi uchun darslik*

*(Qirg'iz tilida)*

***Которгон*** Айнура Зулпихорова
***Редактору*** Кайратбек Токтобаев
***Корректору*** Анваржон Зулпихаров
***Техникалык редактору*** Акмал Сулайманов
***Сүрөтчүсү*** Ойбек Абдусаматов
***Компьютерде беттеген-дизайнер*** Артур Нуруллаев

Басууга уруксат берилди 23.08.2022. Форматы 60x84 1/8.
«Arial» гарнитурасы. Кегли 12 шпондуу. Офсеттик ыкмада басылды.
Шарттуу басма табагы 20,93. Эсептик басма табагы 15,30.
Тиражы ______ нуска. Буйрутма № ____.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |
| 7 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, жылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу даражада оңдолгон. Ажыраган барактары кайра желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабасы жыртылган, бетине чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу даражада оңдолбогон. Барактары жыртылган, жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин кайра калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE